

# МУСА ЖАНГАЗИЕВ



МУСА ЖАНГАЗИЕВ

# БАЛА-МЕНИН ӨМҮРҮМ

ТАНДАЛГАН ЫРЛАР,
ПОЭМАЛАР, ЖОМОКТОР

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1980

84. 98 Ки7
Ж 27

*Тестиерлер жана өспүрүмдөр үчүн*

**Жангазиев Муса.**

**Ж 27** Бала — менин өмүрүм: Тандалган ырлар, поэмалар, жомоктор. Тестиерлер жана өспүрүмдөр үчүн. — Ф.: Мектеп, 1980—368 бет.

Белгилүү балдар акыны Муса Жангазиевдин бул китебине анын мурда жарыяланган тандамалуу ырлары, поэмалары жана жомоктору кирди.

**Ж** $\frac{70803-205}{М\ 452\ (17)-80}$ **211. 81. 4803010200**

**С(Кирг)2**
**ББК 84. 98 Ки7**

© «Мектеп» басмасы, 1980

## АЛТЫМЫШТАГЫ ПИОНЕР

Балдар, кумурсканын той бергенин көргөнсүңөрбү? Жазды жаздай, жайды жайлай, таңдан кечке тыным билбей аштык айдап, үй куруп, кыштын камын көрүп жүгүрүп жүргөн, жүгүрүп жүрүп, кылдай ичке буттары менен жерге камчы саптай из түшүрүп, кыйма-чийме жол салган кадимки кумурскалар бар эмесни; кызылы бар, карасы бар, кээде бири-бири менен кызыл кыргын түшүп урушуп атканын көрөсүң, ошол кумурска-дыйкандар күркүрөгөн күздө, бардык кам-чомун бүтүрүп, көңүлдөрү жайланып турган кезде өзү теңдүү жөрмөлөп жүргөн жамаатташ курдаш-жолдошторун, аларга бекерпоз-ийнелик, чиркейлерди, даяр аш десе эт бетинен кеткен чымындарды, көйрөң көпөлөкторду кошуп, баарын чакырып, той берет. Карасаң тойго кошумчам деп бир челек балын көтөрүп мээнеткеч аары келатканы, бир тутам гүл кармап шашпай учуп, калдыркан келатканы, «эки көнүп ойдум, каалашыңча тойгун» деп, килейген семиз жыланды кумурскаларга сүйрөтүп алып жаачы келатканы, кутурган иттин канын байкабай соруп алып, башы тегеренип, чалды-куйду ырдап, көрүнгөн куурайды бир сүзүп көгөн акең келатканы...

Той небак башталган, бака-шака. Чымындын жерге түшүп калган канатын көкбөрү тартып дуулдап, ойго бир түшүп, тоого бир чыгып, бир тобу жүрөт. Эми мындай чоң тойду көргөн бар, көрбөгөн бар.

Же болбосо таш доорунда болуп келген бала жөнүндө уктуңар беле? Эгер мунун баарын уга элек, коро элек, биле элек болсоңор анда, балдар, так ушу колуңардагы чоң китепти шашпай окуп чыккыла. Окуп чыгар алдында мен бул китепти жазган киши жөнүндө бир-эки ооз сөз айтып берейин, муну да окуп койгула.

Бул китепти жазган адам — Муса Жангазиев. Быйыл алтымышка чыгып олтурат. Чачы аппак. Кардай аппак. Силердей балдарга ыр, аңгеме, повесть, жомок, хор, очерк, сценарий жазам деп жүрүп чачы агарган киши. Өзү балдарды, балдарга арнап чыгарма жазганды, китеп чыгарганды жакшы көрөт.

Балдар үчүн ырлар жазам,
Китеп кылып чыгарам.
Алтымыштан ашсам дагы
Пионермин, кубанам! — деп ырдайт ал.

Кырк жылдан бери тынбай жазат. Чоңдорго арнап жазгандары да көп. Аларды кийинчерээк окуйсуңар. Баш-аягы элүүдөн ашык китеп жазды. Ушул элүү китепти ойдон чыгарып жазмак түгүл, жөн эле көчүрүп чык десе ыкшоо кишиге бир жылдык жумуш эмесни. Дагы да тынбай жазып жатат. Демек, бул агайыңар эмгекчил. Жазуучулардын арасында деле талантын пайдаланбай, кор кылып жүргөндөр аз эмес, алар чампалап жаза бергилери келбейт, ал эми бийик, улуу эмгек жазуу үчүн

кара жанды карч уруп, чымындай жанды чыркыратып иштеш керек да, ага жалкоолук кылышат. А Муса Жангазиев агайыңар эмгекчил. Азыр ал белгилүү акын, Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын секретары. Көп ордендери, медалдары, грамоталары бар. «Бала — менин өмүрүм» деген китеби үчүн 1972-жылы ага Кыргызстан Ленин комсомолу атындагы сыйлык берилген. Партия, өкмөт менен коомчулук Муса Жангазиев агайыңардын эмгегин ар убак жогору баалап, ар кандай кадырлуу сыйдан өксү кыла элек. Бул агайыңардын ырлары украин, азербайжан, өзбек, түркмөн, тажик, казак, эстон жана башка тилдерге которулган. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналып өткөрүлгөн Бүткүл союздук конкурста «Көгүлтүр Ысык-Көлүм» деген китеби биринчи даражадагы дипломго татыган. Мунун баарынан силердин кабарыңар бар болуш керек, окуйсуңар, угасыңар дегендей. Ал эми ушул агайыңар, ушул Муса Жангазиев деген атактуу агайыңар, силердей боз бала кезинде кандай күндү көргөнүн билесиңерби. Силерди, айланайын балдар, азыр тамак ич деп ичире албайбыз. А Муса агайыңар силердей жети-сегиз жашында бир сындырым нан таап, сууга малып жеп алса, ошо чоң майрам болгон. Азыр силерге муздак жерди жыңайлак баспагыла, бутуңарга бирдеме кийгиле деп канча айтабыз. А Муса агайыңардын буту а кезде ботинке деген өзү эмне экенин билген эмес. Жетим бала жашоо үчүн жанталашкан, жанын сактоону, алдуу-күчтүүдөн, ит-куштан коргоно билүүнү үйрөнгөн. Бир жолу кабанак ит менен кармаша кетип, итти желкеден бурдап туруп жулуп алганда, ит артын карабай качып бергени жөнүндө өзүнүн жазганы бар, окусаңар күлүп жатып жыгылып ка-

ласыңар («Ала-Тоо», № 9, 1978). Мына ошондой болгон. Алардын баарын силерге айтып берсе жомок. Ошентип кекиртектин айынан көрүнгөн жерде чуркап жүргөн бала 1929-жылы балдар үйүнө туш келген. Кийинген. Курсагы тойгон. Киши катарына кошулган. Совет бийлигинин улуу шарапатын көргөн, өкмөттүн камкордугуна алынган. Ошондон бери Муса Жангазиевдин атасы да — партия, Совет өкмөтү, энеси да — партия, Совет өкмөтү, таянар тоосу, жөлөнөр жөлөгү, оозундагы ыры — партия, Совет өкмөтү. Анан кантип «Айланайын, партия!» деп ыр жазбайт. Анан кантип «Жашасын Совет эли! Жашасын Советтик Ата-Мекен!» — деп ыр жазбайт. Анан кантип мөлтүрөгөн бөбөктөргө арнап ыр артынан ыр чуурутпайт. Себеп дегенде балалыктын кадырын бу киши жакшы түшүнүп олтурбайбы, меникиндей балалыкты азыркы балдарга бербесин, булар мен көргөн жетимдиктин азабын көрбөсүн деп, бүгүнкү жыргал замандын балдарына шаңдуу шайыр ырларды жазып, көңүлдөрүн өстүрсөм, бак-таалайына ураандаш, сүрөндөөш болсом деп жатпайбы. Мен муну балдар, Муса Жангазиев агайыңардын өмүрүнө байланыштуу силер да өткөн менен азыркынын баасын бир билип койгула деп айтып жатам.

Муса Жангазиевдин андан кийинки өмүрү кандай болду экен деп кызыккан балдар өтө көп, аны айта кетпесем аларды сыйлабастык болор. 1935-жылы Муса Жангазиев Пишпектеги балдар үйүнөн Гүлчөдөгү (Гүлчө Ош областынын Алай районунун борбору, аны билесиңер) балдар үйүнө которулат. Он жылдыкты ошерден бүтөт. Окуп жүргөн кезинен эле пионер, комсомол иши дегенде ичкен ашын жерге койгон бала болуп чоңоёт. 1941-жылы М. Жангазиев комсомолдун Гүлчө райондук коми-

тотунун биринчи секретары болуп шайланат. 1943-жылдан комсомолдун Ош областтык комитетине секретарь болуп иштейт. Кийин «Жаш Ленинчи» журналынын, «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору болуп көп жылдар бою иштеди. Демек, Муса Жангазиев каргадайынан пионерлердин, комсомол жаштардын арасында болуп, алардын турмушу менен аралаш жашап келатат. Кыскасы, балдарды жанынан артык көргөн, дайыма алардын арасында жүрүүнү, кеп-кеңешин айтып, жакшы жакка пускаганды сүйгөн адамдын бири ушу Муса Жангазиев агайыңар.

Ал эми Муса Жангазиев агайыбыздын чыгармачылыгы кандай бааланып келатат деп сурап калчулар да болор. А жөнүндө кеп мындай. Муса Жангазиевдин чыгарма жазып келатканына кырк жыл болуптур, ушул кырк жылдан бери ал биринен бири өткөн татынакай чыгармаларды шурудай тизип келатат деп кесе айтууга, албетте, баарыңар ыймандай таза жаш балдарсыңар, болбойт. Бир адабий кечеде Муса Жангазиев агайыңар студенттерге айткан экен: «Мына силер, дайыма эле беш албайсыңар, кээде төрт, кээде үч, кээде эки алган учуруңар да болот, жазуучулар деле ошондой, алардын ичинде деле бешке жазганы, төрткө жазганы, үчкө жазганы, кээде экиге жазып салгандары болот». Ушул туура. Бир учурда ошентип чыгармаларды төмөнкү баага жаза коём деп, Муса Жангазиев агайыңар сынчылардан жеме да уккан. Азыр акын «ошо сындардын пайдадан башка зыяны болгон жок» деп өзү айтат. Ал эми М. Жангазиевдин чыгармаларына берилген жакшы баа барбы дегенде мынабу пикирлерди көрсөтө кетүүбүз орундуу. Кепти биздин өлкөгө белгилүү адабиятчы Сергей Дароян баштасын: «Кыргызстанда балдар үчүн

жазган жазуучулар, мындайча айтканда, «таза» балдар жазуучулар согуштан кийинки жылдарда гана пайда болду. Алардын арасында Муса Жангазиев көрүнүктүү орунду ээлейт.

Муса Жангазиев балдардын ой-пикирин, кыял-жоругун кылдат баамдай билет. Ал балдар көргөн нерселерди балдардын өз сөздөрү менен таамай бере алат. Анын ырларында курчап турган турмуш кургак, куру кыйкырыктуу сөздөр менен эмес, жандуу, элестүү, балдарга жеткиликтүү тил менен берилет» («Советская Киргизия», 18-декабрь, 1955-жыл).

«М. Жангазиевдин мыкты чыгармалары күндөй жаркыган оптимизмдин нурларын чачыратып турат. М. Жангазиев — талanттуу лирик» (А. Брудный, «Литературный Киргизстан», № 3, 1958).

Ал эми филология илимдеринин доктору, профессор Евгений Озмитель минтип жазган:

«Кыргыз адабиятынын классиги Алыкул Осмонов сыяктуу эле Муса Жангазиев да көп учурда кыска, так, жөнөкөй, бирок жогорку көркөмдүктө жазат. Буга анын жаңы китебин ачып, биринчи эле ырды окур замат ишенесиң. Чындык жана реалдуулук акындын бүтүндөй чыгармачылыгына өзөк болуп турат».

Москвалык сынчы Владимир Александров болсо «Детская литература» журналына жазган макаласында (№ 12, 1978) М. Жангазиевдин «Бала — менин өмүрүм» аттуу поэмасын совет адабиятынын белгилүү окулдөрү Мустай Карим, Давид Кугультиновдун чыгармалары менен тең катар коюп баалаган.

Силер, балдар, мына ушу кишинин китебин колуңарга кармап турасыңар. Ырас, азыр силер китептин жаман, жакшысын ылгап биле элек курак-

тасыңар. Силерге бардык эле китеп бирдей деңгээлде жазылгандай туюлат, чекесинен алып окуй бересиңер. Китеп дүйнөсүнө кирген ар бир адам ушул жолду басып койбойт. Бара-бара китепке көз карашыңар, табитиңер өзгөрүлөт, талабыңар өсөт, тандап окуганга өтөсүңөр. Ошондо бала чагыңарга мыйыгыңардан жылмайып, а кездеги кылык жоруктарыңардын баарына кечирим берип, жогортон карап тургандай эле, жаш чакта окуган чыгармаларга да айкөлдүк менен мамиле жасап, жаманбы-жакшыбы, адабияттын зор дүйнөсүнө алгачкы тепкич болуп бергендигине ырахмат айтасыңар.

Эмесе бул китеп да силерди жөнөкөйдөн татаалга, жапыстан бийикке алпарчу тепкичтин бири болуп калсын.

А. ТОКТОГУЛОВ

# СОК ТЕМИРДИ, КЫЗУУ КЕЗИНДЕ

## СОК ТЕМИРДИ, КЫЗУУ КЕЗИНДЕ

Сок темирди, кызуу кезинде,
Эл айткан макал эсимде.
Ыр келип турса жаза бер,
Калбагын замандашыңдын
четинде.

Иште,
Эртең менен, түштө,
Күндүз,
Бешимде,
Түн киргенде,
Кечинде.
Жаз,
Жаза бер, ырыңды.
Сок темирди, кызуу кезинде!

Сок темирди, кызуу кезинде,
Отуң барда көзүңдө.
Жүрөгүң уруп турган кезинде,
Бироөнүкүн көчүрбө
Жаның барда төшүңдө.
Тагдырың таза,
Талант бар өзүңдө,

Жаз,
Жаза бер, ырыңды,
Сок темирди, кызуу кезинде!

Сок темирди, кызуу кезинде!
Акыл кошсун
Адамдарга сезимге,
Бак-таалай берсин
Ата-энесиз
Жалгыз калган жетимге,
Кубат болсун —
Согушта күйөөсү өлгөн жесирге.
Жаз.
Жаз, жаза бер ырыңды,
Сок темирди, кызуу кезинде!

## СЫНАЙМЫН

Мен ырымды сынаймын,
Бороон, чапкын шамалдан.
Гүл бакчалуу саймалуу —
Өмүрү узун адамдан.

Мен ырымды табамын,
Жашарып таң атканда.
Күлүп туруп улуу күн,
Күмүш нурун чачканда.

Мен ырымды издеймин
Миң дарыя шарынан.
Тааныш, жолдош, курбулар,
Адамдардын баарынан.

Мен ырымды табамын,
Кайгы, күлкү ичинен.

Түндө жатып уктасам,
Коргон кызык түшүмөн.

Мен ырымды издеймин
Басып жүргөн жолуман.
Көздөрүнөн кыздардын,
Назик чебер колунан.

Канына жууп жүрөктүн,
Суусун берип мүрөктүн.
Арасында сынаймын,
Жеңиш менен күрөштүн.

## ТАРЖЫМАЛЫМ

Мени эч ким өпкөн эмес,
Өппөй калган энекем.
Өппөй калган атам дагы,
Өппөй калган эжекем.

Бала чагым чамбыл ала
Кир бетимди ким өпсүн.
Сөзүмдү ук, мени кара
Жетим жүрүп ким көпсүн.

Оокат үчүн чөнтөк кесип,
Базарларда жүргөн чак.
Тырмак өсүп, чачым өсүп
Бычак тийген бетте так.

Кармап алды милиция агай
Алдына айдап жөнөдү.
Ойлономун корктум далай
Көз жашымды төгөбү?

Төгүлду жаш булак болуп,
Өпкөндө анын аялы.
Ким ыйлабайт, ким кубанбайт
Өпсө жетим баланы.

## КӨЗ НУРЛАРЫМ

Акырындап айланама карасам,
Толкундаймын жүрөк жалын-арашан.
Күндү туурап, күндөн аны үйрөнгөм
Көз нурларым жеткенинче таратам.

Көз нурларым тоого барып жабышты,
Токсон түркүн гүлдөр тосуп алышты.
Көпөлөктөр канатына сыйпашып
Гүлдөн-гүлгө үлпөт кылып жарышты.

Көз нурларым бир-бирине озунду,
Суттөй карга жуурулушуп кошулду.
Бийиктикке, көтөрүлүп чокуга
Улам алыс учу жоктой созулду.

Тоодон ылдый түздүктөргө тиктедим,
Келет менин кебелбестен иштегим.
Замандаштар «сен элүүгө чыктың» дейт,
Мен ишенбейм, чындыгында жүздөмүн.

Жок, мен жүздөн бала кезде ашкамын,
Эсептеп көр туура беш жүз жаштамын.
Көз нурларым көпчүлүккө баяндайт
Көп күч жумшап күндөлүккө жазганын.

«Торолгондо үйүм жыртык үй эле,
Шамал жүрсө титирөөчү тим эле.

Өз тарыхын, өз өлкөсүн билбеген
Алсыраган анда кыргыз ким эле?

Ой-максаты оокат эле, тар эле,
Жылт-жылт эткен тилектери бар эле.
Өз айлынан өмүрүндө чыкпаган
Өз чоң атам жүзгө чыккан кары эле.

Чоң атамдын ошондогу айтканы,
Көз нурларым карегине жазганы.
Окуп берем ой жүгүртүп угуп тур,
Эске салбай мен айткандан башканы».

— Жүзгө чыктым, бирок жүзүң курусун,
Өмүр бою айдаганым буурусун.
Күн жаабаса чыкпайт сепкен үрөнүң
Бул турмуштун муңга баткан кулусуң.

Элимде деп эч нерсени кыла албайм,
Тигил тоопун дарыясын бура албайм.
Же бул жакшы, же бул жаман киши деп,
Акылдуудан, акылсыздан сыналбайм.

Жүрө берем тирүүчүлүк эрмегим,
Шаар дегенди барбы, жокпу көрбөдүм.
Айылдаштар аксакал деп сыйлашат,
Ошол гана сый-сыпатым көргөнүм.

Жүзгө чыктым, жүз күнгө да татыбайт,
Короцгөсүз арпа жарма ачыбайт.
Эрибесе тоодо жаткан мөңгүлөр,
Арыктагы жылжыма суу ташыбайт.

Чоң атамдын айткандары эсимде,
Көптү көрдүң көз нурларым, сезимде.

Бүт дүйнөнү чарк айланып кыдырдым
Сүроттөрү байкасаңар көзүмдө.

Мен ыр жаздым, ал ырларым кубанды,
Кырк бир улут кызыгышып чыгарды.
Кырк миллион адам окуп кыргызды,
Кырк миллион адамдардан сыналды.

Кыргызымдын карап көрсөм картасын,
Көз нурларым, сүрөт кылып тартасың.
Кызыктырды көрүп жүрүп эл менен
Кызыл жүктү өз жонуңа артасың.

Кыргыз менен жеңиштерге мактанам,
Кылган ишиң тарых бети тактаган.
Аз болсо да үлүшүм бар менин да
Билгенимди өз үйүмө катпагам.

Өркүндөтүп өздөштүрүп билимди,
Техниканы ийик сымак чимирди.
Уюшулган улан-кыздын күчүнөн
Улуу тоолор этек-жеңин түрүндү.

Карап көрсөң калк жашаган айылды,
Кереметтүү көз нурларым жаңырды.
Ар бир үйдө майрам болуп жаткандай
Жазгым келет жаңы китеп, жаңы ырды.

Кыдырганда туулуп өскөн жергемди,
Мен бир күндө кыргызымдан көргөндү.
Көргөн эмес миң жылдары бабамдар
Кыргызыма кимдер бакыт бергенди.

Жеңиштерге төрөлгөндөн күбөмүн,
Мен советтик, коммунисттик бүлөмүн.

Бир жумада көргөндөрүм бир жылдык
Ошондуктан мен беш жүзгө чыктым деп,
Ырга кошуп, ырга жазып жүрөмүн.

Акырындап айланама карасам,
Коммунизмге элим менен баратам.
Көз нурларым жаңы доордун төрүндө
Келечегим турмуш тунук таразам.

## КУЧАКТАГЫМ, ӨПКҮМ КЕЛЕТ ӨЛКӨМДҮ

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Көз жүгүртүп көргөнүмдө картасын.
Ар бир шаарын, гүл оронгон айылын,
Ыр сыяктуу жүрөгүмө тартасың!

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Сүйгөн сындуу эне өзүнүн баласын.
Бүт дүйнөгө келечекти көрсөтүп,
Жол баштаган коммунисттер — агасың!

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Күн өпкөндөй күндө келип жер бетин.
Жеңиштерге командирлер ант берип,
Өбүшкөндөй кылкылдаган туу четин!

## КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кремлдин куранттары,
Жүрөк сымак кагылып,
Мезгил өтөт таза суудай
Учу жоктой агылып.
Мен олтурам

Ыр бешигин терметип,
Издеп күндө жаңылык.
Жаңы жылды,
Жаңы күндү
Бала энесин эңсегендей
Сагынып.

Гүл мекеним,
Улуу-кичүү,
Чоң майрамга камданып,
Ырлар чыгат,
Рифмалар
Жорго салып шаңданып.
Мен да акынмын,
Өз доорумдун
Куруучусу-кулуну,
Мен да толкуп кубанамын
Жеңиштерге таңданып!

Чулдурабайт кыз күлкүлүү,
Бала мүнөз булактар,
Кыз саамайы,
Муруттарда, сакалдарда
Бубактар!
Кыз мезгили,
Башкаларга кандайча
Ал мен үчүн
Ыр кешиктүү,
Ыр бешиктүү убактар!

Жаңы жылым эшик какпай,
Кошунамдай шак кирип.
Жашаргандай өмүрлөргө
Өркүндөгөн бак кирип.
Жаңы доорум,

Планетам
Гүл ачкандай жаңырар,
Жүрөгүмө,
Тилегиме шат кирип.
Күлүңдөсөң кара чачка
Кабар берип, ак кирип!

Кайгы менен картайбасын,
Кызгылт тарткан жүзүбүз,
Орто жолго токтобосун,
Биз баштаган ишибиз.
Көтөрүлүп көктү көздөй
Канат кагып учалык,
Марста калсын кадамыбыз,
Бадырайган изибиз!
Жаңы жылга,
Жакшы күздөй
Берекелүү камыбыз,
Шаттык менен күтүп алып,
Кучактайбыз баарыбыз.
Эмгек менен энчи алышкан
Замандашпыз, досторбуз.

Эмгек бизди эскиртпеген,
Курч болоттой жаңыбыз!
Жаңы жылда үй көбөйсүн,
Кыштагымда, калаамда.
Дан батпасын кампаларда,

Эгин эккен талаада.
Аман болсун уул тапкан,
Кызды тапкан энелер,
Аман болсун бешиктеги
Эмчек соргон бала да.

Аман болсун жер бетинде,
Тынчтык жолун ачкандар.
Ала-Тоодо жайы-кышы
Малын түгөл баккандар.
Аман болсун
Токтогулдун ГЭСин куруп
Жаткандар.
Достук отун алоолонтуп
Өчпөс кылып жаккандар!

Кел, жаңы жыл!
Кел, жаш бакыт, кана кел,
Жаңы, жакшы,
Ырдап жүктөп ала кел,
Күтөт сени гүл кучактап
Фрунзем,
Күтөт сени
Көп улуттуу тууган эл!

## СҮЙҮНӨМ

Ушул доордо төрөлгөнгө сүйүнөм,
Жыттагапга Ала-Тоонун гүлүнөн.
Кубатым бар, курчтугум бар, шыгым бар
Ырдап чыгам кызматыма үйүмөн.

Ушул кезде жашаганга кубанам,
Эмгегимдин аздыгына уялам.
Жер бетинде тилектештер көбөйөт
Бүтпөй калсам бүшүркөбөй улаган.

Ушул мезгил ленинизм тараган,
Аз болсо да мен да ишке жарагам.
Ата Журттун милдеттери мойнумда
Ар күнүмдө аткарууну самаган.

## ЛЕНИН

Бак берген, билим берген, турмуш берген,
Өлкөмө күйүп турган жылдыз берген.
Ильичке, Жолбашчыга, Атабызга
Алкыш,
Даңк,
    Эмгекчиден
Бүткүл элден!

Өмүргө өлбөс кылып өнөр берген,
Тоскоолдорду томкоруп жеңип келген.
Ленинге, генийге, улуу адамга
Алкыш,
Даңк,
    Эмгекчиден
Бүткүл элден!
Кыргызга кыйла улут колун берген,
Достукка, ынтымакка көңүл бөлгөн.
Маркстын жолун чапкан Ленинге
Алкыш,
Даңк,
    Эмгекчиден,
Бүткүл элден!

## ОКТЯБРДЫН ЖЫЛДЫЗЫ

Качан барсам Москвага
Жылдыз күйөт, өчпөс жылдыз,
Кызыл жылдыз көрүнөт,
Ай-ааламга шоола себет,
Кремлден-Лениңден
Бардык жерге салам айтат,
Бардык элге салам берет,

Ушул жерден гүлү жайнап,
Мөмө байлап
Барыкталып бакыт өнөт.
Жылдыз жанат алоолонот,
Катмарланып кар жааганга карабайт,
«Авроранын» жарыгындай
Нурун чачат, ачык колу, аябайт.
Ал нурлардан тынчтык тарайт,
Жециш толо
Жер адамды жыргатып,
Жаштык келет карыяларга,
Ырлар келет акындарды ырдатып.
Достук мында
Тунуктугу таш күзгүдой-булактай
Бирин-бири урматташып сыйлашып.
Таң алдында жылдыз өчпөйт,
Күрөш күчтүү
Октябрде жаралган,
Маркс менен Лениндеп тутанган
Акыл алган,
Күч-кубаттуу
Партиядан — адамдан.
Бүткүл элдин ишеничи —
Кызыл жылдыз,
Лениндин идеясын актаган.
Кремлде
Кызыл жылдыз
Планетам жактаган.
Кызыл жылдыз бизден күйдү,
Бизде турат жаркырап,
Күйө берет
Бакты берип миллиондогон элдерге.
Кызыл жылдыз —
Орок-балка,
Бак-таалайым шаттанам'

## КЫРГЫЗЫМА КАРЫЗМЫН

Жоо да жүрдүм, атка миндим,
Кыргыз жерин кыдырдым.
Элде болуп эмгегинен —
Ыргагып таптым ырымдын.

Ысык-Көлдү сүзүп чыктым,
Кайык минип жарыштым.
Жаза элекмин ойлогонду
Кыргызыма карызмын.

Алыскы Алай, Гүлчө жакты,
Сарташ, Мады тарапты.
Сону-Коргон, Кызыл-Кыя
Сонуркатып каратты.

Базар-Коргон, Кок-Жаңгакты,
Ырга кошо элекмин.
Жаңы сайган бак ичинде
Бүрдөп жаткан терекмин.

Ашып өттүм Долон менен,
Бардым бактуу Нарынга.
Араладым тааныш болдум
Соң-Көлдөгү айылга.

Манас жүргөн кең Таластын
Жазып жатам өрөөнүн.
«Суусамырды» бүтүргөндө
Малчыларга белегим.

Кыргыз жери — менин жерим,
Кыргыз элим — жүрөгүм,
Кыргыз эли келечегим,
Кыргыз эли тилегим.

Ысык-Көлдү сүзүп чыктым,
Кайык менен жарыштым.
Жаза элекмин дагы көптү,
Кыргызыма карызмын.

## КӨК ЖАЙЫК

Көрдүң беле Көк-Жайыктын гүлдөрүн,
Гүл төрлөрдүн жымыңдашып күлгөнүн.
Жуттуң беле канганыңча булактан
Беттен сылап жаткан сымак сүйгөнүң.

Бастың беле бетегесин аралап,
Жел желписе сулуу кыздай таранат.
Мени тер деп колун сунуп тургансыйт
Шагы ийилип мөлтүрөгөн карагат.

Көк-Жайыктын көк майданы колдолоң,
Мындай кооз башка жерден көрбөгөм.
Жер бетинде эң бактылуу элби дейм
Мекен кылып ушул тоону жердеген!

## КЕРЕМЕТТИ ЖАРАТТЫ

Кадамжайдын туу белинде баратып,
Көрүп калдым улуу күндүн батканын.
Кечки нурлар кереметти жаратып
Кең асманга кызыл тууну такканын.

Кадимки эле майрамдагы кызыл туу,
Желбиреди. Кызыл булут жайылды.
Кайраттанып капчыгайдан аккан суу
Нурга оронуп кубаты артып жаңырды!

## ЫСЫК-КӨЛДҮН БОЁГУ

Ысык-Көлдүн боёгу табыйгаттан,
Кээде сүттөй, кар жаагандай агарып,
Кээде көпкөк, кээде киргил,
Мала кызыл күн батаарда тарапып.

Ысык-Көлдүн боёгу Ала-Тоодон,
Күзгү болуп, токой, тоолор көрүнүп.
Таңыркаймын кайсы убакта барсам да
Боёгуна туткун болом жеңилип.

Ысык-Көлдүн боёгу көк асмандан,
Булут сүзүп, күн нурларын жамынып.
Түбүндөгү түркүн түстүү таштары
Алган сымак акак-шуру тагынып.

Түн киргенде жылдыздарды кириптип,
Айды жууган жерде жатып сүйүнтүп.
Ысык-Көлдү койгон өңдүү кээ кезде,
Жасалгалап сулуу кызды кийинтип.

Таң атаарда саргыч тартып жылмайып,
Күн нурунан белек алып сыйланып.
Боёгуна боёк кошуп чөмүлүп
Кайра жаңы төрөлгөндөй жыргадык.

## ЖАРЫК

Кремлдин жылдызынан нур жанып,
Карай берем калганымда мен барып.
Ошол нурдан көз алдыма көрүнөт
Ата Журтум, Улуу Октябрь, бүт тарых.
Жер бетинде күн сыяктуу күчү бар
Ар бир үйгө шоола чачып бул жарык.

Москвадан бардык жолдор кошулуп,
Жаткан өңдүү туш-тарапка созулуп.
Узун жолдун, келечектин марасы
Жеңиштерден жеңиштерге озунуп.
Өткөп жолум жарым кылым жаркырап
Улуу майрам урматталып тосулуп.

Ишке ашырып партиянын талабын,
Кремлден жер жүзүнө карадым.
Издегенди бүткүл дүйнө күткөндү
Кызыл Аянт кылаасынан табамын.
Аткарылган чындык, тынчтык акыйкат
Алпурушуп ырды жазган каламым.

Борборумда жаным, дилим, жүрөгүм,
Кремлдин куранттарын сүйөмүн.
Улуу Ильичтин багыттарын изилдеп
Үйрөнөмүн, өздөштүрөм, билемин.
Сагынганда акылманды, атамды
Кремлге өз үйүмдөй киремин.

Ал анткени улуу Ленин жанымда,
Кремлде гүлдөп турган багында.
Күндө иштеп албан ишин көрсөтөт
Жер бетинде шаарларга, айылга.
Иштеп жатат мезгил сымак токтобойт
Лениндин идеясы канымда.

Кремлдин жылдызынан нур жанып,
Эркиндикке, бонтондукка гүл тагып.
Тынчтык өмүр өз эмгегин эсептеп
Тамырларга таза тунук суу агып.
Жер бетине жылдыз болуп көрүнүп,
Жер бетине нурун чачкан бул жарык!

## МЕН БОЛОТ ЭРИТТИМ МАРТЕНДЕ

Мартен печи,
Бороондой боздойт,
Чагылгандын огуна окшойт,
Жаткандай темир бышып,
Көмүр бышып,
Жанына бара албагандай ысык!
Жөнөкөй ысык эмес
Мен да,
    Сен да
Түшүнбөгөн ысык!
Китептен окуп коро элек кызык,
Туунун оңундой
Кылкылдайт,
        Жылтылдайт,
Кызыл сызык!
Кеттим ысып!
Ала албайм сузуп,
        Бузуп,
Болот эрип суудай акты,
        Жалын акты.
Салтанаттуу, жеңиштүү,
Жай айындай жакшы,
От акты шыркырап,
Таш эзилди быркырап.
Кыпындар чачырап,
        Мартен печи качырап.
Тили жок унчугат,
Жалынга тумчугат!
Үн чыгат,
Күн өзү таң калгандай,
Чагылганды кармап алгандай,
Мухитке миллион пуд
Акиташты салгандай.

Болот!
Өз колум менен болот эриттим,
Болот!
Жалындап өткөн,
Парад кабыл алгандай.
Курч болот!
Кызыл алоо
Ырларым арасына кирип кетти,
Көрүнбөй көзгө сиңип кетти.
Рифмалар шыркырап,
Болот менен жарышат дыркырап.
Ыр жаздым,
Болоттун күчү мага сезилип,
Таманым жешилип,
Эриндерим туурулуп,
Кесилип,
Бараткандай,
Жарашкандай
Ала-Тоону космоско көчүрүп
Ырларым болоттун
Жүрөгүнө чапталып.
Отко,
Алты жүз градус отко какталып!
Дос таптым курч болоттон,
Планетама үнүмдүн бардыгынча
Кыйкырдым мактанып:
— Мен бүгүн болот эриттим,
Кетти металл ыр менен жуурулуп
Баш ийди ырыма кубулуп,
Таңданып көз артышты
Караштым,
Жүз казан баш роботтор бурулуп,
Ыр менен жүрөгүмдү аралаштырдым,
Ташкындап жаткан металлдын арасына.
Угулуп турсун деп

Үн кошуп,
    Обон созуп,
    Иштегенде
Адам,
Адам баласына!

## ЭСИМЕ ТҮШТҮ

Менин эсиме түштү,
Согуштун оор жылдары.
Таңдайым катып,
Тамчы суу жок кургады.
Оң бутума ок тийгенби
Кара кочкул кан агат,
Тынбады,
Кыштын суугу
Жардамын да кылбады.
Бороон боздоп,
Аяз кошо ыйлады.
Оң бутумдун манжалары
Кычышкансыйт, ачышкансыйт.
Бар го дедим
Манжалардын сынганы.
Көтөрө албайм
Оң бутумду, кыйнады.
Сыйпаласам колум менен
Үзүлүптүр тиземден
Кармалаймын, кайсалаймын
Жок бутума ишенбейм.
Жалгыз жатам, түн караңгы
Ай, жылдыздар көрүнбөйт,
Октор учат, көктө сызат,
Кимге тийсе өлүм дейт.
Чымырайт денем,

Суук кучойт, ышкырат.
Качкан сымак денемден,
Куч-кубат:
Жата бердим, жыла албадым,
Бир жерден,
Таң атат да
Таарынгансып күп чыгат,
Октор, оттор
Снаряддар атылды,
Учкан чымчык корголоду
Мени көздөй шашылды.
Койнума кирди
Дем бергенсип жашынды...
Менин оюма түштү,
Согуштун оор жылдары,
Болсун тынчтык түбөлүк
Адамзаттын,—
Майрам шаттыгы
Жашай берсин гүлү онүп!

## ГҮЛДӨРДҮН КОНЦЕРТИ

Аркайган тоо,
Тунук булак, каткырып күлөт.
Кулагым угат,
Көпөлөктөр канаттарын каккылайт,
Гүлгө конуп,
Аарылар ширесин шимирет,
Тоюп алып
Уюгун көздой чапкылайт.
Уюгу оп тартып алат
Гүлдөр кубанып калат
Сүйүнүп.
Жалбырттаган оттой жанат,

Мындайды жолдошум көргөн жок
Мен көрдүм,
Уктум.
Желдин жардамы менен музыка уктум,
Гүлдөрдүн музыкасын,
Күн бою тыңшап чыктым.
Нотага ирети менен жазылбагандай,
Жомокто да айтылбагандай,
Гүлдөрдүн концертин,
Табийгаттын табылгыс сахнасынан
көрдүм,
Табийгаттын тамырына,
Жүрөгүнө,
Акылына,
Асылына
Үстөмдүк кылсам,
Гүлдөрдүн концертин сен дагы,
Угуп турсаң,
Ошондо түшүнөт элең,
Ырларын акындын
Теңештирип эмгегин,
Эрдигине,
Баатырдын.
Гүлдөрдүн концерти
Жүрөктүн кылдарын чертти.
Кубанып шиберлер
Көз жашын төктү,
Тазалап чаңды,
Өткүн жаап өттү,
Каркыра, турна канаттарын
Алакандай чапкылап
Концерт угуп
Коштошуп
Учуп кетти.

## АКЫН МЕНЕН ЖАЗ

Эрте келди быйыл жаз,
Эрте турган акындай,
Жамгыр жаады, гүлдөп тал,
Өстү терек жашынбай.
Акын, жаз экөө мелдешти,
Келишим түзгөн баатырдай.

Акын жазды баракка
Айтпай бизге сырларын,
Жаз жазды жерге, даракка
Гүлгө айлантып чымдарын,
Көк шиберге бөлөдү
Көтөрүлгөн дыңдарын,

Көз жүргүртүп карап көр
Көгүлтүр жаздын кылганы
Согуп алды килемин
Күндүн алып нурларын,
Жер бетинен окуй бер,
Жаздын жазган ырларын.

Буудай өстү буралып,
Буурчак чачык чыгарып,
Көтөрүлдү жүгөрү,
Бир-бирине кыналып.
Төктү гүлүн алма-өрүк
Түйүлгөнгө кубанып,
Күрпөң беде күүлөнүп,
Сугаргандан чыцалып.
Иштей берди улуу жаз,
Ырын жерге чыгарып.
Акын эмне жазды экен
Акыйкаттан уялык,
Окуп бербей жазганын,
Кетип калды уялып.

## МИЯЗДЫ

Бала кезде сага сундум колумду,
Сенден издеп келечекте жолумду.
Айткым келди кырк жыл өттү арадан
Эч бирөөгө билдирбеген оюмду.

Боз үйлөр бар, кээде алачык,
Өз энчимди Мияздыдан талашып.
Тентектерден чогултулган жетимбиз
Көргөн адам аяп бизди, жаны ачып.

Жол боюнда балдар үйү жалгыз там,
Тентектерге күнү-түнү көрүп кам.
Жалгыз үйдө жалаң балдар жашашат
Түн киргенде киргилденип күйөт шам.

Кезек менен куурай, тезек теребиз,
Кырк кою бар тоого жайып келебиз.
Тартип жагын талашпа да, сураба
Аны билет балдар үйү — энебиз.

Он алтыбыз Фрунзеден барганбыз,
Шаарлыктарды жүдөткөн биз балдарбыз.
Чөнтөк кесип кумар ойноп кубанып
Кокусунан колго түшүп калганбыз.

Төрт тарабым жол бекиткен кара тоо,
Кайда качып кутуласың келсе жоо.
Биздин билген, биздин кылган иштерди
Күндө көргөн батышымда бийик зоо.

Тартип бузсак энчибизди алчубуз,
Отун жыйнап токой жакка барчубуз.
Бир күн кечке тамак бербей койгондо
Тартип бузбай момун болуп калчубуз.

Керек болсо ишке даяр турганбыз,
Мияздынын ун, талканын жыйганбыз.
Сурабастан сүтүн ичип, каймак жеп
Отун үчүн тал, терегин кыйганбыз.

Бүлдүргөнбүз кээде болуп таламай,
Кызыкканбыз бул адаттан жадабай.
Топтоп койду тентектерди бир жерге
Кээ күндөрү бирин-бири сабамай.

Тарбиячы мугалимдер сынаган,
Чаң-тополоң ишибизге чыдаган.
Бирлегешип биз баштаган азаптан
Далай адам кызматынан кулаган.

Турмуш сырын ойдо-ылдыйын билбегем,
Өзүм орой, көрүнгөндү тилдегем.
Ойдо жокту ойлобостон баштагам
Бир күн дагы адам сындуу жүрбөгөм.

Мына ушинтип өскөн биздин балалык,
Акыл кирди, тентектиктен жададык.
Кийинчерээк тартип бузган балдарды
Бирлегешип биз билгизбей сабадык.

Билим алдык, окуу үчүн күрөштүк,
Тартип бузса чогулушта жүдөттүк.
Ал турмушту башыбыздан өткөрүп,
Сексен бала Мияздыда бир өстүк.

Акыл кирди, келечекти карадык,
Өнөр билип туш-тарапка тарадык.
Бойго жеттик, адамдарга кошулуп,
Бизди окуткан агайларды аядык.

Билбегенбиз сыйлаганды, уятты,
Бизди өстүрүп киши кылган Мияздьг.
Ошол кезден, тентек кезден алганбыз
Ушул кезде эмгектенген кубатты.

Эске түшсө бала кезим күлөмүн,
Орундаткан жетимдердин тилегин.
Өз өлкөмө, партияма ракмат
Ата-энемдей Ата Журтту сүйөмүн!

## ЖАЗЧУ ЫРЛАРЫМ

Май келгенде кыргыз тоосу кубанат,
Күлкү ташып гүл кучактап сыланат.
Үнүн кошуп көздой тунук булактар
Жаркын майдын жаңы доору уланат.
Сулуулуктун жыргалына чыдабай
Каркыралар учуп өтүп сый алат.
Бул мезгилде ырлар издеп ыкчамдап
Барам чыгып бийиктикке кыялап,
Таш түбүндө, карагаттын учунда
Жаткан өңдүү жазчу ырларым уялап.

## КЕЧ АЛДЫНДА

Карап турам талаа бетин,
Жыламыштын алтын кечин.
Кырмызыдай ала булут
Ээлеп алган асман четин.

Шашпай учуп келди дамбыз,
Күткөн аны жыпар жалбыз.
Көктө турат чекит болуп
Сайрай берди торгой жалгыз.

Жылтыр шыбак желге көнүп,
Жыпар жытын бизге төгүп.
Күн жартысы уясында
Эң акыркы нурун бөлүп.

Кырмызыдай булут көчүп,
Кеч киргенин аалам сезип.
Жымыңдады алтын казык
Жыргалымдай көйнөк чечип.

## ТАЛАШКАНГА БЕРБЕДИМ

Бала кезден багбанмын,
Гүлдөн үйдү салганмын.
Өмүр берип жемишке
Өрнөк болуп көп ишке,
Өзүмө окшош балдарым.

Жигит кезден мурапмын,
Далай сууну бурапмын.
Бакчаны арбын айдатып
Дарбыз-коонду сугарттым.

Дыңды бузуп айдадым,
Септим үрөн жайпадың.
Буудай чыкты буралып
Көбөйтүп күздө салмагын.

Талаага кетпей эмгегим
Талыкпай иштеп тердедим.
Элге арнадым сыйымды
Намыс деген кыйынды
Талашканга бербедим.

## АТА БОЛ

Табыйгаттын сулуулугу
Майрам сымак көзүмө.
Табыйгаттын улуулугу
Кубат берет сөзүмө.

Жаз жандуунун тилегиндей,
Жайнап баары тирилет.
Чебер уздун килеминдей
Жерге кеште тигилет.

Эмгек кылсам көңүлдүүмүн,
Сиңет жеген тамагым.
Эмгек менен өмүрдүүмүн
Токтобостой каламын.

Жазга окшош бол жаның барда,
Жакшы ишиңден тайбагын.
Берешен бол малың барда
Белгилесин балдарың.

Табыйгаттан үйрөн күндө
Табыйгаттай таза бол.
Сыймыктанып улуу күнгө
Сындан өткөн ата бол.

## ЭНЕ КОЛУ, ЭНЕ ЖОЛУ

Көтөрүлгөн оң колу
Көтөрүлгөн асманга.
— Уккула,— деп сүйлөйт эне
Жыйындагы жаштарга:

— Менин колум эмнелерди көрбөдү,
Силерге деп эмнелерди тербеди.
Бешигиңе бөлөп, жыттап жаткырып,
Бала болгон өмүр бою эрмеги.

Анда жаштар күлүп койду,
Көңүл бурбай карабай.
Эне сүйлөйт, эне күлөт
Келген сөзду аябай:

— Менин колум маңдайыңдан сылаган,
Таптап сени азабыңа чыдаган.
Түпкү атаңдан ушул күнгө жеткирип
Өмүрлөргө өмүрлөрду улаган.

Орсок тиштүү четиндеги
Кабак чытып карады.
Бука моюн, булчуң чоюп
Тармал чачын тарады.

— Алаясың эмне мынча бок курсак,
Балдар үйлөп тээп жүргөн топ курсак.
Акылыңдын баарын катып алганбы
Абайлагын жарылбасын шок курсак.

Атырылды түгү чыгып,
Жеп жиберчү эмедей.
Эне турду күлүп гана
Чыпалакка теңебей.

Атырылды бирок колу жетпеди,
Балбан колдор артын көздөй байланды.
Он беш күнү даараткана тазалап
Он беш күнгө күнөөсу үчүн айдалды.

Көтөрүлгөн эне колу,
Көтөрүлгөн асманда.
Уккула деп сүйлөйт эне
Жыйындагы жаштарга.

— Менин колум эмнелерди кылбады,
Балага деп эмнелерди жыйбады.
Чаң тополоң кан төгүлгөн согушта
Бала эмизип, ок атышып тынбады.

Эне колун, эне жолун,
Түшүн, түшүн, билип ал.
Айта турган менин оюм
Ар бириңер кулак сал.

Эне колу, эне жолу ыйык, ыйык,
Таза күндүн көзүнөн, так өзүнөн.
Планетам эненин жүрөгүнө сыйып
Таалим алдык эмгегинен, сөзүнөн.

## КЫЗЫЛ КЫРМАН

Кызыл буудай сапырып,
Кыздар жүрөт кырманда.
Саманга коон жашырып,
Жыты келсе жыргал да.

Буудай өңдүү уландар,
Күнү-түнү кырманда.
Аткарылып пландар
Алкыш алсаң жыргал да.

Кызыл кире — кызылдан
Күз бийлиги кырманда.

Дарбыз менен жапкан нан
Бул өзүнчө жыргалда.

Оюн курса жигиттер,
Айлуу түндө кырманда.
Кызды сүйүп акса тер,
Кызык, тапкыс жыргал да.

## ДОЛОНДОГУ АК БОЗ ҮЙ

Көз алдыма элестеди Көк-Жайык,
Ак булуттар сүзгөн сындуу жел кайык.
Машинаны оңго буруп токтоттук
Ак боз үйгө салам айтып биз барып.

Күн да батты жалын болуп кызарып,
Көлөкөлөр көккө тийип узарып.
Жаткан өңдүү жаратылыш өзүнчө
Көрүк басып, күчүп сынап узанып.

Көчүп барат көктө булут жыйылып,
Жердин бети жылдыздарга сыйынып.
Жарты табак ай көрүндү ааламга
Ошол замат ойнок нуру куюлуп.

Оту күйүп кызыл арча жыттанып,
Карагандай капчыгайга суктанып.
Кулак тунган машинанын моторун
Биз унуттук бул Долондон укпадык.

Үйдүн ичи ырга толду тамаша,
Келин жигит, кымыз сунат жанаша.
Коломтодо жалын жанат жалбырттап
Бир калыпта өлчөгөндөй тараза.

Жабык башы оймо-чийме саймалуу,
Керегеге келишкен уук байлануу.
Чамгарактап бизге көзүн ирмешет
Толгон жылдыз болбос анда алдануу.

Ала бакан ак арчадан таптырган,
Күмүш кадап, жибек боодон тактырган.
Желпинген жел эркелетет баладай
Долонону жалбырагын шаштырган.

Башкарма москоол жигит Абдырайым,
Меймапга күн мурунтан баары дайын.
Сөз сүйлөп куттуктады акындарды
Колхоздун пйгилигин айтып жайын;

— Асмандын коңшусу ушул биздин Долон
Ырдай бер акын достор гүлгө орон.
Долонду ашып өткөн из жок эле
Даңгыр жол машиналар курсант болом.

Күчүбүз ай, жылдын арасында,
Билбеген биздин тоону карасын да.
Картайбас жаш жигиттин өмүрүндөй
Арчага бир таң калып аласың да.

Караңгы асман толгон миң сан жылдыз,
Көз ирмеп күлгөн окшоп тоолук бир кыз.
Мекендеп ушул жерди өмүр бою
Өзүнө тууган кылган кенен кыргыз.

Ак боз үй тигилген жер тоонун башы,
Билбеймин бул Долондун канча жашы.
Күчөгөн күрөштөрдү көргөн чыгаар
Жеңишти, өчкөн отту, аккан жашты.

Жүк арткан төө жыгылып, өгүз өлгөн,
Жолу жок Долон жаткан болбой шерик.
Жаштык кез жыргал дагы болгон чыгаар
Кыз-келин жайлоосунун гүлүн терип.

Кубоосу өткөн доордун ушул боз үй,
Эл үчүн өткө да күй, чокко да күй.
Ал кезде ак боз үйгө байлар жатчу
Кедейде сайма алачык, калкалап чий.

Мына эми ак боз үйдө колхозчу абам,
Ээси экен жүз баш үйдүн Дөөлөт чабан.
Ичине, коолдугуна, сайымаларга
Суктанып толкундаймын көздү салам.

Оюлуп оймо чийме жабык башы,
Ашкана чырмалган чий, тамак, ашы,
Белбоосу чебер уздун колунанбы
Келгендей ушул үйгө кыргыз жазы.

Шырдакты шырыганын көр төргө жайып,
Олтурам аны тепсеп болбойт айып.
Үстүндө күрпөң козу терисинен
Коюптур көлдөлөңдөн катар салып.

Керегеде илинген сайма текче,
Кыздардын чебердигин салат эске.
Ичинде упа, эндик, атыр самын
Кубандым жигиттерден белек десе.

Термеси тең тайлашкан коолдугу,
Жүгөнү, күмүш чапкан оолдугу.
Ээр токум, булгаарыдан сайма тердик
Куюшкан, көмөлдүрүк көрдүм муну.

Үй ичи так ушундай жасалыптыр,
Ак боз үй келин сымак жашарыптыр.
Ким барса конок болуп бул айылга
Ак боз үй кыскалдактай жасаныптыр.

Заматта ак боз үйдү чечет экен,
Кааласаң жайлоого да көчөт экен.
Айылда ушул сонун ак өргөнү
Колхоздун конок үйү дешет экен.

## СЫЙМЫК

Төрөлгөндөн бул жер киндик энебиз,
Суусун ичип, жемиштерин теребиз.
Тер агызып, ак эмгектин тузунан
Өмүр бою кубат алып келебиз

Ал — жердин бизге сыйлыгы,
Адамдар менен сыймыгы!

Бапестеген партия оз энебиз,
Илим гүлүн эркибизче теребиз.
Коммунизм, эл эрки үчүн күрөшкөн,—
Лениндеп сабак алып келебиз.

Бак-таалай берген сыйлыгы,
Партия элдин сыймыгы!

## ПАРТИЯМ

Жеңиш менен күрөштүн
Күндөрүндө туулган.
Эмгек менен тынчтыктын

Ширесине жуулган —
        Ленин түзгөн партиям.
Бирдик менен достуктун
Соолбой турган гүлүнөн,
Жыргал менен билимдин
Батпай турган күнүнөн —
        Жаралган менин партиям.
Акыл менен максаттын,
Тирегисиң, үнүсүң,
Өмүрүнө сактаган
Өлбөс элдин сүйүүсүн —
        Ленин түзгөн партиям.
Өмүрү болуп элимдин,
Жол баштаган ардагы.
Космосту баш ийдирди,
Желбиреп айда байрагы —
        Ленин түзгөн партиям.

## ОШ

Сулайман тоо боюн керип чиренип,
Белек болуп биздин Ошко түбөлүк.
Кароолчудай айланага көз салат,
Ак-Бууранын жаракөрдөй имерип.

Таң аткандан күндү тартып өзүнө,
Кулак салып Ак-Бууранын сөзүнө.
Жакынындай мезгил менен жарышат,
Орден тагып алган жарык төшүнө.

Ар кыл гүлдөн ала чапан жамынып,
Жаткан өңдүү келечекке камынып.
Бир кездерде «так Сулайман» дээр эле,
Самсып келген дубаналар ак уруп.

Ошол тоонун этегинде Ош күлөт,
Бараткандай алга кыргыз эле сүрөп.
Эски Оштун эч нерсеси көрүнбөйт,
Жаадырантыр жашылданып кут түнөп.

Чаап алам деп Кудаяркан келген шаар
Басмачынын баш кесээрин көргөн шаар.
Ушул кезде кездеменин миң түрүн
Жибек, шайы, атласты берген шаар.

Ак пахтаны Ала-Тоодой жыйган шаар,
Асемделген жаңы үйлөрдү курган шаар.
Келин-кызы Айчүрөктөй керилип,
Азыркынын Сейтектери турган шаар.

Жаз башында өрүк гүлдөп турганда,
Күз келгенде шабдаалыны жыйганда.
Көбүк чачып көтөрүлсө Ак-Буура,
Көрүп калсаң ошондо бир жыргал да.

Жай келгенде дасторконун жайганда,
Анделектер күндөй күчөп калганда.
Ар көчөдө алча турса кызарып,
Көргөн дагы, көрбөгөн да арманда.

Көп жашаган, көптү көргөн Ошубуз,
Жалал-Абад, Кызыл-Кыя досубуз.
Көркүн ачкан, көп кесиптин булагы,
Жеңиштерге жеңиштерди кошуңуз.

## КЫЗЫЛ-КЫЯ

*(Төрөбай Кулатовго)*

Жакшы көргөн ысык күндүн аптабын,
Ачып берип таш көмүрдүн капкагын.
Аралап көр көчөлөрүн шаарымдын,
Бир айлансам бүтөтко деп шашпагын.

Адыр тоолуу түштүк жагын карасаң,
Булак толгон бузулбаган арашан.
Каска кийип кайло алган колуна,
Жигит менен бирге басып бартам.

— Атам анда он сегизде жаш болгон,
Ушул жерде комсомолго баш болгон.
Кызыл Тууну эң биринчи көтөргөн,
Ушул шаардын көчөсүнө ат койгон.

Күйгүзүшкөн Мекенимдин жарыгын,
Кошо түзгөн большевиктер тарыхын.
Ушул турган эстелиги атамдын,
Окусаңыз так билесиз анығын.

Шахтер жигит тааныштырып Мекенин,
Жатка билген көп иштердин эсебин.
Жолубуздан бир топ жаштар жолукту,
Ошолорго бурду сөздүн кезегин.

— Кайло менен казган жердин катмарын,
Көрдүңүзбү жер астына шашканын.
Бир сменде миң тоннадан бербесе,
Чыкпай коёт Абдылдаев Акбарым.

Ал бул болсо Шералиев Осмонбек,
Убадасы кур талаага кетпейт тек.

Беш жылдыкты үч жыл өтпөй бүтүрдү,
Күлчородой күлкүсү көп, сөзгө бек.

Бул кыз болсо комсомолдун катчысы,
Осмонбектин учётчиги — жазгычы.
Биздин шаарда канча ыр болсо өшончо,
Ушул кыздын жүрөгүндө ачкычы.

Жакшы көргөн ысык күндүн аптабын,
Ачып койгон таш көмүрдүн капкагын.
Кызыл-Кыя көмүр шаарым, ыр шаарым,
Көмүр жагып, көп ырларын жаттадым.

## ОШТУН ЖАЗЫ

Кызыл жоолук, ашак жоолук салынган,
Жагалданып жашыл мончок тагынган,
Оромпой тээп ойноп, күлүп жаз келет
Күн нур чачкан чыгыш жактан, алдырдан.
Оштун жазы жылуулугу келиндей
Сулуулугу Ак-Буурадан алынган.

Оштун жазы келди бактын ичине,
Кирген кези азаматтай күчүнө.
Карап көрчү кылган анын ишине
Таалай тогуп талаа, тоонун жүзүнө.
Гүл жайнатты басып кеткен изиме,
Күндө кирет сагынгандай сүйгөндү
Оштун жазы уктаганда түшүмө.

Сулайман тоо ала чапан кийинди,
Балдар ойноп тоо боорунда жүгүрдү,
Секелек кыз байчечекей таап алып,
Жаңы окууга өткөн сымак сүйүндү.

Кызыл, тазыл, аппак, сары, көк ала
Бүчүр байлап, толгоп жемиш түйүлдү.
Кар жаагандай түш тарабым тыбыттай
Өрүк, алма силкинди да күбүндү.
Оштун жазы берекенин жазы экен
Жай келгенде, күз келгенде билинди.

**ЖАШТЫК**

Жаштык кыздын өңүндөй,
Сулуу жайлоо төрүндөй.
Кетип калды бир паста
Кеккеткенсип көрүнбөй.

Жаштык булбул үнүндөй
Жаш бөбөктүн тилиндей.
Кайда качып жок болдуң
Какым-кукум гүлүндөй.

Жаштык суунун шарындай,
Гүл бакчалуу багымдай.
Жоготкондой нйнени
Издесем да табылбай.

Жаштык сүйкүм энемдей,
Жакшынакай эжемдей.
Таба албадым, таппадым
Кеткен экен кенебей.

Жаштыгымды көрдүм мен
Кыздар катып алыптыр.
Айтканыма ишен сен
Жүрөгүнө салыптыр.

## ТУРУКТУУ

Менин ырым солдат болуп көрбөдү,
Туткун кармап душмандарды жеңбеди.
Тынчтык күндө, жоомарт үйдө жаралып
Тынбай иштеп тынч эмгектен терледи.

Октор тийип, кан боёнуп жатпады,
Мылтык алып башкаларды атпады.
Ден соолугу жаш уландай таптаза
Денесинде согуштун жок тактары.

Менин ырым өз жеринде туулган,
Аскар тоонун булагында жуунган.
Тынчтык үчүн тынымы жок күрөшкөн
Келечекке эмгек кылган уулдан.

Менин ырым пионерге алынган,
Кызыктырып кызыл жагоо тагынган.
Алыс кетсем саякаттап жер көрүп
Эркелеген, энесиндей сагынган.

Менин ырым комсомолдун сабында,
Секретарь тоо койнунда айылда.
Кызгалдактай кыздар досу — тилектеш
Бозой менен Фрунзенин багында.

Менин ырым жөп-жөнөкөй жумушчу,
Тиги турган заводдорду курушту.
Баркын билген эмгекчинин эмгегин
Чындык, калыс, жеңиш менен туруктуу.

## МЕНИН ДӨБӨМ

Олтурамын ойго батып дөбөмдө
Айланага ашык болуп көз салып.
Ылдый жагым ыкчамдаган жаңы айыл,
Чарбагына койгон сымак гүл тагып.

Оң жагымда оп тарткандай дарыя,
Бойлоп кеткен кулач жетпес теректер.
Мырза терек, мазар терек, көк терек,
Ар биринин өз аты бар себепкер.

Сол жагында чоң жол жатат учу жок,
Баш-аягы дүрбү салсаң көрүнбөйт.
Бул жол менен кимдер басып өтпөдү
Ким дөбөгө чыгып алса эринбейт.

Капчыгайдан кайкалаган жел келет,
Тосуп алып шыраалжындар термелет.
Эрмек болуп уккуң келсе жаңы ырды
Көк дөбөгө көтөрүлүп келе кет.

Менин дөбөм жаңы ырлардын дөбөсү,
Илгерки өткөн карыялардын кеңеши.
Мени менен бирге олтурат байкасам
Манас, Бакай, Жолойлордун элеси.

Дөбөмдөн көр көргүң келсе айылды,
Жазып жатам белек кылып жаңы ырды.
Дөбөм менин барагы жок дептерим
Эске салат ойноо бала чагымды.

Таң атарда дөбөм торку үйүмдөй,
Күн нурларын катып алат боюна.
Жардам берет жомок айткан энемдей
Ыр десteден гүл карматып колума.

Ушул дөбөм чыр дөбө эмес, ыр дөбө,
Башталышы оюмдагы дастандын.
Ыр дөбөмө күндө үч убак мен барып
Жазуучулук милдетимди аткардым.

## ЫРЛАРДАН БЕРМЕТ ТАГАМЫН

Келди май ачып гүлдөрүн,
Ыр ырдап мен да сүйлөдүм.
Уксун деп ыкчам үнүмдү
Ырыска бүткөн үйлөрүң.

Мен менен кошо ырдады
Сансыз куш, оргуп булактар.
Эркелейт жазга берилип
Жаш улан, уздар ынактар.

Ата-эне болуп Ала-Тоо
Алдейлеп сени тургандай.
Май майрамы кубанып
Ырда деп тостту сунгандай.

Келди жай, салам жиберем
Жайкалган жерим өзүңө.
Ырлардан бермет тагамын
Ылайык көрсөң төшүңө.

## ТУУРА-КАЙЫҢ

*(Эраалыга)*

Туура-Кайың закымдап агып жатса,
Толкуну тоголонуп көбүк чачса.
Токою кылымдардан кылка кайың,

Сулуулук суктандырган мында башка.
Кыздары кол чаначтан кымыз куюп,
Келиндер суу жээгине казан асса.
Жигиттер кемегени каза салып,
Жаш балдар жалбырттатып отун жакса.
Комуздун кулактарын бурап коюп
Карыя жаңы бүткөн кылдан такса.
Көп иштеп, көп кыйналып чарчаганда
Ушунда көк майданга келип жатса.
Күн тийип күчөгөндөй ысыгы жок
Булбулу сайрап турат жашыл шакта.
Секирип ойноп жүргөн кекиликтер
Кубалап бирин-бири таштап-ташка.
Туура-Кайың туулгадай турuштугуң
Туугансып турмуш менен адамзатка.
Акындар чын бактылуу болоор эле
Ардактап сен жөнүндө ырлар жазса.
Кожогат, карагатын кыздар терип
Эркелеп мойнуңузга мончок такса.
Боз үйдө эр Манасты айтып коюп
Ушунда бир дем алып жыргап жатса.
Мен анда бир ай эмес, бир күн болдум,
Жээгине төшөк салып жалгыз кондум.
Баралы Тогуз-Торо — «Алтын-Чөйчөк»
Өз элиң, өз жериңден болбо жолбун.
Көрөсүң анда барсаң Ор-Казганды,
Табыйгат талаа, тоого гүл чачканды.
Аркайган тула бою алтын тоону
Аскадан замандашың кен казганды.
Жылдызын карматчуудай өз колуңа
Көрүп ал жакыныраак кең асманды.
Жай келип, моңгу эрип өзөн толо
Аркырап азоолордой суу ташканды.
Жайлоодо оюн салып кулун-тайлар
Козулар, короо-короо кой жаткanды.

Кырмызы кызыл болуп асман чети
Күлүңдөп кош айтышып күн батканды.
Капчыгай кайкалаган боюн керип
Боорунда ышкын ызаат гүл ачканды.
Күн жааса мөндүр төгүп малчыга азап
Үй-бүлө, бала-чака бүт шашканды.
Заматта күн ачылып тупук аба
Жайлоодо жай-баракат иш башталды.
Ушундай жер соорусу Туура-Кайың
Эсиңден чыгарбагын мен айтканды.
Көрүп ал көзүң менен, шылдың кылып —
Эликтер элеңдешип буйт качканды!

## АК-СУУ

Мөңгүлөрдөн мончок тамчы суранып,
Жалгыз тамчы — миң тамчыга уланып.
Агып келет атырылып алыстан
Чоң жарышта байге алчудай кубанып.

Таштан-ташка секиргендей түйүлүп,
Бала сымак баш аламан жүгүрүп.
Булактарды кошуп алып жолунан
Адырлардан Ак-Суу келет сүйүнүп.

Кайкалаган капчыгайды аралап,
Арсак-терсек аскаларды жаралап.
Күчүн сынап күзгү кылып Ак-Сууну
Жээгиндеги арча, кайың таранат.

Тунуктугу ак ботонун көзүндөй,
Сүйлөгөнсүйт перистенин өзүндөй.
Ак-Суу таза ошондуктан аты Ак-Суу
Бойго жеткен сулуу кыздын өзүбү-эй!

Кээде болсо жан тынбаган чимирик,
Кээ бир жерден салам айтып ийилип.
Кир жукпаган, булганычты билбеген
Сапар тартат өзүнө өзү кирипип.

Чөлгө келип илбериңки жайылып,
Күткөндөр көп энесиндей сагынып.
Мажүрүм тал кабак-кашы ачылып
Турганын көр бутактары малынып.

Буудай күлүп баш көтөрүп буралып,
Күнкарама гүлүн тегиз чыгарып.
Бийлешкенсийт бир азыраак жел жүрсө
Жүгөрүлөр көкүлдөрүн сыланып.

Ак чокудан мончок тамчы суранып,
Жетим тамчы миң тамчыга уланып.
Агып келет атырылып алыстан
Байлык алып, бакыт алып кубанып.

## ТАШКЕНТ

*(Хамид Гулямга)*

Көп көргөм, көчөлөрүн аралагам,
Келбесем өз үйүмдөй сагынамын
Суюлуп суктанганым тарабаган
Ташкентке келип калсам жаңырамын.

Ташкент деп атын айтсаң, сүйүнөмүн,
Тийгендей кең мейкинге күнүм ачык.
Көчөдөн-көчөлөргө жүгүрөмүн
Сагыныч жеңилденип бойду жазып.

Бала чак мектебинден сабак алгам,
Жаштыктын жагалданган ырын ырдап,

Үйрөнүп үлүш кылып дутар чалгам
Досторум биз-сиз дешип, кызы кылдат,

Жай келди ушул шаарга дагы келдим,
Карасам кайра жаңы төрөлгөндөй,
Кыдырып көтөрүлүп көңүл болдум
Бактыга баштан аяк болонгондой.

Нур сепкен күнү жарык, түнү жарык,
Жашарып жаштык келген жаңыланып,
Эсептеп жыйынтыктап кары тарых
Ташкенттин жакшылыгын кабыл алып.

Достуктун добулбасын каккан сымак,
Таалайдын даңк көтөргөн күпү улап.
Ленин өзү келип таккан сымак
Кызыл туу элге берип, өмүр, кубат.

Көп баргам көчөлөрүн аралагам,
Өзүмдүн туулуп өскөн шаарымдайсың.
Дидарлуусуң, кумарым тарабаган
Өмүрү узун өчпөй турган жалындайсың!

## НАРЫН ШАҢЫ

Жылгалардан жылжып булак жарышып,
Тоо түбүнөн топтолушуп табышып.
Бирин-бири эгиздердей кучактап
Сагынышып, саламдашып алышып

Ошол жерден Нарын дарыя аталып,
Күүгө кирип күркүлдөйт ал жапарып.
Капчыгайды кылымдардан жаңыртып
Элге тилеп бакыт менен тазалык.

Жолдон тоскон булактарды имерип,
Туш тарапка өкүлдөрүн жиберип.
Бир атанын балдарындай биригип
Бир өзөндө кол алышып түбөлүк.

Төөдөй ташты чамындыдай агызып,
Токтоно албай чакмак таштар кагышып.
Күч бирдикте миң булактын кубаты
Күрпүлдөгөн добулбасын кагышып.

Керегинде адам аны бура албай,
Бир кулак суу короосуна жыга албай.
Тентек Нарын теңине албай жатуучу
Башка жактап бакыт-таалай суранбай.

Бирок Нарын өз нугунан бурулду,
Токтогул ГЭС элим көрөт сыйынды.
Атагы ашкан атырылган алп Нарын
Кыргызыма чөккөн төөдөй сыйынды.

Жарык чачты туш тарапка белендеп,
Мен да бардым чоң Нарынды көрөм деп.
Үйдө олтуруп жазып алдым ырымды
Сурап калса белек кылып берем деп.

Тентек Нарын тетиктерге көнүптүр,
Жаңы ГЭСке кубатынан бериптир.
Кылымдардан кымкуут аккан карт Нарын
Кыргыз элдин кылдат күчүн көрүптүр.

Гүлдөтүптүр Ферғананын өрөөнүн,
Билген эмес чөлдөр Нарын келээрин.
Күз келгенде күлүп-ойноп жыл сайын
Ак алтындын булаларын терерин!

Көрдүм барып жерге толгон жемишин,
Кайрак-Кумдай толкундаган деңизин.
Күчкө кирип Нарын иштеп жатыптыр,
Берекеси пейли кенен эл үчүн.

## ПЕЙЛИ КЕНЕН ЖЫЛАМЫШ

Ким өз жерин, өз конушун унутсун,
Андай болсо ачылбаган булутсуң.
Турмушумсуң — туулуп өскөн айылым —
Күн нур чачкан күүгүмү жок чыгышсың!

Жыпар жыттуу жаз башында жалбызсың,
Сен мен үчүн кудай сымак жалгызсың.
Бойго жетип той бергенде үйлөнүп
Өрнөк кылып өз гүлүңдөн алгыздым.

Жыламышым жылдызымсың, үйүмсүң,
Жыргалың көп жымыңдаган гүлүмсүң.
Эмгектенип эрке балаң чоңойгон
Жыламышым — түгөнбөгөн сүйүүмсүң.

Ага бергин түгөнбөгөн Жыламыш,
Ак чокуңа далай жолу чыгабыз.
Мейли өтсүн оодарылып кылымдар
Биз өзүңө урмат этип турабыз.

Ал анткени сен өзүмө ынаксың,
Көркөмүсүң көрүп турган көзүмдүн
Бузулбаган таш күзгүдөй булаксың,
Жакшылыкты уга турган кулаксың!

Пейли кенен берекесиң Жыламыш,
Сагынганда эне экенсиң Жыламыш,

Кар кетпеген канатың бар чокуңа
Келиштирип катар үйлөр курабыз.

* * *

Сени канча жолу карасам да,
Көргөндө көп сөзүмдөн адашам да.
Бирөөлөр сен жөнүндө ушак айтса
Актаймын, акактай деп талашам да.
Өзүңө көп көрүнүп, көп берилип
Өзүмчө жакын болуп баратам да!..

* * *

Ушул терек тууганымдай,
Жакын жүргөн досумдай.
Көлөкөңдө кыз күткөмүн,
Калсам дагы кошулбай.
Ушул терек тили бардай,
Эске салат далайды.
Тийбегиле тентек балдар.
Кыйбагыла бутактарын
Көргөнүмдө кучактадым
Кыйбагыла, жарайбы?!

## КӨЗДӨР, КӨЗДӨР

Мени карайт, кара көздөр, көк көздөр,
Угуп алып жүрөк сүйгөн көп сөздөр.
Ар бир көздө келечектин сүрөтү,
Дүрбү сымак бото көздөр, кой көздөр.

Баары карайт, бир чекитке бурулуп,
Жаткан өңдүү жаңы нерсе курулуп.

Бир заматта сахнага жан кирип,
Акын ыры ар кыл тилде угулуп.

Ыр жыттанат, кыдыр элдин арасын,
Ар кыл создон ыр жемишин кагасың.
Жакшы бышып жардам берсе өзүңө,
Жүрөгүңдүн түпкүрүнө саласың.

Көздөр, көздөр, кары көздөр, жаш көздөр,
Ыр уясы, сыр уясы өзүңдө.
Бир карашың акын үчүн миң сөздөр
Тиричилик адамдардын көзүндө!

## ЖЕР ТАМЫРЫ

Эгерде сен жерди сүйүп тыңшасаң,
Миң-сан тамыр симфония чалгандай.
Өсөт, өнөт түш тарапка жайылат
Гүлдү терип ойноп жүргөн балдардай.

Эгерде сен жерди сүйүп тыңшасаң,
Ар бир тамыр өрүк комуз кылындай.
Жер бетинин жаны ошондо билип кой
Жашай берсин бир да тамыр кыйылбай.

Жер тамыры жердин көркү ачылган,
Тамыр менен жердин ыры жазылган.
Тамыры бар даңкы кеткен өлкөмдүн
Күн нурундай планетама чачылган.

## КҮЗ

Күз!
Ош шаары
Бак-дарактардын жалбырактарын карачы

Өрт жалбырттап бараткандай,
Күн болуп арачы:
Жел талашат
Түшүрүп жалбыракты
Жалбырактар учат, сызат: конот
Жөнү жок, максаты жок шашты.
Жел токтоду
Жалбырактар кыймылсыз кучакташып
жатты.
Тигине терек,
Тагынгандай күндүн нурун өзүнө.
Тоскон сымак айды кармап бетине.
Көтөрүлүп көңүл салып карачы,
Жалбыракка түшкөн жолдун четине.
Тамырлары сансыз, эсеп жетпестей
Чиркелишкен ажырашып кетпестей.
Какпайт эми
Жалбырактар жаны жок,
Тамак берген көк мөлтүрөк каны жок.
Төкпөйт жашын,
Аны эч ким эстебейт.
Күз келди
Гүлдөр турат теңселип,
Бирин-бири карашат.
Тиктешет,
Издешет,
Бүкүрөйүшөт бараткандай эңкейип.
Гүлгө,
Ким болбосун ашык.
Булбул да сайрабайт жашып,
Тили катып,
Ыйлабайт жамгыр жашык.
Гүлгө ашык,
Аарылар ширесин ташып,
Жаткансып жаңылык ачып.

Уюгуна катып,
Жумурткадай басып
Адам үчүн сыры ачык.
Күз жыргатат берекесин чачып.

Күз
Табийгаттын тамашалуу айы,
Жемиш жаңы
Түшүм жаңы,
Ак төөнүн карды жарылып,
Аккан майы,
Башкача
Эмгектин жытындай наны,
Күздүн ширесиндей даамы.
Тигине гүл,
Жайнап турат короодо.
Ал күзгө баш ийген жок кулпунат,
Шамал аралап.
Тартипти бузат жулкунат
Гүлдөр баш ийбейт.
Өмүрү узун алардын
Алга
  Алыска,
    Айга жашоого умтулат.

Ал гүл,
Кыз өстүргөн гүл.
Жүрөктөрдү тыңшайт,
Бузулгусу жок,
Таптаза
Көр,
Арала ушундай
Турат бузулбай.
Кышында көрсөң да жыргатат
Жүрөгүңдү эзгилеп.

Туйлатат,
Кыз өстүргөн гүл
Аяз да чилде да, тоскон да
Мактап ырдашат

Күз,
  Кыш,
    Жаз,
Турмуш,
Турмуш кызык!
Түшүнсөң, башкара билсең жыргатат.
Күз,
Түшүнсөң! Түшүнсөң күз,
Түшүнбөсөң түз!
Турмуштун көлүндө чабак ур,
Бирде тумчук, бирде чык,
Балыктай сүзбө —
Адамдай, адамдай сүз!
Опондо жеңилбес, көрүнбөс,
Бөлүнбөс,
    Төгүлбөс күч!!!

## ЖАШТЫГЫҢА ТАҢ КАЛДЫ

Кургак чөл тапкансып амал,
Шамал!
Жерди башкарып,
Жылаңачтантып,
Куюлтат,
    Суюлтат,
Жекирет, өкүнөт, шамал шат, жат!
Кум китептин барагындай кат-кат,
Камгак канатсыз калдактайт,
Мактанып, шаттанып,

Мөөрөйгө жакындап бараткандай.
Күлүктүгүн саяпкерлер карашкандай,
Камгак күлүк,
Бүргөн күлүк деп
Далайлар талашкандай.
Шамал жүрөт,
Ит болуп, короочу болуп үрөт.
Муштумун түйөт адашкандай.
Бул Кара-Кум, өттү шамалдын күнү
Мезгили,
Кара шамалдын, долу шамалдын
Канаты сынды.
Араң эле жылды.
Кучактап кумду
Аны Кара-Кум, канал салынгандан кийин
Түйдү.
Кара бүргөн жашынмак ойнойт
Көрүнбөй.
Камгак жерди тиштейт
Тамырынан бөлүнбөй.
Суу келди канал менен
Тунук суу.
Чоң суу,
Жүз кулак суу!!
Аны адам алып келди,
Карт Нарындын небересин ээрчитип,
Тянь-Шандын башынан
Кубантып суу алып,
Кара-Кум кубангандан жашыган.
Шамалдын канаты сынды,
Буту сынды.
Баса албай,
Желге, элпек, мээлүүн желге айланып
Тушамышка тушалып,
Чылбырга байланып.

Суу келди Кара-Кумга,
Жер өзгөрдү эс алды.
Кубат алып чиренип,
Жүзүм мөмө байлады.
Көтөрө албай ала бакан тирелип.
Кум берекелүү топурак болду,
Козонун тамыры,
Достошту түпкүргө жетип.
Кумдун жүрөгүнөн өтүп,
Жүлүнүнө,
Мээсине,
Кайнап турган мээсине өсүп.
Кубанды күлкүсүн чыгарып
Боорун эзип,
Кум дос болду,
Жеңиш менен,
Жемиш менен
Биз менен,
Сиз менен
Шамалдын тили түбөлүккө байланды,
Камгак, кара бүргөн,
Жер семирткичке айланды.
Карыялар сакалдарын сылашып,
Кара-Кумдун каналына,
Жаштыгына таң калды!

## ЫСЫК-КӨЛГӨ ЖАЗ КЕЛДИ

Ысык-Көлгө жаз келди,
Күлгөнүндөй кыздардын.
Эркеледи жел жүрүп
Сүйгөнүндөй кыздардын.

Ысык-Көлгө жаз келди,
Басканындай жигиттин,

Толкун күлдү толукшуп
Шашканындай жигиттин.

Ысык-Көлгө жаз келди,
Кыздар сайма сайгандай.
Көл боюна табийгат
Өз килемин жайгандай.

Ысык-Көлгө жаз келди,
Жигиттер комуз черткендей.
Өчпөс болуп түбөлүк
Өмүрдүн гүлүн сепкендей.

Ысык-Көлгө жаз келди,
Гүлүн берип кыздарга.
Бак-дарагы бүрдөдү
Мекен болуп куштарга.

Ысык-Көлгө жаз келди,
Кыял кыйыр ашкандай.
Обон салып акындар
Ойлонуп ырын жазгандай.

## БИЗДИН КАЛПАК

Жүн кезинде сабалып,
Күлкайырдай агарып.
Чебер уздун колунан
Ак калпагым жаралып.

Баркыттан жээк салынып,
Төбөгө чачы тагылып.
Кийип алсаң калпакты
Киймиң кошо жаңырып.

Кийгенде калпак жарашып,
Көргөндөр токтоп карашып.
Кайсы улут деп калпакчан
Калгандар бар талашып.

Бироо казак деп айтса,
Бири дунган бекен дейт.
Талашып акыры,
Кыргыздыкы экен дейт.

Ак калпагым билгизет,
Ала-Тоолук кыргызды.
Маңдайга тагып алгандай
Алтын казык жылдызды.

Суктанат биздин калпакка,
Суранат кийип көрөм деп.
Сүрөткө түшүп заматта
Кайра өзүңө берем деп.

Бир заматта калпакты,
Бир нечеси кийинет.
Сүрөткө түшүп негр дос,
Ыракмат айтып сүйүнөт.

Биздин калпак достуктуң
Символу болду билгенге.
Кыргызга окшоп калдык деп,
Кыйла эл айтты кийгенде.

Кыргыздын ак калпагы,
Белек болду көп элге.
Тынчтыктын ак кептердей
Тарап кетти көп жерге!

## БОЗ ҮЙ

Биздин боз үй фестивалда,
Москвада тигилди.
Айланасы толуп шаңга,
Мейман, достор сүйүндү.

Кымыз бердик келгендерге,
Боорсок менен сыйладык.
Комуз чертип көргөндөргө,
«Ой тобону» ырдадык.

Скрябин өзү келди,
Кыргызына кубанып.
Ак калпагы бизден белги,
Жаш жигиттей сыланып.

Жерге салып оймо шырдак,
Туш кийиздер — туш тарап.
Немец, кытай кошо ырдап,
Ак боз үйгө гүл тагат.

Килем такты түркмөндөр,
Туш кийиздин жанына.
Конок болуп түрдүү элдер
Белек бердик баарына.

Бир ай бою боз үйүбүз,
Конок алды аябай,
Москвада бүт сүйүүбүз
Гүлгө оронгон баладай.

## МЕНИН ҮЙҮМ АЛТЫН ӨРӨӨНДӨ

Менин үйүм алтын өрөөндө,
Салган атам, апам төрөөрдө.
Келсе мейман качан да болсо
Белегим көп ага берээрге.

Жаңгагым бар күндө өсүп жаткан,
Араласаң көрүнбөйт асман.
Калың токой, жемиш токой
Бүт байлыгын койнуна каткан.

Өрөөнүмдө өрүктөр арбын,
Керек десең күзүндө баргын.
Тере бер жемиш, тере бер жүзүм,
Көз тойгончо жыйнагын, алгын.

Кызыл, сары кызыктуу жийде,
Бышыгын тер, көгүнө тийбе.
Асылып турат ар түркүн алма
Болгондой ашык ачылган Күнгө.

Жерге батпайт кожогат, гүлүң,
Так ошондо жашаган үйүм.
Жийденин жыты — өрөөндүн куту
Булагы тунук салкындап кирин.

Шабдалысы эзилип бышкан,
Суу жээгинде бүлдүркөн чыккан.
Алмуруту андан да сонун,
Чиеси калың ото албас чычкан.

Карагайы капталда өскөн,
Арча, кайың айылга көчкөн.
Бир келип кетсең өрөөнүм алтын
Өмүр бою чыкпастыр эстен.

Текейин көрсөң тескейи толгон,
Кымыздык, ышкын аска да коргон.
Чүкүрү, пияз, сарымсак, сабиз
Өстүргөн сымак адамдар колдон.

Аюусу бар абайлап баскан,
Түлкүсү кызыл, качууга шашкан.
Бүркүтү шумкар, жылкысы тулпар,
Качыры күлүк кадимки аттан.

Аркар, кулжа, элиги сулуу,
Өрөөнүмдүн келини сулуу.
Ушунда жашап өткөргөн турмуш
Адамдардын өмүрү сулуу.

Алтын өрөөн ошондо үйүм,
Өтүп жатат балалык күнүм.
Өрөөнүмдү үйрөнүп чыксаң,
Өзүнчө бир кызыктуу илим!

## ТҮШТҮГҮМ

Айткым келет көзүм менен көргөндү,
Бала кезде окуп жүргөн жергемди.
Өпкүм келет өз баламдай кучактап
Түштүгүмдө жашап турган элдерди.

Куттуктаймын, сыймыктанам Ош менен.
Согуш кезде бирге иштеген дос менен,
Аралагам Алай, Гүлчө, Сарташты,
Мен кетерде «Аман болгун, кош» деген.

Жыйырма беш жыл, чейрек кылым арасы.
Өзгөрүптүр түштүк жерин карачы.

Өзгөрүптүр — чалкып жаткан Памирим,
Фергананын пейли кенен талаасы.

Отуз-Адыр анда ойгонбой жатчу эле,
Байлыктарын элге бербей катчу эле.
Төрт түлүгүн колхоз менен совхоздун
Энем, эжем, карындашым бакчу эле.

Жерин тилип сокону да айдаган,
Солдатка деп күлүк тандап байлаган.
Пахта өстүрүп, канал салып, үй куруп,
Ата Журтка бүт өмүрүн арнаган.

Тарбиялап күндө окутуп балдарын,
Фронтко деп жөнөтүшүп жардамын.
Шахтада да көмүр казган болучу,
Апам, эжем, өзүм сүйгөн ардагым.

Ал кездеги аялдардын жумушун,
Айтуу кыйын, согуш деген курусун.
Ошондо да колдон намыс алдырбай,
Сактап калган тылда элдин ырысын.

Жеңиш келди, биз эмнени кылбадык,
Кубангандан кучакташып ыйладык.
Жеңиш менен жердештерим келгенде
Бий бийледик, бакыт ырын ырдадык.

Анда Алля аке Араванда жүрчү эле,
Жигит кези билектерин түрчү эле.
Таң калтырып, Ата Журтту, адамды,
Пахта сырын пайгамбардай билчү эле.

Анда пахта Төө-Моюнга жетпеген,
Аравандын ар жагына өтпөгөн.

Эми көрсөм Төө-Моюну гүлдөптүр
Айырма жок кыздар тиккен кештеден.

Алля акенин үкөлөрү, балдары,
Жылдыз таккан чолпон сымак таңдагы.
Даңкы кетти Сайкал, Саадат, Сагындын
Куттукташат бүткүл кыргыз аймагы!

Өткөн кезде Куршаб менен Мадыдан,
Базар-Коргон, Баткен, Отуз-Адырдан.
Жер там, кепе, алачыктар көрүнчү
Бир дагы үй салынбаган жаңыдан

Эми көрдүм араладым баарысын,
Кубандырган баласын да, карысын,
Түштүгүмдө түп көтөргөн жаңы айыл —
Ош гана эмес, өз өлкөмдүн шаңысың!

Аркыттагы алтын Сары-Челегим,
Арстанбап бабалардан белегим.
Ак элечек, ак жоолугун салынган
Мээриминдей Канышкейдей эненин.

Көк-Жаңгагы, көркөм Кызыл-Кыясы,
Түштүктөгү жумушчулар уясы.
Алайдагы Кош-Дөбөдөй үйүлгөн,
Саадат өзү жалгыз терген буласы!

Кыргыз шаңы кылымдардан түштүгүм,
Сен жөнүндө ыр жаза алсам күчтүүмүн.
Даңкыңарды далай дагы жазабыз,
Майрамдайбыз, куттуктайбыз биз бүгүн!

## КУЛУНДУ

Ойду катып алган сымак өзүңө,
Түшүнгөнмүн бул талаанын сөзүнө.
Кулундуну мен биринчи көргөндө
Сүрөт тарттым, карегиме, көзүмө.

Адамдардан бакыт алган суранып,
Эмгек менен чеке терин чыгарып.
Кулундубуз кундуз болуп кулпунду,
Жаңы келген жаш келиндей сыланып.

Кылым күткөн гүлдү самап тилеги,
Кызыл-тазыл кыз баладай иреңи.
Эми гана, эми гана жанданды
Кан жүгүрүп кага баштап жүрөгү.

Кулундунун ырдайт экен булбулу
Эске салып эң биринчи курбуну.
Шамал, куюн, суусаган чөл көрүнбөйт
Баягыдай баш-аламан чыр кылуу.

Жеңиш менен жердин шилеп каймагын,
Пахта менен кучакташкан аймагың.
Какыраган каткан чөлдү көгөртүп
Тагып алган гүлдөп кызыл байрагын.

Катарыңдан эл келгенде Кулунду,
Жомок кылып айтып бердиң сырыңды.
Ай-ааламга, асман-жерге угулсун
Шаңдуу чыгар, комузуңду, ырыңды!

## ШАРКЫРАТМА

Тоо-Жайлоонун жалама аска башында,
Канал бүткөн жалаң таштан асылма.
Үңкүрүнөн шаркыратма жасалма
Агып түшөт азоолордой шашылма.

Буркан-шаркан тоо боорунан куюлуп,
Симфония кырдан-кырга угулуп.
Шаркыратма учуп түшөт асмандан
Тогуз булак бир аскага сыйынып.

Өркөчтөнөт өчөшкөнсүп аскага,
Тамга салып, капчыгайга, ташка да.
Жүгөнү жок аргымактай жулкунат
Карматпастай кайраты күч жашка да.

Жерге түшөт жеңекемдей ийилип,
Тосуп алат канал-жигит сүйүнүп.
Кучакташып, кучакташып тургансыйт
Алтын-Казык, Алтын-Бешик түрүнүп.

Бул эки тоо жерге берген керегин,
Көргүң келсе адамдардын өнөрүн.
Лейлектеги Төө-Жайлоого келип кет
Билгиң келсе өнөрүнүн себебин.

Шаркыратма бүткөн адам күчүнөн,
Жер ымшыган дыйкан аба жүзүнөн.
Көрүп келдим, көтөрүлүп кубандым,
Шыгым жанып анын жаткан изинен.

Чөк түшпөгөн кең талаага жайылып,
Чөп чыкпаган чөлдү жеңип сагынып.
Кулпунганын «Болбо» жерин карачы
Чылкый кызыл гүлдөн сөйкө тагынып.

Кулак болуп туш-тарапка бөлүнүп,
Курсант болуп шаркыратма төгүлүп.
Алтын-Казык асман тирейт бийик тоо
Көз жүгүртөт түздүкторгө керилип.

Тоо-Жайлоонун жалама аска башында,
Тоо көзүндөй үңкүрү бар ачылма.
Ошол жерден шаркыратма шарпылдайт
Окшоп кетет жылдыз таккан баатырга!

## САЛАСПИЛС

Саласпилс!
Жер солкулдап,
Токой кыйрап жаткандай,
Күз күчөнүп
Кара жамгыр
Болуп калбыр
Толкундайт көл ташкындай.
Бак-дарактын жалбырагы
Өз алдынча учканы үчүп,
Учпаганы салаңдап,
Жел желпинсе жерге түшөт
Коркокторго окшоп кетет
Алаңдап.

Карагайлар
Тизе бүгүп баш ийгендей.
Ак кайың да муңга батып
Азыр эле оңолгондой
Оорусунан жаңыдан
Жүрөк согот,
Электрон жүрөгү
Жарк-журк этет

Атылгандай
Адашкандай чагылган.
Адам күлбойт,
Күлүп жүрбөйт.
Күлкү болбойт бул жерде
Келсең дагы.

Бак-таалайлуу айылдан,
Мындагылар
Бири атадан,
Бири энеден
Агасынан, эжесинен,
Баласынан айрылган.

Кыргыздардан биз барганбыз;
Жазуучулар, акындар,
Биз ыйладык
Көкүрөктү муң басты.
Тыя албадык көз жашты.
Тыйылбады,
Токтободу
Жамгыр менен аралаш,
Жүрөк кошо ыйлады
Эч нерсеге карабай.
Күбө болуп
Жер солкулдап кайгырган.

Гүлдөр турат,
Берип кубат.
Бул кеч күздө
Мезгил келип жетсе да,
Соолубаган
Кандан бүткөн кызыл баары,
Кандан өскөн

Бир катары сапсары,
Муң-кайгыны тартканы
Саласпилс.
Элдер келет жер шарынан,
Мында күндө,
Бир катары толгон гүлдөр
Актары,
Көзгө элестейт
Чоң энемдин чачтары.

Сепил болуп бийик дубал,
Тосуп алат жолуңдан.
Тартып алат колуңдан.
Жүрөк кагат
Жер майышып,
Кабыргалар кайышып.
Миллион тамыр
Дарт баскандай сайышып.
Согуш оту өчкөндөй
Ок атылып,
Бомба түшүп
Кечээ гана өткөндөй.
Башка жакка
Барымталап кеткендей.
Тура албайсың
Чоң согушту эскербей.
Желдет баскан
Баланы аткан
Пулеметтун тытырашы
Кулагыма угулуп,
Эне ыйлайт
Ээ-жаа бербей чыңырып.
Айла канча,
Азап-тозок
Аралашып келгендей

Анын баарын
Койбой тагын
Адептүүлүк жеңгендей.
Эстеликтер,
Эстеликтер!
Ойготкондой талааны,
Тирүүлөргө
Жапкан сымак жалааны.
Баатырлардын
Шаңдуу, жандуу карааны.
Ок жаңылды,
Ок жаңырды
Көз алдыда
Карагайлар катар турган
Көз жаштарын агызып,
Жерге мончок
Мөлтүр мончок тамызып.
Эми гана, эми гана
Ыйык жерге батырып,
Койгон сымак адамдарды
Таш сыяктуу катырып.
Эне турат,
Жерден кубат,
Коргогондой
Коргошундан баласын
Ишенбеген
Келип өзү карасын.
Көргөнүңдө өрттөнөсүң,
Буулугасың, жанасың.
Айла канча, башыңды ийип
Жерди сүйүп —
Саласпилс талаасын...

Айтып жатты
Эстеликтер жүрөгү.

Баргандардын
Жүрөгүнө чок чачып.
Эстеликтин жүрөктөрү
Жаткан сымал
Жан киргизип кан ташып.
Электрон жүрөгү
Бир жүрөккө айланып,
Согуп турат токтобостон,
Токтобостон сого берет,
Сого берет
Келечекке камданып.
Угуп турам таңданып,
Өзүмө өзүм алданып.
Көргөнүмө байланып.

Эстеликтер,
Эстеликтер!
Жан киргендей сүйлөп жатты,
Баргандарга
Сүйлөп жатты чарчабай.
— Өч алгыла биз үчүн!
Өч алгыла жерде жаткан
Чым жамынган күч үчүн!
Өч алгыла желдеттерден —
Өч алгыла атаң үчүн!
Энең үчүн!
Эмчектеги бала үчүн!
Ачкалыктан жаны чыккан
Жерде жаткан ага үчүн!
Өч алгыла,
Бизди таанып, билгендер!
Гүлдөр,
Гүлдөр!
Жайы-кышы ачылып.
Жер алдында

Баатырларды жашырып.
Жүрөк согот,
Миллион жылдар токтобойт.
Электрон жүрөгү,
Сого берет
Алар мылтык октобойт,
Жүрөк согот,
Жүрөк согот,
Миллиондордун жүрөгү,
Саласпилс,
Саласпилс,
Улуу жүрөк —
Электрон жүрөгү!
Кылымдардан кылымдарга
Кабар берет, токтобойт.
Эстеликтер,
Эстеликтер!
Катардагы эстеликке окшобойт.
Биз сыяктуу
Тирүүлөрдөй
Бирге сүйлөп жаткандай.
Сүйлөп жатат.
Сүйлөй берет.
Жаңыдан таң аткандай,
Күн нурларын чачкандай.
Булуту жок асмандай.
Буулукпаган жаштардай,
Саласпилс,
Саласпилс!
Карап турат келечекке.
Өткөндөргө күбө болуп,
Карап турат жазганбай!

## ЖЕРДИН КУТУ

Жерге түшкөн буудай даны,
Топуракты жамынып.
Чыгып келет мезгилинде
Күн жарыгын сагынып.

Тамыр алган күчү жерден,
Таза нымдан, абадан.
Өсөт, өнөт далай көргөм
Дың айдалган талаадан.

Жер-энеден озок бүтүп,
Жерге батпай баш алып.
Күн санаган күздү күтүп
Күлүп турат жасанып.

Баба дыйкан башын ийип,
Байкап көрүп аралап.
Бышкан буудай көйнөк кийип
Кыл мурутун таранат.

Кызыл данга кырман толуп,
Буудай жыты — жер жыты.
Эмгектенген элди көрүп
Жеңилбеген жер куту!

Жердин куту — элдин куту,
Өлкөбүздүн жыргалы.
Жер бетинин негизи ушу
Чын эмгектин сыйлары.

Нан көп болсо космоско учуп,
Ай, Чолпонго жетебиз.
Беш жылдыктар — эмгек кызып,
Коммунизмге көчөбүз.

## ЫРААЗЫМЫН

Узун жолдо бара жатам токтобой,
Жатып ичээр жанбактыга окшобой.
Ыраазымын бабаларга байыркы
Мекен кылган тоодон журтун козгобой.

Тоолор бийик, тоодон өтөм күч болуп,
Дагы тоолор узун жолдо туш болуп.
Чыгышым тоо, батышым тоо, баары тоо,
Аска башы моңгу болуп, муз тоңуп.

Жүгүрөм каптал менен, кыя менен,
Каякка карасам да тоону көрөм.
Жолум тоо, мекеним тоо, жүрөгүм тоо
Тоолордон гүл тергендей ырлар терем.

Тоо менен бирге бүткөн менин жаным,
Тунук көз булагынан ысык каным.
Тоодо күн, тоодо айым, тоодо үйүм
Бийикке асман тирен тоодой багым.

Узун жолдо бара жатам токтобой,
Күлүк кезим кашаңдарга окшобой.
Ыраазымын партияма, элиме
Тоомо такты кызыл тууну козгобой!

## КОЗУ-БАГЛАН

Катыраңды туугап кылып өзүнө,
Түшүнгөндөй аскалардын сөзүнө.
Козу-Баглан түзду көздөй шаңылат
Тармал толкун тагып алып төшүнө.

Күзгү болуп, карагайга, арчага,
Оң-түс берип карагатка, алчага.
Али тоолордон артыгыраак мүнөзү
Тоодой ташты чүкө кылып калчама.

Күүгө кирсе тоо томкоргон күчүн көр,
Жан бүткөндөй жасап жаткан ишин көр.
Катыраңды кайкалатып тойгузган
Жемишин көр, тоо койнунун жүзүн көр.

Козу-Баглан күрпүлдөгөн дарыя,
Жер гүлдөтүү милдети ага жарыя.
Элди сыйлап, элди өзүнө үйрөткөн
Миңге чыккан өмүрү узун карыя!

**НАН**

Чогулган буудай башын ацыздардан,
Бир тутам машак.
Аны сепсең үрөн кылып
Бышат, ашат.
Ун болот тегирменге салганыңда
Нан болот жууруп камыр
Дандырдан алганыңда.
Нан адамдын жаны,
Жүрөктөн жүргүзгөн каны.
Нандын даамы,
Жеген сайын жаңы.
Үрөн сээп, аштык оруп,
Эмгектенет бүткүл дүйнө
Элдин баары
Дан, андан кийин нан!
Күрөш-турмуш
Асыл кымбат.

Нанга,
Аны ташкандарга урмат!
Нан менен
Нанды сыйла, күкүмү кымбат,
Жыргап, куунап.
Эл да жашайт, жер да жашайт
Түшүрбө жерге,
Ыргытпа, таштаба,
Данды сыйлап жатам ырдап.
Бүткүл жерде, бүткүл элде
Нанга урмат!
Данга урмат!

## МИДИНГЕ

«Тополоңду көрүп калсаң,
Бетинен өөп, сылап кой.
Эрке кызым, эрмек кызым
Жаш көңүлүн улап кой».

Сен айтканда бул сөзүңдү
Тополоң кыз секелек.
Тогузда эле ошол кезде
Онго жашы жете элек.

Андан бери далай жылдар
Өтүп кетти адашып.
Сен да кеттиң кош айтышып
Жүлүн, жүрөк канатып.

Өзгөрүү көп, өсүштөр көп,
Чейрек кылым зымырап.
Ошондогу айткан сөзүң
Бүгүнкүдөй угулат.

Тополонду жолуктурдум.
Ээрчип жүрөт неберең.
Оозу, мурду, көзү кашы —
Көргөнсүдүм сени мен.

Жылмайганы, сүйлөгөнү,
Жай баракат басканы.
Окшош экен так өзүңө
Көзү алаңдап шашканы.

Неберенди эркелетип
Өөп койдум бетинен.
Сени көрдүм кадимкидей,
Тополоңдун көзүнөн.
Тополоң кыз бойго жеткен,
Врачтардын чебери.
Башын сылап өөп койдум
Тополоңду — энени!

## ТОО ТАШЫ

Биздин тоонун түркүн, түстүү ташы көп,
Ташынан да тамыр алып чыгат чөп.
Түшүнгөнгө бул жөнөкөй таштарга
Жактап, мактап таш жөнүндө айтпайм кеп.

Мен айтамын биздин таштын салмагын,
Турмушума берип жаткан жардамын.
Өзүм турган эки кабат ак тамды
Тоо ташынан жыйнап куруп алганмын.

Эстеликтер, фонтан, канал, пайдубал,
Биздин шаарды аралап чык көрүп ал.
Көчөсүнө коздук берип төшөлгөн
Айта берем таш жөнүндө кулак сал.

Алыс жерден, жакын жерден келгендер,
Биздин шаардын конок үйүн көргөндөр.
Тоо ташынан шырдагы бар, гүлү бар
Түшүнгөндүр буга көңүл бөлгөндөр.

Коргулочу Фрунзенин музейин
Таштан чыккан булагынан ичейин.
Дубал таш, гүлдөй кызыл туусу таш
Көп мактанбай мен сөзүмдү бүтөйүн!

**ТҮШҮМ ТУРА**

Түшүмдө Ысык-Көлдүн боюндамын,
Шаттуумун, кыз-жигиттин тоюндамын.
Өмүрдө жолукпагам, катышпагам,
Гүл толгон, күлкү толгон сонундамын.

Шарактан шаттык толгон поезд миндик,
Айлананын көркүн көлдүн көрүп жүрдүк.
Заматта «сүйүү» деген станцияда
Эл толду, ызаат ылып башты ийдик.

Көл үстү аппак кеме аземделген,
Атайын андагы эл тойго келген.
Өлкөнүн өкүлдөрү, өрнөгү зор
Бири акын, бири артист, бири мерген.

Ичинде кыз-жигитке толгон белек,
Париждеп, Москвадан алса керек.
Ак жибек көйнөк кийген асылкеч кыз
Аземдеп күйөө, кызга белек берет.

Баарыбыз барпаңдабай кезек күттүк,
Кемебиз аппак кардай, биз да түштүк.
Жөнөдүк Кой-Сарыдан — Балыкчыга
Делфиндей бара жаттык көлдөн сүзүп.

Саякат — сүйүүлөрдүн саякаты,
Бир кездс алдыбызда аска шаты.
Кеч кирди, көрилген шаар Чолпон-Ата,
Нур чачат так төбөдөн каухар ташы.

Чыгабыз аскасына шаты менен
Ак кула минген Манас аты менен.
Аксакал Бакай жүрөт той башкарып,
Семетей, Сейтектердин баарын көрөм.

Асылма трамвайга түшүп алып,
Кымыздан кылган шербет ичип алып.
Асманда ат салышып баратабыз,
Кыз-күйөө кызыл-тазыл гүлдөн тагып.

Заматта күйөө-кыздын үйүндөбүз,
Булбулу сайрап турган гүлүндөбүз.
ЗАГСка эки жашты жаздырганда
Күбөбүз, куттуктадык, сүйүнгөнбүз.

Биз келген жерге кызыл поезд токтоп,
Байбиче, карылар бозойго окшоп.
Ырдашат, комуз чертет, кыяк тартат
Жаштардын сүйүү деген хорун коштоп.

Токтогул ырдап жатты тойду мактап,
Чабабыз колубузду сөзүн жактап.
Ошондо окуп бердим өз ырымды
Акындык өнөрүмдү элге тактап.

Ойгонсом мунун баары түшүм тура,
Ойдогу келечегим, ишим тура.
Ысык-Көл так ушундай болобу деп
Көксөгөн, көрүнбөгөн күчүм тура?

## ЫСЫК-КӨЛ СИМФОНИЯСЫ

Асманда булуттарды шамал айдап,
Жер бети ачылган гүл кымкап жайнап.
Бак ичи шандуу-шайыр баштан-аяк,
Күкүктөр атын атап, булбул сайрап.
Күмүштөй көбүкторүн күүгө кошуп
Ысык-Көл симфония чалды тандап.
Колумда эки калак эп келишкен,
Бараттым толкун менен кайык айдап.

Күлүндөп шарпылдады Ысык-Көлүм,
Кубанып кабыл алды мендей теңин.
Баратты оң жагымда ырын ырдап
Эки кыз, жалгыз жигит, толмоч келин.
Жыбырап сан жетпеген тамчылары
Кубантып кызыктырат кыргыз жерин.

Көл жээги, кээ бир жери өтө бийик,
Чокусу булуттарга турат тийип.
Толкундар көтөрүлүп урунганда
Өзүнчө симофония тилге кирип.
Көл жээги, кээ бир жери токой калың,
Угасың куштар билген күүнүн баарын.
Ысык-Көл симфония күүсүн ойноит,
Акындар мактагандай сүйгөн жарын.

Бир жагы кенен жайлоо керилгендей,
Сонун жер Сырттын өзү дедиргендей.
Карагат, кожогаттар мөмө байлап,
Жүзүмдөр кыз чачынан өрүлгөндөй,
Айланта көз жүгүртсөң кенен көлгө
Түбөлүк жан досуна берилгендей.

Кээ бир жээк кумшиленген жаны бардай,
Кызарат жүрүп турган каны бардай.

Кечинде маяк күйөт кабак ачып,
Асманда алоолонгон алтын айдай.
Баратам ошол жээкке чыгайын деп
Жигиттер, келин-кыздар артта калбай.
Көл ырдайт, обон салат толкун ташып,
Кыякты же комузду колуна албай.

Ошондо мен ойлонуп жазган ырым,
Билемин сүйгөнүмдөй көлдүн сырын.
Угулат кулагыма барган сайын
Достук дейт симфония айтсам чынын.
Чарчабайт так чылынган көлдүн күүсү
Эсепсиз өтсө дагы нечен кылым.

Көлүмө көз жүгүртсөң көркү сонун,
Ыр жазсам ал жөнүндө талбайт колум.
Каз катар кагазыма түшө берет,
Түбү жок түгөнбөгөн менин оюм.
Бараткан элим менен, көлүм менен
Балбылдап дайым жарык менин жолум.

Талбагын, симфония чала бергин,
Ысык-Көл музыканты далай көлдүн.

# БАЛА—МЕНИН ӨМҮРҮМ

## ПИОНЕРМИН

Бобоктөргө ырлар жазам,
Китеп кылып чыгарам.
Элүүдөмүн ошондо да
Пионермин кубанам.

Бала бакыт, бала кымбат
Балдар менен чыцалам,
Агарды чач ошондо да
Пионермин кубанам.

Балдарга дейм байлыгымды,
Балдар үчүн убарам.
Коммунистмин, жазуучумун,
Пионермин кубанам!

## КЫРГЫЗ ПИОНЕРЛЕРИНИН МАРШЫ

*(Хор)*

Ала-Тоонун балдарыбыз,
Кызыл жагоо тагынган.
Колубузда Ильич туусу
Жаралгандай жалындан.

К а й ы р м а:

Эмгек, окуу милдетибиз,
Келечектин ээси биз.
Комсомолдун инисибиз
Текке кетпейт сөзүбүз.

Коммунизмдин иши үчүн
Күрөшөбүз, даярбыз.
Партиянын тапшырмасын
Аткарууга жарайбыз.

К а й ы р м а:

Эмгек, окуу милдетибиз,
Келечектин ээси биз.
Комсомолдун инисибиз
Текке кетпейт сөзүбүз.

Саймалайбыз өлкөбүздү,
Гүлдөтөбүз, сүйөбүз.
Мичуринден таалим алып
Бак-даракты тигебиз.

К а й ы р м а:

Эмгек, окуу милдетибиз,
Келечектин ээси биз.
Комсомолдун инисибиз
Текке кетпейт сөзүбүз.

Ала-Тоодо костер күйүп,
Албан иштер төрөлдү.
Коммунисттен үлгү алып
Үйрөнөбүз өнөрдү.

К а й ы р м а:

Эмгек, окуу милдетибиз,
Келечектин ээси биз.
Комсомолдун инисибиз
Текке кетпейт сөзүбүз.

## КЫЧАН

Кычанды атам билет, энем билет,
Кычанды агам билет, эжем билет.
Көргөндө сүрөтүнө салют берип
Балдарым урматташып башын ийет.

Анткени, Кычан сүйгөн совет элин,
Ал көргөн эмгекчинин шаңдуу демин,
Колхоздун уюн багып жалгыз өзү,
Аткарган колдон келген иштин көбүн.

Мойнунда кызыл жагоо күйгөн жалын,
Жек көргөн зыянкечти — кулак табын.
Коомдук мүлккө кол салганга каршы чыгып.
Колхоздун, көпчүлүктүн көргөн камын.

Душмандык кылгандардын бетин ачкан,
Кутурган кулактарга койгон капкан.
Өрт эле, барчын бүркүт Кычан баатыр,
Көргөндү тайманбастан бетине айткан.

Көрө албай суук колун салды душман,
Дүйнөдөн он төртүндө Кычан учкан
Канкорлор жазаны алып эл сотунан
Калтырап кадам баспай кан, жин куськан.

Өлгөн жок, Кычан биздин арабызда,
Айылда, Ала-Тоодо, калаабызда.
Кычанга чын жүроктөн урмат, алкыш,
Кыргыздан кыраан чыккан балабызга?!

Кычанды атам билет, энем билет,
Кычанды агам билет, эжем билет.
Көргөндө сүрөтүнө салют берип
Балдарым урматташып башын иет.

## ЖАЛЫНДА КОСТЁР, ЖАЛЫНДА

*(Хор)*

Жалында костер, жалында,
Жайлоонун толук чагында.
Кыпының салют сыяктуу
Жарыгын чачсын айылга.

Кайырма:

Күйө бер, өчпө, костерум,
Чогулсун мында досторум.
Кызырып турган жылдыздай
Кызыл тууга окшодуң.

Жылында костер, жалында,
Колхоздун жемиш багында.
Түшүмүн жыйнап беребиз
Мурунтан көрүп камылга.

Кайырма:

Жылында костер, жалында,
Ар кимде болсун табылга.

Ата, энебиз сүйүнсүн
Адымда, алга адымда!

Кайырма:

## ЛЕНИНГЕ ГҮЛДЕСТЕ

Көк жибектен жерге көйнөк тигилип,
Мажүрүм тал жашылданып ийилип.
Улуу тоо да укмуштардан бүткөндөй
Жаңы чапан желбегейлеп кийинип.

Кызгалдактар күн нурунан ачылып,
Жаткан сымак жерге батпай чачылып.
Коңгуроо гүл, жыпар жыттуу сандык гүл,
Турган сымак гүл чатырда асылып.

Кыргыз жери толук гүлдүн мекени,
Санаса да жетпейт эч ким эсеби.
Кайсы шаарга, кайсы айылга барсаң да
Гүлгө ороп коюгон сымак көчөнү.

Апрелдин толуп турган убагы,
Салыштырсаң бала кездей курагы.
Тоонун гүлүн топтоп терген балдардын
Айткандарын кезек менен угалы.

— Мен терген гүл Ленинге — атага,
Тагып алсын күрмөсүнө, жакага.
Жыты жыпар баш чарчаса эс алат,
Көңүлдү ачат, салбайт такыр капага.

— Мен терген гүл Лениндин өзүнө,
Кубат берсин сүйлөп жаткан сөзүнө.

Тагып алсын кызгалдагын кыргыздын
Орден сымак жаркыратып төшүнө.

— Кабинети гүлгө толсун дайыма,
Коюп алсын столунун жанына.
Буркураган кыргыз гүлү солубас
Көрк кобойтсун улуу Ленин багына.

— Мен терген гүл эс алуучу үйүнө,
Коюлса дейм терезенин түбүнө.
От жаккандай жалбырттасын кызарып,
Күч бергендей элдик бүткүл сүйүүгө.

Бул сөздү угуп, ким кубанбайт, сүйүнбөйт,
Ленин бирге жүрөктөрдө күлүңдөйт.
Улуу акылман Москвада жүргөндөй
Арабызда жок экени билинбейт.

Жадыраган жакшынакай жаз келди,
Ала-Тоодон тандап балдар гүл терди.
Лениндин туулган күнүн белгилеп,
Бардык элге, кары-жашка дем берди.

Эртесинде гүл дестелер иреттеп:
«Жакшы окуйбуз улуу атабыз билет»,— деп,
Жөнөтүштү Москвага аманат,—
«Улуу Ленин кыргыз гүлүн сүйөт!»,—деп.

## САЛЮТ БЕРЕМ КУБАНЫП

Өмүр бою пионермин,
Кызыл жагоо тагынган.
Балдар менен бирге жүрсөм
Бала болуп жаңыргам.

Сабындамын пионердин,
Салют берем кубанып.
Желбиресе кызыл жагоом
Желге эркелейм сыланып.

Костёр күйсө майрамдарда,
Алоолонуп жанамын.
Вожатыйым комсомолдун
Аткарамын талабын.

Өмүр бою пионермин,
Мен ошого мактанам.
Лениндин айткандарын
Жүрөгүмө сактагам.

## УР БАРАБАН, ТАРТ СУРНАЙ

Бүгүн майрам биринчи май,
Гүл жыттанган ушул ай.
Шаңга толду, айыл-шаарым
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Күч сынашкан ушул ай.
Эмгекчилер жеңип чыккан
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Жаз жадырап келген ай.
Жер бетинде досубуз көп
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Элге тынчтык берген ай.

Согуш оту тутанбасын
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Бактылуубуз, көңүл жай.
Коммунизм курабыз биз
Ур барабан, тарт сурнай!

## БАЛА

Бүт капыма тараган,
Жүрөк менен самагам.
Ишим, күчүм, өмүрүм
Бак-таалайым баладан.

Ыр жазганга жарагам,
Мүнөзүнө карагам.
Жашоом, күнүм, турмушум
Жан жыргаткан баладан.

Жылдар өтүп арадан,
Окуу бүтүп калаадан.
Ой жүгүртүп изденсем
Окуясы баладан.

Гүл тергенде талаадан,
Алыс болуп жалаадан.
Канча ийгилик жолукса,
Кадыр-баркы баладан.

## ВОЖАТЫЙ

Ал вожатый
Кызыл жагоо тагынган.
Значогу жаркыраган жалындан.

Саякатка
Балдар менен барам деп,
Бир топ күндөр
Даярданып камынган.
Бир ай бою
Чөп күйгүзүп, күн ысып,
Далай адам
Чыдай албай тердеген.
Бирок кечээ
Шамал жүрүп, жаан кызып,
Тоонун ичи толуп кетти сел менен.
Чатырдагы отурушкан балдардын
Бири дагы мындай жаанды көрбогон.

Саат сегизге жеткенде,
Кирип келди вожатый:
— Эртең жолго чыгабыз,
Талаада оюн курабыз.
— Асман толгон булут го,
Аны эмне кылабыз?

— Жааса жаасын коркпойбуз,
Саякатка чыгабыз.
Уктагыла баарыңар
Эртең эрте турабыз.

Калың бактын үстүндө,
Көрдүк туман жатканын.
Кыйкырды короз талпынып,
Билгизип таңдын атканын.

Бараткан бизге жол бербей,
Араладык баданы.
Бакан мүйүз, жоон моюн
Бука бизди карады.

— Качкыла, жолдон ой, балдар,
Тентек бука сүзбөсүн.
Көрдүңөрбү кызыл көз
Ачууланып тиктешин.

Жер чолип колхоз букасы,
Бизди көздөй жоноду.
Вожатый «сүзбойт» деп айтты,
— Жейт бекен нанды берели...

Нанды сунуп букага,
Көрсөткөндө ал жеди.
Сүзбой, бизди коркутпай
Акырын гана жол берди.

Шүүдүрүм баскан калың чөп,
Аба да салкын таң менен.
Баратабыз адымдап,
Балалык жыргал шаң менен.

Жол боюу катар терек көп,
Сүйлөшөөргө сөз белен.
Кызыгы жок даңгыр жол,
Кыя менен жүрөлү.
Тоскоолдорду биз жеңип,
Көп нерсени билели.

Булактын суусу шылдырап,
Кыйкырсак тоодон үн чыгат.
Көгүчкөн канат каккылап,
Токою тоонун кулпунат.

Аскадан аркар көрүнөт,
Опого көңүл бөлүнөт.
Кайберен малды жакындан,
Көрсөк деп жүрөк элирет.

Адам баспас аскага,
Абайлап чыгып барганбыз
Минералдан, таштан да
Баштыктарга салганбыз.

Капчыгайдын терең коо,
Эки жагы аска зоо
Атырылат Чүй суусу,
Кубангансып Кыргыз-Тоо.

— Ал жерден түшсө жар экен,
Куюлган куму бар экен.
Жарышып жүргөн биз үчүн,
Жолу начар тар экен?..

Деп кыйкырып вожатый,
Мен жүргөн жакка карады.
Тартып алып колумдан,
Вожатый ишке жарады.

Аңгыча балдар топтошуп,
Тегеректеп алышты.
Мен чыккан жерди белгилеп,
Картага тартып салышты.

— Эми балдар, эс алып,
Костерго отун тергиле.
Кызарып күндүн батканын
Байкаштырып көргүлө.

Мүйүзүндөй бугунун,
Арчанын кургак тамыры.
Көрүнүп жатты айылга,
Биз жаккан костёр жалыны.

Ырдагансыйт биз менен
Тоо суусунун агымы.
Жалындап күйгөн костердун
Караңгыны качырып,
Өрөөнгө тийди жарыгы.

**ФУТБОЛИСТТЕР**

Кең жайлоодо түптүз жерге,
Боз үйдүн арт жагына.
Ташын терип, тазаладык,
Бир кур балдар жабыла.

Биз ойнойбуз бүгүн футбол,
Чарчаганча тебебиз.
«Жагалмайлар», командасын,
«Ылаачындар» жеңебиз.

Элдер толду. Судьянын
Ышкырыгы угулду.
Ышкыбоздор бири калбай
Ушул жерге жыйылды.

Тепти топту учту асманга,
Керим тепти биз жакка.
Дагы тепти алыс кетти
Аралашып таштарга.

Кызыгандар кыйкырышты,
Ысмайылга караштьы.
Оң капталда ойногондор
Озунушту, талашты.

Тебилди топ, вратарь жок,
Көрдү, бирок жетпеди.

Ачылды эсеп, келди кезек
Топтон эч ким өтподү.

Түртүп койду билбейт го деп,
Көрүп калды судья:
— Он бир метр штрафной
Кел, катарга тургула!

Штрафной тебилгенде,
Ок учкандай көрүндү.
Арыстандай так секирип,
Тосуп алды вратарь
Топко коюп көңүлдү.

Ышкыбоздор бири калбай
Алаканды чабуу менен.
Вася биздин капитан
Топту сүздү башы менен.

Куштай учту, көктө сызды
Керим тепти аябай.
Сергей тепкен топту каргып
Тосуп алды Карабай.

Кайра топту тепкен кезде,
Чамгаракка жабышты.
Көргөндөрдүн бири калбай,
Кол чаап күлүп калышты.

Кайнап жаткан казандагы,
Сууга түштү тепкен топ.
— Тобуңарды алгыла,
Үйдөн алыс баргыла!

Деп чоң энем боз үйдөн
Чыга калды сүйлөнүп.

Топту ыргытып ийди дагы
Кайра кетти үйгө кирип.

Кайра келди топ ортого,
Кайра оюн кызыды.
Кең жайлоодо бу футболдун
Арта берди кызыгы!

## КЫЗЫЛ ЖАГОО

Октябрда кан төгүлгөн күндөрдө,
Катуу күрөш салгылашкан түндөрдө.
Кызыл туулар кылкылдаган кезинде,
Нурун чачып, көчөлөргө үйлөргө.

Бийликти алып падышаны жеңгенде,
Улуу Ленин эркиндикти бергенде.
«Аврорадан» алп салюттар атылып,
Бүткүл дүйнө жеңиштерди көргөндө.

Жаңы доордун жаңы таңы атканда,
Бакыт отун улуу Ленин жакканда.
Кызыл тууну Смольныйдын үстүнө
Желбиретип түбөлүккө такканда.

Кыйган кезде падышанын тамырын,
Өчүргөндө чоң согуштун жалынын.
Революциячыл жумушчулар
күйгүзгөн
Маркс менен Лениндин жарыгын.

Дал ошондо кызыл жагоо жаралган,
Кубат алган Ленindeй адамдан.

Курман болгон баатырлардын
канынан
Кызыл оңу очпос болуп таралган.

Ошондуктан биз тагынып жүрөбүз,
Кызыл туудан-кызыл жагоо билебиз.
Коммунизмдин иши үчүн даярбыз,
Анткени, биз Ленинди сүйөбүз!

## ЖҮРҮШ МАРШЫ

Ала-Тоонун жылгасынан
Өзөн, колот, адырдан.
Ашуулардан, туу белинен,
Жүрүш ыры жаңырган.

Кайырма:

Чарчабайбыз, чаңкабайбыз,
Жүрүштөрдө бышканбыз.
Куштар учпас чокуларга
Кубалашып чыкканбыз.

Ак чатырды капчыгайдын
Кашатына тигебиз.
Таштын, чөптүн, минералдын
Жабык сырын билебиз.

Кайырма:

Дене чыңап, күчтү сынап,
Алпинисттен болобуз.
Ала-Тоонун аскасына
Жылдыз тагып коёбуз.

Кайырма:

Мектептеги музейиме
Белек алып келебиз.
Жайлоодогу малчыларга
Концерт коюп беребиз.

Кайырма:

## ТЫНЧТЫК ЫРЫН ЫРДАЙБЫЗ

Эркин өлкө балдарбыз,
Тынчтык сүйгөн атабыз.
Теңдик бизде, эрдик бизде,
Бак-таалайлуу апабыз.

Кайырма:

Дайым жарык күнүбүз,
Дайым таза үйүбүз.
Эмгек менен Ата Журтта
Эң биринчи сүйүүбүз.

Мектепте окуп үйрөнөбүз,
Улуу Ленин өмүрүн.
Тынчтык үчүн, жумшап күчүн
Койгон бүткүл көңүлүн.

Кайырма:

Дайым жарык жолубуз,
Дайым таза оюбуз.
Тынчтык үчүн көтөрүлгөн
Миң-миллион колубуз.

Досубуз көп жер бетинде,
Келсе баарын сыйлайбыз.
Окуп, иштеп бир кишидей,
Тынчтык ырын ырдайбыз.

Кайырма:

Дайым тийген күнүбүз,
Дайым чынчыл оюбуз.
Дайым кызык үйүбүз
Дайым улуу жолубуз.

## АРТЕКТЕ

Сурнай үнү жаңырат,
Барабандар кагылат.
Жан киргендей кубанып
Силкингендей Аю-Даг.

Сол жагында бийик тоо,
Оң жагында кийик зоо.
Калың токой каптаган
Артек деген жер ошо.

Кара деңиз чайпалып,
Гүлдөн килем жайкалып.
Укмуш жер жомоктой
Уккуң келсе айталык.

Айтканынан тайбаган,
Жаңы муундар жайнаган.
Өзүнчө өлкө кургандай
Кыздар менен балдардан.

Чындыгында ошондой,
Чындап тартип бошонбой.
Башкаруучу өзүлөр
Балдар менен созом ой.

Бул өлкөнүн адаты,
Болбойт ичте талышы.
Өсө бергин өркүндөп,
Алыс кеткен канаты.

Мында кимдер келбеген,
Кимдер салам бербеген.
Байланышы башкача
Жер бетинде эл менен.

Балдар түркүн улуттан,
Батыш менен чыгыштан.
Түндүк менен түштүктөн
Келип мында турушкан.

Бешке окуган сабагын,
Күндөлүгүн карадым.
Көп өнөрдүн ээлери
Аткарылат талабың.

Ырда десең ырдаган,
Сында десең сындаган.
Сүрөтчү бар, акын бар
Өз кесибин чыңдаган.

Шефке алып мал баккан бар,
Гүл өстүрүп жаткан бар.
Өз ишинен көрүнүп
Орден, медаль таккандар.

Келечектин илимпоз,
Болбойт мында көңүл кош.
Максаты бир, иши бир,
Кол кармашкан тууган, дос.

Элпек болуп бийлеген,
Диктор болуп сүйлөгөн.
Кызык кино тарткан бар
Келечекке үндөгөн.

Топту кыйын тепкендер,
Жарышкандан өткөндөр.
Сууда сүзүү жагынан
Мастерликке көчкөндөр.

Жатпай жардам кылгандар,
Чек арада тургандар.
Дары-дармек чогултуп,
Өлкөсү үчүн жыйгандар.

Баштап пахта тергендер,
Таамай аткыч мергендер.
Кыйыштырып жемиш-бак
Жаңы сортту бергендер.

Окуп китеп сүйгөндөр,
Кызык жомок билгендер.
Космонавттык кружокко
Кол көтөрүп киргендер.

Жаш ээлери шайбанын,
Футбол билсең тайбагын.
Ушул жерден көрөсүң
Бүткүл дүйнө балдарын.

Өнөр билбес таппайсың,
Өнөрү жок баспайсың.
Уставы бар өзүнчө,
Жаңы келсең жаттайсың.

Кызык өлкө ушундай,
Таза тынчтык кушундай.
Бул өлкөнүн милдети
Достук кушун учурмай.

Бул өлкөнүн туусу бар,
Сууда сүзгөн куусу бар
Күлкү менен шаттыктын
Бийик чыккан чуусу бар.

Карап көрсөң үйлөрүн,
Атыр жыттуу гүлдөрүн.
Ар бир үйдүн аты бар
Билбей калсаң кирбегин.

Көрсөк стадиону,
Жыйналганда бүт чогуу.
Күйөрмандар күчтүүлөр
Чабылганда бүт колу.

Капкаякка угулат,
Бүткүл көңүл бурулат.
Кара деңиз таң калып
Бир заматта кубулат.

Айтылышы бул сөздүн,
Башталышы бул кептин.
Кызыгы көп кымбаттуу
Кызыл Туулуу Артектин.

## АЮУ-ДАГ

Курган окшоп кол менен,
Таштан бүткөн тоо көрөм.
Чыгып бардым жол менен
Баш айланткан зоо көрөм.

Кара деңиз ичине,
Азыр тура калгандай.
Табигаттын күчүнөн
Таштан тандап салгандай.

Бир-бирине жабышып,
Кучакташып тургандай.
Коюн-колтук алышып
Болгон күчүн жыйгандай.

Шарпылдаган деңиздин,
Толкунунан бүткөндөй.
Ээлеп алып көл үстүн
Кайык болуп сүзгөндөй.

Угуп балдар күлкүсүн,
Тамашага баткандай.
Маяк болуп түнкүсүн
Деңизге жол ачкандай.

Аюу жатат суналып,
Эки көзү тунарып.
Суугa башын салыптыр,
Кызыл тилин чыгарып.

Буту, колу чоюлуп,
Бир жамбашы оюлуп,
Жүнү калың үксүйүп
Жаткан сымак тоюнуп.

Кулактары көрүнбөй,
Булчуңдары темирдей.
Кыймылдабайт бир жерден
Арыктабай, семирбей.

Таап алгандай амалды,
Тосот соккон шамалды.
Суук тийгизбейт Артекке
Ээлеп жарым аралды.

Уйкусурап үңкүйүп,
Алп сыяктуу дүңкүйүп.
Түп киргенде турат дейт,
Бүткөн боюн силкинип.

Деңиз бойлоп барат дейт,
Балык кармап алат дейт.
Таң атканда шамалды,
Тосуп жатып калат дейт.

## КОСТЁР ЖАККАНДА

Аюу тоо гүлдү жамынып,
Айпетри жоолук салынып.
Асманы ачык булутсуз
Жылдыздан мончок тагынып.

Костёрго баарын чакырган,
Барабан, сурнай чалынып.
Кара деңиз чайпалат
Жаш досторун сагынып.
Ай да чыкты алкымдан
Нурун чачып жагынып.
Тутантуу үчүн костерду

Укук алган вьетнамдык
Ордендүү кыз камынып.

Артектин ыры ырдалып,
Достуктун күчү чыңдалып.
Кубангандан кол чаптым
Бала болуп сыйлапып.
Бактылуумун барганга
Бапестелип жыргадык.
Айтып бердик билгенди,
Биз да карап турбадык.
Көп коноктор көп жерден
Жер бетинде бүт элден
Келген экен ылгалып.

Тынчтыктын күйгөн костеру,
Тесте гүлдөр окшоду.
Кырк өлкөдөн окулдөр,
Вьетнамдык жетимдер
Жүрөгүмдү козгоду.
Баарынан кымбат эмесни
Бала чактан дос болуу.

Келечекке талпынган,
Баарынын болсо бир жолу,
Баарынын болсо бир ою
Согуш деген жоюлса,
Тынчтык үчүн коюлса,
Жер жүзүндө балдардын
Мотурайган бүт колу,
Вьетнамдык жакты костёрду
Куттуктап бардык досторду.

Жалбырттап күйдү жалыны,
Сүйлөшкө ар ким камынуу.

Тынчтыкка арнап айтууга
Ар кимдин сөзү табылуу.

Ким жактаса согушту,
Артекке эшик жабылуу.
Ар бала айтат өз оюн
Болбойт бизде таарынуу.
Сөз келгенде тике айтмай,
Өкүм сүрбөйт жалынуу.
Болгон эмес өмүрдө,
Кол көтөрүп багынуу.
Биздер үчүн бак-таалай
Кызыл жагоо тагынуу.

Артекте тартип ушундай,
Айтылган акыл бузулбай.
Алфавит менен сөз берет
Ар кимдер сүйлөйт кысылбай.
Ахмед бала Алжирден,
Орусча сүйлөп тил билген.
Өз жеринде достору
Тынчтык, Мекен, Күн сүйгөн.

— Жерде тынчтык жашасын,
Жок кылып бала капасын.
Согушка такыр албасын
Жаш балдардын атасын.

Вьетнамдын жүрөгүн,—
Ханойду дайым сүйөмүн.
Согушун янки токтотсун
Аткарып элдин тилегин.

Баласына карабай
Баскынчылар таламай.

Кемпир менен чалдарды
Кырып жатат аябай.

Булардан өчтү алалы,
Уруксат берсе баралы.
Бүт дүйнөнүн балдары
Чаң тополоң салалы.

Жаш баланын тилеги,
Тынчтык деп согот жүрөгү.
Айтканын байкап угуп кой,
Чындыгында мүдөөлүү.

Жаш бала чыкты кубалык,
Анын да сөзүн угалык.
Жаш колдор колдоп шатырап,
Тынчтыктын күчү чыңалып.

Сүйлөсө сөзү жаңырып,
Айтканы бизге жаңылык:
— Ата-эне сүйөт тынчтыкты,
Азап-тозок арылып.

Жапжаңы биздин үйүбүз,
Кастродо сүйүүбүз...
Өсө берсин жер жайнап
Соолубасын гүлүбүз.

Жумушчу-дыйкан табыбыз,
Ата мекен жаныбыз.
Социализм орнотуу —
Бүткүл элдик камыбыз.

Тынчтык гана оюбуз,
Достук чыккан жолубуз.

Тынчтык үчүн тынымсыз
Көтөрүлөт колубуз.

Үйрөнүп учкуч өнөрүн,
Турмушта көптү көрөмүн.
Советтик балдар, кабыл ал
Кубалык балдар белегин!
Вожатыйга тапшырды
Самолёттун моделин.

Кезек келди бир кызга:
— Тынчтык керек турмушка.
Эгер согуш болбосо
Учаар элем жылдызга.

Ажал тапты бомбадан,
Ата-энемди кор кылган.
Асып, камап баскынчы
Мекенимди тор кылган.

Мектебимди өрттөгөн,
Өз элине кетпеген.
Гүлдөп жаткан жеримди
Зордук менен тепсеген.

Туткун кылып айдашып,
Колу, бутун байлашып.
Жакшынакай жеримди
Көркоолорчо чаңдатып.
Тамга салып күйгүзүп,
Канкордугун билгизип.
Колго түшкөн агамдын
Эки бетин тилгизип.

Аябады балдарды,
Асып, атып чалдарды.

Качып кирип токойго
Менде араң жан калды.

Биздин турмуш ушундай,
Зордук менен бузулмай.
Америкалык желдеттер
Эрки менен кутурмай.

Жоокер менен бир өсүп,
Жардам берип түнөшүп.
Партизандар тобунда
Балдар кошо күрөшүп.

Ишенебиз жеңишке,
Даярбыз ант беришке.
Эл тынчтыгын сүйгөндөр,
Эрте туруп коп иште.

Баатырларга саламым,
Ушул менин каламым.
Белек болсун силерге
Сұранамын, талабым.

Түбөлүккө калсын деп,
Артекчилер алсын деп.
Тапшырды эле жагоосун
Бизде мындай болгон кеп.

Он үчтөгү кыз эле,
Учуп жүргөн куш эле.
Душман үчүн жүрөгү
Жылыбаган муз эле.

Өнөр билген кол учу,
Санитарка болучу.

Дарыларды даярдап,
Жоокерлерге коюучу.

Бомба түшүп жарылып,
Чоң азапка кабылып.
Жарадар болуп кол, буттан
Жатып калган зарыгып.

Ошого да карабай,
Чыдамкай кыз аябай.
Майып болуп айыкты
Басууга буту жарабай.

Ошол кыздын белеги,
Мойнундагы желеги.
Үч жеринен ок тийген
Жагоосуна себеби.

Вьетнамдагы биздин эл
Бир каптаса күчтүү сел.
Коркутуп кол салгандар
Чөп чыкпаган болот чөл.

Биз күрөштүн балдары,
Курал колго алганы.
Биздин элге күч берген
Советтик элдин жардамы.

Баскынчылар айдалат,
Туткун болуп кармалат.
Чындык элдин колунда
Тынчтык кушу сайрамак!

Дегенде кол чабылып,
Ураалаган жаңырык.

Күйүп жатты чоң костер
Барабан, сурнай чалынып.

Сүйлөгөндөр көп болду,
Айткандары эп болду.
Достук тынчтык негизи
Чоң костердо соз болду.

Достук ыры созулуп,
Биз да ырдадык кошулуп.
Айпетриден ай күлөт
Алтын нуру озунуп.

Тынчтык ыры ырдалып,
Согушчандар сындалып.
Бала болуп бир паска
Биз да кошо жыргадык.

## ДАЙЫМ КҮЙӨТ ӨЧПӨС ОТ

Биздин айыл тоо ичинде,
Караколдун өзүндө.
Барып калдым мен күзүндө
Көргөн, билген эсимде.

Айылдын так борборунда,
Орнотулган эстелик.
Гүл кармаган колдоруна
Эл келишет эскерип.

Атам менен согуш жылы,
Курман болгон далайлар.
Ак мрамор чындык сыры
Тизмесинде агайлар.

Бири атам, бири агам,
Бирөө жездем, таякем.
Көз жүгүртүп көңүл салсам
Чоң атам да бар экен.

Эгер алар согушпаса,
Душман жолун тоспосо.
Кармашпаса-тоорушпаса
Күжүрмөн күч кошпосо:

Талап алмак өлкөбүздү,
Туулуп өскөн жергемди.
Баарыбызга салып күчтү
Кулга айлантмак элдерди.

Баатырлардын эстелиги,
Алоолонгон өчпөс от.
Соолубаган кызыл гүлү
Андан күчтүү нерсе жок!

Жагоочондор дайым мында
Ардак постто турушат.
Эстеликти кошуп ырга
Эскермелер угушат.

Ушул жерден бөбөктөрүм,
Пионерге алынат.
Желбиретип желектерин
Кызыл жагоо тагынат.

Бул колхоздон үч жүз он беш,
Курман болгон согушта.
Отуз бирин эли тоскон
Үй жаңыртып конушта.

Алар эми карылар
Жаштарга акыл бергендер.
Акты далай дарыялар
Чоң согушту көргөндөр.

Жүрөк согот токтоо жок,
Жан киргендей эстелик.
Дайым күйөт очпос от
Жоокерлерди эскерип.

## УНУТПАЙБЫЗ ЭЧ КАЧАН

Чоң жолдун оң жак боюнда,
Көк дөбө бар көркөмдүү.
Аргымбай ата таң менен
Ошого чыгат ар күнү.

Таягы жолдош колунда
Бүгүн да чыгып баратат,
Желбегей чапан жарашат.
Башындагы ак топу
Элестейт тоонун ак чоку
Өткөндөрдү каратат.

Бир маалда келип машина
Дөбөгө жакын токтоду.
Ичинен чыгып бир киши
Дөбөгө чыгаар окшоду.

Дөбөгө чыгып ийилип,
Аргымбай ата сүйүнүп.
Кош колдошуп көрүштү,
Кучакташып өбүштү.

Бири бирин сөзгө алып,
Айыл жакка көз салып.
Турушушту далайга
Көздөрүнөн от жанып.

Эмнени сүйлөп жатканын,
Эмнелерди айтканын.
Уккан жокмун алыстан
Барбадым, адеп сактадым.

Бир кезде экөө коштошуп,
Машина жолун улады.
Аргымбай ата кол булгап
Дөбөсүнө өзүнүн
Чыгуумду менин сурады.
Кеп жөнүн мындай курады:

— Академик карыя,
Аты көпкө жарыя.
Бала кезде бир жүргөм
Жигит атын бир мингем
Бирге иштедик дайыма.

Малай болуп мал бактык.
Эптеп жүрүп жан бактык.
Кирпич куюп үй салдык
Чөп чабыкка бир бардык
Эмгектендик иш таптык.

Ошондон бери зымырап,
Далай жыл өттү тыбырап.
Жаадырабай жаштык кез
Жагалданбай өттү тез,
Картайдык эми кыбырап.

Жанагы келип көрүшкөн,
Кучакташып өбүшкөн,

Тууганымдай Иваным
Көргөн сайын сыйладым
Сыналганбыз көп иштен.

Бир жумада келем,— дейт,
Аралап айыл көрөм,— дейт.
Иши бар экен шашылыш
Өзүнчө жаңы ачылыш
Бүгүн отчет берем,— дейт.

Кырк жылдан бери бул дөбө,
Эмнегедир мага эне.
Эртели кеч келемин
Эскерип салам беремин
Мен үчүн сүзгөн чоң кеме.

Олтургун балам жаныма,
Кан кошкон менин каныма.
Эстелик болот бул өзү
Эсиңде болсун чал сөзү
Акыры жүрүп баарыңа.

Илгери жигит кезимде,
Өткөндүн баары эсимде.
Кара тумоо каптаган
Жалгыз мен калгам жатпаган
Ошондо келгем чечимге.

Барганмын Иван досума,
Агасы Антон кошуна.
Билбеймин кантип суроону
Айтканмын кара тумоону
Анда Иван айткан: — чочуба!

Шура сулуу жеңеси,
Вера кыз болсо эжеси.

Антон болсо аптектин
Тɵрɵсү болчу жаш тɵктүм
Ивандын берген кеңеши.

— Дары дармек алабыз,
Каш карайса барабыз.
Эгерде күндүз жɵнɵсɵк
Ачуусу жаман, атам кɵк
Балакетке калабыз.

Олтуруп тур ашыкпа,
Бала сымак жашыкпа.
Кɵндүрɵйүн Вераны
Сен сулуусуң деп аны
Кɵк таш бар чоюн кашыкта.

Ороп алгын кагазга,
Ал чоң дары жараша.
Антондон сурап кɵрɵйүн
Акысын дагы берейин
Табайын бир аз арак да.

Арактан дары жасаган,
Калган бизге атадан.
Кой майынан кошулуп
Каккалып отко тосулуп
Билбеген ичсе чакаган.

Сасыгына карабай,
Керек болот кара май.
Бирок анын сасыгы
Оорутат сопсоо башыңды
Орош керек аябай.

Антонду Иван кɵндүрүп,
Дары алды бир топ ɵндүрүп.

Бармак болдук кечинде
Азыр да турат эсимде
Кара тумоо чоң бүлүк.

Бешообүз түшүп чанага,
Шура, Антон ага да.
Иван, Вера мен өзүм
Кайда жүрсок бир сезим
Баратабыз талаада.

Жол берип айдын жарыгы,
Шашылуу менен чамынуу.
Карасакалга келгенде
Иттер үро бергенде
Кара молдо карылуу.

Түштүк анын үйүнө,
Тосуп алды сүйүнө.
Канча адам оорун калганын
Канча чын, канча жалганын
Кабар айтып билүүгө.

Ошондо Иван көзүмө,
Байгамбар сымак өзүмө.
Үйдөн-үйгө кирип ал
Айтканына кулак сал
Маани берген сөзүмө.

Таң атканча тынышпай;
Эч ким менен урушпай.
Ар бир үйгө киришип
Акыбалды билишип
Оорунну көрүп чыгышмай.

Билгенинче дарылап,
Кийимдери бөздөн ак.

Вера, Шура уктабай,
Дары кошуп берет чай,
Кылтыгы жок ишке так.

Таңга маал болгондо,
Тарадык жылдыз толгондо.
Үйлөрүнө кетишти
Үч дөбөдөн өтүштү
Чыгарып койдум чоң жолго.

Ошондо кылган жардамы,
Айта берсем бар дагы.
Аман калган чоң атаң
Аман калган чоң апаң
Кетээрде элдин дарманы.

Ошону кантип унутам,
Ивандан күйсө достук шам.
Ошол шам күйүп уланып,
Ошол шам кызыл туу алып
Атпадыбы бизде таң!

Ошол досум Иваным,
Көрдү окуунун жыргалын.
Азыр мага жолукту
Каалап чын ден соолукту
Далай келген сыйладым.

Бул дөбөнүн жомогун
Азыр айтып боломун.
Дагы толгон сөзүм бар
Күбө болгон өзүм бар
Алдыңарга коёмун.
Кийин бирге бак тиктик,
Далай, далай иш бүттүк.

Өзүбүзгө там салдык
Кызыл огүз, соко алдык
Алдыда турган иш күттүк.

Дың жер издеп тандадык,
Биринчи соко айдадык.
Бирге жыйнап түшүмүн
Түшүрбөй нандын кукумун
Элден артта калбадык.

Ушинтип өткөн жаштыгым,
Тарыхка толо баштыгым.
Көк дөбө менин эрмегим
Денемди чыңдап тердедим.
Ошентип өткөн жаштыгым.

Ошондо достук башталган,
Ошондон сүйүү сакталган.
Эми ишибиз уланып
Эл достугу чыңалып
Кимге да болсо макталган.

Тетиги калың алма бак,
Өйүздөгү жүзүм шак.
Ошону бизге үйрөткөн,
Таш толгон сайды гүлдөткөн
Баягы айткан Антон сак.

Үйрөндүк орус өнөрүн,
Пайдаландык керегин.
Көрдүк өнөр жыргалын
Достукту келет ырдагым
Достукка үрөн себемин!

## ӨСӨ БЕРСИН БИЗДИН БАК

Март айынын аягы,
Тоого кеткен кар агы.
Өзү тиккен көчөттүн
Өзгөргөнүн карады.

Жаңы чыккан жалбырак,
Жашылданып албырат.
Кылдат менен кык төктү
Карап турбай жалдырап.

Кичине кыз Алыйма
Күрөк алган Салыйма.
Эмгектенет көп балдар
Мээлүүн мектеп багында.

Кыш келгенде жомоктой,
Кыштын суугун тоготпой.
Бакта ойногон кар үйүп
Келсе эчкини жолотпой.

Эми мына карачы,
Тазаланды арасы.
Кыркып ашык бутагын
Кыштын кетти чамасы.

Коштошуп март кеткенде,
Жаз жамгыры өткөндө.
Жашылданды багыбыз,
Нөшөр келип төккөндө.

Гүл кучактап өрүктөр,
Күчөнгөнүн келип көр.
Аллеяны тазалап
Бирге иштеген шериктер.

Жыгачтарын алманын,
Аппак кылып майладым.
Курт, кумурска түшүрбөй
Куштар келип сайрады.

Кайкалаган ак кайың,
Качан келсем иш дайын.
Жаз башынан көрөбүз
Жагалданган күз камын.

Узун бойлуу теректер,
Өскөнүнө себепкер.
Төртүнчүнүн балдары
Чогуу тиккен белектер.

Катар өскөн карагай,
Эмгек тилейт аябай.
Балатыны карасаң
Таза жүргөн баладай.

Тармал жака арчалар,
Кызыл талдан канча бар.
Күбүнүшпөй гүл алды
Күлүмсүрөп алчалар.

Түйүлдү май айында,
Шабдаалыбыз жайында.
Кымыңдаган кызга окшойт
Жел желпинсе кайың да.

Барып калсаң таң атпай,
Булбул сайрайт жадатпай,
Тааныш куштар келгенсийт
Чыга калып терекке.

Ушул бакта көлүбүз,
Күн ысыкта келиңиз.
Тунуктугу башкача
Бир чөмүлүп көрүңүз.

Жол боюнда гүлүбүз,
Биздин бакка кириңиз.
Эмгек биздин сүйүүбүз
Жыйынтыгын билиңиз.

Ашык кылат абасы,
Алмурутту карачы.
Бир бутакта канча экен
Бурул, өзүң саначы.

— Бир бутакта отуз үч,
Үч бутакта туура жүз.
Жыйынтыгын чыгарат
Жыргап келген жыттуу күз!

Эмгек жеңет чынында,
Эмгек элдин сыйында.
Өсө бермек биздин бак
Кылымдардан кылымга!

## ОН ТОГУЗУНЧУ МАЙ

Бүгүн майрам күн ачык,
Жер кулпунат чер жазып.
Желбиреген желектер
Күрөштөрдөн күч ташып.

Пионерлер майрамы,
Бүт балдардын сайраны

Күлкү, шаттык, тамаша
Күлүмсүрөйт Май жаңы.

Көчө кызыл кырмызы,
Советтердин уул, кызы.
Нурун сепкен баарына
Кремлдин жылдызы.

Жагоочондор парадда,
Майрам бул күн адатта.
Таалай берген Ленин
Бакыт биздин тарапта.

Тынчтык сүйгөн күнүбүз,
Партияда сүйүүбүз.
Коммунизм коомунун
Биз ачылган гүлүбүз.

## ЖҮЗҮМ ТОО

Түштүктө тоонун түрү көп,
Балалуу багбан энедей.
Жапырылса тулаң чөп,
Толкунда жүргөн кемедей.

Таштан бүткөн ой-кыр бар,
Кол менен жасап койгондой.
Чыга албайсың кыя тар,
Чыга албас бийик коргондой.

Кээ бир тоону карасаң,
Капталы толо карагай.
Балатыга жанашам
Эркелеп өскөн баладай.

Ал эми көрдүм мен өзүм,
Алкышка бүткөн жүзүм тоо.
Жаштыкка толуп бүт сезим
Ар дайым адам болот соо.

Жүзүм тоонун булагы,
Суусундай экен мүрөктүн.
Ал кыргыздын ынагы
Дарысы экен жүрөктүн.

## ЖАЗ

Жыцайлак кыздай балтыры ак,
Жымыңдап жаш жаз күлүңдөйт.
Жылгаяк тепней балдар сак,
Жылгада эч ким билинбейт.

Илептей муздар салаңдап,
Чатырга тагып койгондой.
Тамчылар түшөт алаңдап,
Ичине ыйы толгондой.

Капталда жаткан кар эрип,
Арманын күнгө айткандай.
Талаадан кыздар гүл терип,
Тамашага баткандай.

Таң менен торгой ыр ырдап,
Булакка үнүп кошуптур.
Бир бала калбай бүт жыргап,
Биринчи жазды тосуптур.

Жер бети күлүп, сүйүнүп,
Жеңилдеп көйнөк кийиптир.

Бак-дарак жеңин түрүнүп,
Баш уруп күндү сүйүптүр.

Жүзүм тоо жүзүм мекени,
Жүзүм тоо элдин жыргалы.
Ушунда экен эсеби
Токомдун тоодой ырлары.

Моңгүлөр чечип ак тонун,
Тоолорго кароол тургандай.
Көтөрүп ой-кыр бүт колун
Куттуктап жазга сунгандай.

Кең талаа күндө шаңданып,
Кеңешин чоң той болгондой.
Кебелбес муз-кар алданып,
Бузулуп бүткүн коргондой.

Кырмызы жаздын келиши,
Кыз бала жагоо таккандай.
Кылактап жердин жемиши
Кыйкырып гүлүн ачкандай.

## КАНДАЙ КЫЗЫК КӨРҮҢҮЗ

Жашыл талаа, тиктең кара,
Гүл чакырып жаткансыйт.
Эрмек кылып салкын желди
Толкун сымак ташкансыйт.
Жапырылып тура калат
Кубанычка шашкансыйт.
Кополоктор учуп-конуп,
Таажысына макмал гүлдүн,
Таңдын ырын жазгансыйт.

Аары учуп, эмгек кызып,
Жаңылыктар ачкансыйт.
Гүлкайырлар боюн керип
Күндү тосуп баскансыйт.

Жашыл талаа, толгон бала,
Бөбөкторүм жарашкан.
Алдыңкысы тарбиячы,
Байкап баштап бараткан.
Торгой сайрайт, тили талбайт,
Келдиңер деп каяктан.
Көпчүлүгү аты чыбык
Таскактатып жанашкан.
«Келатышат баатырлар» деп
Тал-теректер карашкан.

Арыктагы аккан суунун,
Күзгү сымак тунугу.
— Коштоп алган бул чыбыгым,
Кашка бээнин кулуну.
Деп кыйкырып Жуман жүрөт,
Беш баланын улугу.
— Ырдап койчу, Бейшен өзүң,
«Талаа» деген ырыңды.
Ырчы экен Бермет, Бейшеп
Бөбөктөрдүн чыныгы.
Жашыл талаа, жайнаган гүл,
Жарашыктуу жерибиз.
Ойноюм десең коңүл ачып,
Күн чыкканда келиңиз.
Биздин талаа, биздин гүлдөр
Керек болсо териңиз.

Белек кылып апаларга,
Кучак-кучак бериңиз.

Күнгө куйүп чыңалабыз,
Чыйрак биздин денибиз.
Одонолук ойрон болгон
Сылык, сыпаа кебибиз.
Жашыл талаа, тиктеп кара,
Кандай кызык, көрүңүз!

## ЭРТЕҢ МЕНЕН

Таң жаңыдан атканда,
Кыдырып чыктым шаарымды.
Эл жумушка шашканда
Көргүм келди баарыңды.
Тыптынч жаткан түп бою
Көчөлөр кайра жаңырды.

Жамгыр жаап токтогоп,
Сергитет көңүл абасы.
Жаштыкка шаарым окшогон
Шаңдуулугун карачы.
Нурун чачып Күн чыкты
Гүл толгон бактын арасы.

Жашылдан жагоо тагынган,
Жашарып сулуу жаз келди.
Көркөмдүк миң-сан тамырдан
Жер бетине бак келди.
Көтөрүлөт дубалдар,
Кирпичтер улам ташылып.
Илинген кызыл ураандар
Эмгекке элди чакырып.
Мектепке шашып улан-кыз
Коңгуроо үнү басылып.

Машинадан, жол тийбейт
Шоферлор ишке киришип.
Жалкоолукту түк сүйбөйт
Эмгектин сырын билишип.
Чоң энем менен чоң атам
Жүрүшөт көчөт тигишип.

Бакчаларга бараткан,
Бакырaң көз бөбөктөр.
Кийимдери жарашкан
Кичи пейил жөлөктөр.
Жайгансыйт кулач туш-тушка
Жагалданган теректер.

Арыкта суулар жарышып,
Алыска жол жүргөндөй.
Күзгүдөй тунук агышып,
Күчүнө жаңы киргендей.
Көчөдөн быр-сыр көрүнбөйт
Тазалык өмүр сүргөндөй.

Ар күнү таңда турамын,
Жутамын таза абасын.
Күн нуру менин ынагым
Сүйгөндөй эне баласын
Ким сүйсө турган өз жерин,
Таң менен туруп карасын!

## СУРМА

### I

Көрүп жүрөм күнүгө,
Барып калам үйүнө.
Кичинекей Сурманын
Ким экенин билүүгө.

Көздөрү чыны карагат,
Көодөй чачын таранат.
Көңүл койгон көркөмдөп
Көмөктөш инке, көңүл шат.

Ар нерсеге сергек кыз,
Апасына эрмек кыз.
Айылдагы балдарга
Айта турган өрнөк кыз.

Жумшагандай бар күчүн,
Ирeттелүү үй ичин —
Таңыркаткан Сурма кыз
Тазалап аяк-идишин.

Тазалык экен ар кеби,
Күмүштөй күзгү чайнеги.
Темгили жок, кири жок
Терезенин айнеги.

Тургандай нечен кылымдан,
Тыкандык менен жыйылган.
Жибек жууркан, төшөктөр,
Сурма кызга сыйынган.

Ирет менен бардыгы,
Кийим илгич, сандыгы.
Үй ичинен көрүнбөйт
Эскиликтин калдыгы.

Сурма өзү билип тандаган.
Сугарып таза кармаган.
Көрк берип үйгө текчеде
Көк, кызыл гүлдөр жайнаган.

Чыгалы эми үйүнөн
Жыттайлы чарбак гүлүнөн.
Чындыгын айтсам, Сурманын
Эмгекчилдигине сүйүнөм.

II

Атайлап Сурма өстүргөн,
Ар түрдүү сорт көп түрдөн.
Алтын көкүл жүгөрү
Ак чачыгын кестирген.

Ар убакта жайнаган,
Алтыдан сото байлаган.
Алты жүздөн даны бар
Ар сотодо, таңданам.

Күн карама күн карап,
Турган сымак чач тарап.
Ушундай кызык жумушту
Сурма өзү башкарат.

Жүрөбүз гүлүн аралап,
Көпөлөк конот сагалап.
Ушул жерден жыпар жыт
Айлыбызга таралат.

Гүл көп экен ар кандай,
Сүрөткө тартып салгандай.
Таажылары тамылжып,
Таза жүргөн балдардай.

Чарбакта, үйдөй тазалык,
Мектепти көздөй басалык.
Кандай окуйт Сурма кыз,
Калтырбай ачык жазалык.

III

Текшерип журнал барагын,
Бааларын байкап карадым.
Үч, төртү жок жалаң беш,
Эң жакшы окуйт сабагын.

Көп окуп, көптү билген кыз,
Көп сабагын сүйгөн кыз.
Көпчүлүктүн ишине
Ишенип иштейт күчүнө.
Салам айтып улууга,
Салам берет кичүүгө.

Биздин Сурма сылык кыз,
Жүрөгү таза тунук кыз.

Ырдап берет майрамда,
Бийлеп берет андан да.
Көп кыздарды үйрөттү
Кештелеп сайма сайганга.

Ар ишке адис чебер кыз,
Сүйлөсө сөзү терең кыз.
Сурманы балдар сыйлашат,
Акыл айтса тыңдашат.
Кыздардан чыккан жомокчу,
Кыйлалар угуп жыргашат.

Тили таттуу чечен кыз,
Сөзгө турган бекем кыз.

Көргөндө комуз чалганын,
Ичинде калбайт арманың.
«Тогуз кайрык», «Кара өзгөй» —
Айтпайын эми калганын.

Сурма ушундай шайыр кыз,
Ар нерсеге байыр кыз.

Түрүп коюп билекти,
Жакшы тартат сүрөттү.
Пионердик бөлмөдө,
Сүрөт менен гүл экти.

Сурма чыны кандай кыз,
Коммунисттик шаңдай кыз!

## МУГАЛИМИМ

Мугалимим сүйгөн кишим,
Мугалимим таалайым.
Мугалимден менин ишим
Узун өмүр каалаймын.

Мугалимим күчүм, күнүм,
Адилеттүү адамым.
Мугалимден менин сүйүүм
Аткарылган талабым.

Мугалимим — турмушумсуң,
Ой, максатым, тилексиң.
Жол көрсөткөн жылдызымсың,
Токтобогон жүрөксүң.

Мугалимим акыл-кенчим,
Билим берген булаксың.
Келечегим — бактым сенсиң
Ата-энемдей ынаксың.

## ЧОЛПОНБАЙ

Күндө көрөм сүрөтүңдү,
Эске салам өзүңдү.
Токтотконсуң душман огун,
Тосо коюп төшүңдү.

Сенин ишиң, кайрат күчүң,
Элиң менен, биз менен.
Жеңип чыктык душмандарды
Советтик эмгек, күч менен.

Өзүң сүйгөн Кыргызстан,
Эмгегинен даңктаган.
Беш жылдыктын баатырлары
Алга күндө аттанган.

Атыңды угам Чолпонбай деп,
Ар бир үйдөн, айылдан.
Кой кайтарган жайлоолоруң
Көркөмдөлгөн, жаңырган.

Сени унутпайт кыргыз элиң,
Акындарың ырдаган.
Жалгыз гана кыргыз эмес,
Бардык улут сыйлаган.

Күндө көрөм сүрөтүңдү,
Эске салам өзүңдү.
Токтотконсуң душман огун,
Тосо коюп төшүңдү.

## САГЫНГАНДА АТАМДЫ

Сагынганда атамды,
Альбомду ачамын.
Сүрөтторүн өпкүлөп
Олтуруп кат жазамын.

* * *

Эң биринчи бетинде,
Атам мендей бала экен.
Окшош көзүм көзүнө
Коо сүрткөндөй кара экен.

Ачсам дагы акырын,
Жигит кези келишкен.
Бир агы жок чачынын
Азыр аппак неликтен.

Карай берсем көп сүрөт,
Катышыптыр согушка.
Курал сырын бүт билет
Сержант экен согушта.

Москваны коргоптур,
Кыш суугуна карабай.
Мен айтпасам болбостур
Кармашыптыр аябай.

Душман мизин кайтарып,
Замбиректен атыптыр.
Автоматты асынып
Окопто да жатыптыр.

Командири көп мактап,
Кат жазыптыр апама.

Сүрөттөрүн бүт сактап
Жибериптир атама.

«Кызыл Жылдыз» тагынган,
«Даңк» орденин алыптыр.
Келген душман багынып
Кең дүйнөсү тарыптыр.

Кең Мекенди коргоптур,
Фрицтерди жолотпой.
Душман жолун тороптур
Курч кези экен болоттой.

Сүйлөп берди сүрөттөр,
Тил бүткөнсүп өзүнө.
Ашып ишке тилектер,
Кулак сал дос, сөзүмө.

Берлинге да барыптыр,
Катюшалар атылып.
Тынчтык отун жагыптыр
Душман күлүн сапырып.

Жеңиш менен келгенде,
Апам чоң той бериптир.
Мен чоңойгон жергемде
Тынчтык болсун делиптир.

Мунун баарын байкадым,
Альбомду барактап.
Кызыгы көп айтамын
Кимдер менден талашмак.

Өзү куруп жаңы үйдү,
Жемиш багын тигиптир.
Өстүрүптүр көп гүлдү
Ачык сырын билиптир.

Короодо гүл, үйдө гүл
Бул атамдын эмгеги.
Көп жумуштун сырын бил
Келишет эл көргөнү.

Солубаган гүлү бар,
Кышы-жайы ачылган.
Эсеби жок түрү бар
Кызыл, сары, жашылдан.

Азыр болсо атамдын,
Милдетин мен аткарам.
Сөзүн угуп апамдын
Бекер карап жатпагам.

Убагында сугарам,
Сааткa карап эсептеп.
Өз ишиме кубанам
Атам тиккен көчөт көп.

Жагалданган жаңгагы,
Үйүбүздүн артында.
Кыйыштырсам алманы
Биздин жердин шартында.

Бир бутагы алмурут,
Бир бутагы шабдаалы.
Ашыктарын бүт кыйып
Койсом гүлдөп жайнады.

Түйүлгөндө жемиштер,
Жумпарткамын түптөрүн.
Келе бермек жеңиштер
Кебелбестен иштедим.

Жай келгенде көрүп ал,
Жайнап бышкан алчаны:
Жатып албай терип ал
Керек болсо канчаны.

Шагы ийилген өрүктүн,
Саргайганын карачы.
Мен атама шерикмин,
Мен атамдын баласы.

Атам кеткен окууга,
Мичуриндин шаарына.
Алты ай болот окууда
Бүтүп келет багыма.

Багбанчылык кесиби
Карыса да тынбаган.
Жардамчым деп өзүмдү
Эмгегимди сыйлаган.

Сагынганда атамды,
Альбомду ачамын.
Сүрөттөрүн өпкүлөп
Сүйүнүп кат жазамын.

## КҮНДӨЛҮК

Балам менен күндөлүк,
Экөөнү тең бир көрүп.
Сүйлөшөбүз үчөөбүз
Бир-бирибизден сүрдөнүп.

Акырындап ачамын,
Кол койгону жатамын.

Эки болсо элеңдеп
Керелп кечке капамын.

Беш болуп калса күлөмүн,
Баламды жактайт жүрөгүм.
Айтаар сөзүм адам бол
Ошол менин тилегим.

## ОШОЛ КҮНДӨН УШУЛ КҮНГӨ

Асан чочуп жата калды,
Тамекисин жашырып.
Оозу толо түтүн эле
Чыдай албайт батынып.

Шашканынан оң ууртунан,
Түтүн чыкты бурулдап.
Эмне кылмак Динара кыз
Асан жатса кырылдап.

Апасына кайра барды,
Айта салды түтүндү.
Ошол замат үч адамдан
Комиссия түзүлдү.

Чоң апасы, өз апасы,
Үчүнчүсү Динара.
— Өзүң барып көрбөсөң
Асан айтпайт сураба.

Үчөө бирдей эшик какпай,
Каалганы ачканда.
Сулап жатты Асан күлбөйт
Катуу сымак таштан да.

Динара кыз кытыгылап,
Колтугуна тийгенде.
Тура калды өз ордунан
Чоң энеси күлгөндө.

— Шайтан сени албадыбы,
Бу эмине кылганың.
Өпкөң чирип кесел болбо
Унутуп турмуш жыргалын.

Ким үйрөттү сага муну,
Тамекини тартканың.
— Такыр тартпайм мындан кийин
Атакеме айтпагын.

Ошол күндөн ушул күнгө,
Асан сөзүн кармады.
Ага аябай тийди белем —
Динаранын жардамы.

## БАШКАРМАНЫН БАЛАСЫ

Ирет менен гүл сугарып,
Иштеп жүргөн жаш бала.
Бурду сууну ал кубанып
Короодогу бакчага.

Дарбыз, коону жаңы чыгып,
Бадыраңы гүл ачып.
Иса бала эмгек кылып
Иштеп жүрөт чер жазып.

Кетмени да жасалыптыр,
Өзүнө чак жаратам.

Отоо чөптөн тазарыптыр,
Бакчасында баратам.

Жүгөрүсү өсүп тегиз,
Желге бийлейт кулпунуп.
Былкылдаган жери семиз
Суу да жетти умтулуп.

Иса бала кулак байлайт,
Суунун сырын алгандай.
Жүгөрүсү күлүп жайнайт
Суусаганы кангандай.

Бул жумушун бүтүрдү да,
Кирип барды үйүнө.
Башка ишке күтүндү да,
Кайра чыкты сүйүнө.

Акиташка сууну куйду,
От жагылбай кайнады.
Курт-кумурска түшпөсүн деп
Бак түптөрүн майлады.

Карап чыкты өрүктөрүн,
Жемиштин көп түрлөрүн.
Кичинекей багбан бала
Көрчү, иш көзүн билгенин.

Кыйыштырган алмурутка,
Шабдаалынын бутагын.
Жүзүмдөрү көр мени деп
Жайып турат кучагын.

Мына ушундай көп жумушу,
Эмгек сүйгөн баланын.

Мага жакты иш кылышы
Өзүң барып карагын.

Бул пионер Ысык-Көлдөн,
Башкарманын баласы.
Былтыр барып өзүм көргөм,
Ишинде жок чаласы.

«Жаңы-Жылдыз» колхозунда,
Окуп, ойноп жашаган.
Жолдоштору кошуп ырга
Жаш багбан деп атаган.

## ЫСЫК-КӨЛДҮН БОЮНДА

Ысык-Көлдүн боюнда,
Тору-Айгырдын оюнда.
Лагерь бар эң кызык,
Барып калсаң сонун да.

Балык баккан көлү бар,
Гүл өстүргөн жери бар.
Катар-катар ак чатыр
Көчөлөрүн көрүп ал.

Оштонуп аккан булагы,
Ошондон күйөт чырагы.
Аскага балдар чыгышкан
Алууга бүркүт уяны.

Көргөзмө бар көрүүгө,
Көргөндөр көңүл бөлүүгө.
Анда койгон буюмдар
Жетип калды элүүгө.

Баяндайт өткөн тарыхты,
Караңгы менен жарыкты.
Көлдүн түбүн изилдеп
Көп нерсе таап алышты.

Көк мончок бар, шуру бар,
Күмүш таккан куру бар.
Ийик, ормөк, жаргылчак
Илгеркинин пулу бар.

Сокусу менен сок билек,
Тиги турган таш күрөк.
Мына бу киши сыяктуу
Сөлөкөттү ким билет?

Колунда бар таягы,
Жанында жатат аягы.
Төбөтейи кара таш
Келгендин баары карады.

Көргөзмө жакты баарына,
Балага жана карыга.
Эми бара жатабыз
Лениндик залына.

Илинип кызыл желектер,
Коюлган түрдүү белектер.
Терезеден шуудурайт
Балдар тиккен теректер.

Портрети Ильичтин
Жүрөгүмдү сүйүнттүң.
Эске салып өмүрүн
Акыл-ойду жүгүрттүм.

Бактылуу сонун балалык,
Партиядан жаралып.
Кызыктарды көп көрүп,
Ыракмат айтып тарадык.

Ысык-Көлдүн боюнда,
Тору-Айгырдын оюнда.
Лагерь бар эң кызык
Барып калсаң сонун да.

## КҮТӨТ

Мектептерде зымырап,
Сыноолор өтүп бүткөн кез.
Сансыз гүл жерде жыбырап,
Жаш досторду күткөн кез.

Аркайып жаткан Ала-Тоо,
Келгиле дейт балдарды.
Аскасы бийик терең коо,
Келсин дейт балдар ал дагы.

Балдарды күтөт кең жайлоо,
Гүлдөрдөн букет берем дейт.
Эгини бышкан жазгы айдоо,
Эмгектенсе көрөм дейт.

Балдарды тосот дарыя,
Берем дейт балык баарына.
Машина айдап Мария,
Жеткирем дейт шаарына.

Гүлдөп жаткан чөл күтөт,
Бизди көрүп калсын деп.

Улак, козу, төл күтөт
Бизди шефке алсын деп.

Театр, кино, музейлер,
Эшигин ачты балдарга.
Колхозчу ата-энелер
Келгиле дейт жардамга.

Бардык жер күтөт чынында,
Балдар салам берсин дейт.
Артек күтөт Крымда
Адашпай мында келсин дейт.

## МЕН САБАКТАН КАЛБАДЫМ

Беш күн бою калың кар жаап,
Бүгүн гана токтоду.
Талаа, тоолор, чар тарап
Ак тыбытка окшоду.

Эгер жүрсөм жолду бузуп,
Жетпей калам сабакка.
Каптал менен куштай учуп,
Түзгө жеттим заматта.

Чарчабадым атым лыжа,
Таягын бек кармадым.
Аз жеринен арчаларга
Мен илинип калбадым.

Эрте бардым мектебиме,
Жуккан карды кагындым,
Күтүп турдум жолдошторду,
Мен аларды сагындым.

## ҮСӨН КОЛУН КҮЙГҮЗДҮ

Аларчанын башына
Минип алып качырга
Кармайбыз деп кекилик
Барып калдык жазында.

Карматпады кекилик,
Улам качып секирип.
Көрүп койду Асанды
Жата калса бекинип.

Тоо койнунда гүл жайнап
Терип алдык биз тандап.
Бир заматта түш ооду
Караңгыга ким калмак.

Шаркыратма асылма,
Жалама аска башында.
Күңгүрөнөт капчыгай
Асан жетти шашылма.

Биз да бардык жанына,
Көз чаптырып баарына.
«Булак таптым!» — деп айтты
Үсөн жүргөн шагылда.

Жетип бардык үчөөбүз,
Канганча биз ичебиз.
Ысыладык аябай
Ыкчамдайбыз, түшөбүз.

Дегенче болбой бакырды,
Үсөн бизди чакырды.
Улам үйлөп оң колун
Колтугуна жашырды.

Эмне болуп кетти? — деп,
Бакырганың эмнн? — деп.
Сураганга өзү айтты:
— Колум күйүп кетти,— деп.

Үсөн күлдү жылмайып,
Колуң күйсө кимде айып.
Кайнаар булак көзү экен
Ойда күлүп жыргадык.

**АПАМ МЕНЕН**

Менин апам кандай жакшы,
Эч нерсесин аябайт.
Кийим бүтүн, бардык күчүн
Жумшап тамак даярдайт.

Апам менен пейлим кенен,
Ачык-айкын көңүлүм.
Тилейт мага айткан сөзү:
Узун болсун өмүрүң!

Апам кызык ырдап берсе,
Артисттердин өзүндөй.
Айткандары акыл кошкон
Чоң энемдин сөзүндөй.

Апам менен кошо жүрөм,
Көп эл салам беришет.
Чоң апамдар айылдагы
Жолукканда өбүшөт.

Менин апам кандай жакшы,
Кийим кийсе жарашкан.

Алтын Жылдыз сол төшүндө
Ар ким сүйүп карашкан.

Менин дагы жылдызым бар,
Пионермин — атагым.
Небересимин Лениндин —
Баласымын апамдын.

## СӨЗҮМ БАР

Бобогүмдүн көзүнчө.
Калп айтасың Асанкул.
Кулак салып угуп ал
Сага айтаар сөзүм бул:

Бобогүң да калп айтып,
Алдап сени жүрбөсүн.
Калпычы деп ага-ини
Курдаштарың күлбөсүн.

Мына ушуну билип ал,
Чормоңдобой тилими ал.
Жаман-жакшы адаттын
Айрымасын билип ал.

## КИМ УКТАБАЙТ

Ким уктабайт түн киргенде
Өзүмө өзүм суроо берем,
Жооп издейм,
Издей берем таба албайм.
Оюм менен убарамын
Карайлайм...

Таптым аңы жакында
Таптым,
Таптым,
Атайлап тапканымды
Ырымдын сабына каттым.

Жазганча шаштым,
Түн киргенде уктабайт,
Сансыз жылдыз,
Аккан суу,
Көл толкуну
Адамдардын сыймыгы
Балалуу эне,
Соккон жүрөк
Убакыт,
Жүргөн сааттар,
Эл уйкусун коргогон
Чек арачы
Азаматтар!

## СЕЛКИНЧЕК

Биздин бакта селкинчек,
Билгениңер күүлөп теп.
Канат бүткөн немедей
Каалап тепкен балдар көп.

Учкап сымак коколөп,
Тептик Асан экөөлөп.
Жеттик бактын учуна
Бизге эч ким жете элек.

Алты бакан селкинчек,
Алда кызык, айда теп.

Учкуч болом дегениң
Селкинчектен пайда көп.

Кылдат кызык селкинчек,
Кыйкырбастан карма бек.
Болгуң келсе космонавт
Селкинчекти күндө теп.

## БИЗ БАЛДАРДЫ КОРГОЙЛУ

Бешик ыры назик үн,
Мени кошо терметкендей.
Уйкусурап баратам.
Билинбейт мага көөдөй түн
Жылдыздардан берметтердей
Нур чачырайт карасам,
Эмчек берип ырдайт эне
Жылаажындай тим эле
Тыңшайм, тыңшайм
Тийгендей күн
Эне бала тамашаң.
— Уктай койчу карегим,
Садагаң,
Уктасын деп терезеден
Миң-сан жылдыз караган.

Уктай койчу, Ай да уктап баратат,
Уктайлы деп булут дагы тараган.
Уктай койчу жүрөгүмдүн шериги,
Келечектин гүл бакчалуу өмүрү.

Укта,
Ойгоногой таң атса,
Жыттап атаң көтөрүлсүн көңүлү!

Эне үнү өзүнчө бир
Сюитаны коштоп алып
Глинка өзү
Кыл кыякты тарткандай.
Жердин койбой гүлдөрүн,
Бешигине бобоктүн
Тандап келип,
Арнап келип таккандай.
Ачылды уйку чайыттай,
Жайда булбул
Концерт коюп жаткандай.
Бешик ыры булак суусун
Башка жакка бургандай,
Өтүп жатты бала кезим
Булганбай...
...Энем мени эркелеткен
Бирок билген эмесмин.
Биздин эне
Улуу күнгө теңештиң.
Бешик ыры кайра ырдалды
Назик үн
Качты түн.
Күн да чыкты
Эне менен кеңештим
Эне күлүп:
— Бала ысык
Балбылдаган жалындай,
Бала кызык
Жүрүп турган канындай.
Бала бакыт
Ата-энеге нур чачкан
Улуу Ильичтин
Күйүп турган шамындай!
Бул ырды угуп
Мен өзүмчө жыргадым.

Тердеп кетти көтөргөндөй
Жаңы дыңдын чымдарын.
Ошол күндөн ушул күнгө
Кылган менин кесибим.
Балдар үчүн
Арнап жазган ырларым.
Турмушумдун ата-теги
Өмүрүмдүн келечеги —
Окуп жүргөн баламда,
Неберемде,
Чөбүрөмдө,
Адамда!
Ошондуктан биз балдарды
Бапестейбиз ойлойбуз!
Өмүр бою бак-таалайын,
Келечегин коргойбуз!

## КУЛУН ЖАБУУ

*(Бул ыр Ат-Башы районундагы Киров атындагы мектептин окуучуларына окулган).*

Айлапайын, кичинекей бөбөктөр,
Аман болсо далай ишти төрөлтөр.
Тянь-Шандын чокусуна бак тигип,
Тиги жаткан камгак чөлдү көгөртөр.

Азырынча аз болсо да күчүңөр,
Куттуу болсун, демилгеңер, ишиңер.
Ушул турган эркек балдар, кыз балдар
Колхозунда далай ишти бүтүрөөр.

Кулун жабуу жасапсыңар кийизден,
Малчыларды демилгеңер сүйүнткөн.
Кулунуңар чоңойгондо — аргымак —
Ар кимиңер минесиңер күлүктөн.

Жабууларды кулундарга жаптыңар,
Чөп-жем берип, шефке алып бактыңар.
Тянь-Шанда ушул жылда биринчи
Татынакай жаңылыкты ачтыңар.

Бул жабуулар кулундарга белек деп,
Суук тийбесин кыш келгенде керек деп.
Күлмүңдө төртүнчүдөн Айша кыз,
Биздин класс он үч жабуу берет деп.

Куттуктады ишиңерди апаңар,
Кол кысышты аппак сакал атаңар.
Агаларың, эжекелер кубанды,
Түк болбосун жаман баалар, капаңар.

Ырдагыла, ойногула, күлгүлө,
Эмгек ырыс, эмгек бакыт сүйгүлө.
Алкыш айтам акындардын атынан
Аргымакты алчактатып мингиле!

## ЭКИ КЫЗ

Бул эки кыз, жакшы кыз
Деп айтышат айылда.
Бири Бермет, бири Айша,
Быйыл көргөм жайында.

Бул эки кыз жакшы кыз,
Мактагандан жаңылбайм.
Кичи пейил, тил алчаак,
Сыпайы, сылык кадырлайм.

Кырдач мурун, кара көз,
Кылдат өргөн чачтарын.

Сүйлөбөгөн ашык сөз —
Бул Айша кыз айтканым.

Өңү-түсү ак саргыч,
Күлсө күрүч тиштери.
Эмгек сүйгөн Бермет кыз
Айтсам кызык иштеди.

Күндөлүгүн көрдүм мен,
Айша менен Берметтин.
Бешке окушат экөө тең
Алдыңкысы мелдештин.

Сансыз гүл талаа тагынып,
Торгойлор сайрайт тил безеп.
Көйкөлгөн беде чабылып
Келгендей ишке чын кезек.

Чачык байлап жүгөрү,
Күн карама гүл алды.
Болгонсуп жердин жүрөгү
Буралып буудай сыланды.

Коон, дарбыз, жаңы түйүлүп,
Анделек али быша элек.
Алчалар арбын күбүлүп
Пахтанын гүлү уча элек.

Жайдын толук убагы,
Жашаргандай жер бети,
Жагымдуу тоонун булагы,
Жайлоонун тунук шербети.

Айша, Бермет чамынып,
Аябай шашып алышкан.

Заматта амал табылып
«Тез жардамга барышкан».

Аптыгып Айша сүйлөдү,
— Акылай эне оору,— дейт.
Бермет дагы күлбөдү:
— Чыгыптыр оң колу дейт.

«Тез жардам» жетти заматта,
Шакшактап колун байлады.
Кол кабыш кылып эки кыз
Аяшкан жок жардамды.

— Эки кыз эрте келбесе,
Көрмөксүз далай азапты.
— Аздык кылат эр десе
Эки кыз мени жашартты.

Андан врач Жуматай
Баяндады билгенин.
Бермет менен Айшанын
Кол кабыш кылып жүргөнүн.

Быйыл марттын баш чени,
Ала шалбырт айылда.
Эки кыздын иштери
Келечекке камылга.

Көзгө сайса көрүнгүс,
Түн ортосу караңгы.
Булут толгон бүлүнгүс
Таанууга болбойт адамды.

Чертилди биздин эшик жак,
Күйгүздүм өчкөн чыракты.

Текчеде жаткан мышык сак
Тикчийтти эки кулакты.

Эшик каккан ким десем,
Айша, Бермет келиптир.
Картаңбайдын чыдабай
Кыйналганын көрүптүр.

Ошол замат жөнөдүк,
Картаңбайдын үйүнө.
Оорусу эмне экенин
Карап көрдүк билүүгө.

Айткан сөзгө ыпабай,
Суу ичиптир күйүгүп.
Жаткан экен чыдабай
Ичегиси түйүлүп.

«Тез жардам» менен жеткирдик
Шаардагы ооруканага.
Жардам берген эки кыз
Көмөктөш болду дабага.

Акылай угуп кубанды,
Эки кыздын ишине.
Мактаса Бермет уялды
Кызарып Айша кичине.

Демилгеси булардын
Өрнөк далай балага.
Иштерине кубанды
Чаң жугузбас санаага.

Бул эки кыз, жакшы кыз,
Деп айтышат айылда.
Бири Бермет, бири Айша
Сүймөнчүк болгон баарыга.

## НЕБЕРЕСИБИЗ ЛЕНИНДИН

*(Хор)*

Бак-таалайдын кучагында,
Мектепте окуп жатабыз.
Түзүп берген жыргал турмуш
Улуу Ленин атабыз.

Кайырма:

Небересибиз Лениндин,
Биз чоцоюп толобуз,
Асмандагы ай, жылдызга
Эстелигин коёбуз.

Кайырма:

Космос койнун жара тилип,
Чолпонго да барабыз.
Москванын үйлөрүндөй
Марска мектеп салабыз.

Кайырма:

Эмгегибиз, тилегибиз,
Партиянын иши үчүн.
Биздин элдин баатырдыгы
Таңыркаткан жер жүзүн.

Кайырма:

Бүткүл элге тынчтык, достук,
Согуш оту жанбасын.
Коммунизмдин кызыл туусун
Бүткүл дүйнө кармасын.

Кайырма:

## МЕНИН АПАМ

Менин апам,
Сенин апаң,
Апаң жанында болсо
Болбойт капаң.
Менин апам азыр жок
Түшүмдө гана эркелейм,
Алдында жатам,
Баса элек бала болом,
Көкүрөгүн жыттайм,
Кумарымды жазам...

Апам!
Көрбөгөндү көрдү,
Согушта санитар эле
Ок тийип өлдү.
Кучактап кан төгүлгөн жерди,
Коргойм деп
Мекенди, элди.
Көзүмдөн жаш чыккан жок,
Тийгендей көкүрөгүмө ок.
Үч күн жатыптырмын
Эс-учумду билбей,
Куйкалап жаткансып
Арчанын жалыны —
Өчпөгөн чок.
Эсиме келсем
Кара кагаз колумда
Кабар берет апаң жок,
Айлам кетти,
Жыйнап эсти,
Калем алдым колума.
Издеп сөздү,
Жашка сугарып көздү,

Апам согушка кетээрде
Айтканы оюмда:
— Балам!
— Кулак сизде?
— Жаралгандан адам
Бала баркын ойлогон.
Эркелетип бала менен
Бала болуп ойногон.
Баланын мээримине адам —
Өмүр бою тойбогон.
Энесин бала колдогон,
Куру бекер жаш агызба,
Сагынба,
Апалар көп өзүм сындуу айылда
Жетим калгам
Мен да сендей чагымда.
Жөнөйүн эми эл коргоого
Тагдыр шу, таарынба!
Ушул сөздү айтып алып,
Өпкөн эки бетимден,
Түшүнбөдүм,
Жаш чубурду
Менин эки көзүмдөн.
Ойлосом жүрөк эзилген.
Жылдар өттү
Жигит болуп жетилгем.

* * *

Менин апам,
Сенин апаң.
Ким апасын сүйбөсүн,
Билесиңби апа менен
Бүткүл дүйнө гүлдөшүн.
Канча адам жер бетинде жашаса

Ошолорду алтын апа төрөгөн.
Бейпилдикте
Бешигине бөлөгөн.
«Кош балам» деп,
Каныкейдей кайраттуу,
Чоң согушка
Менин апам жөнөгөн.

* * *

Апа деп чыккан тилим,
Апа деген сөз —
Түшүнсөң илим.
Аны барктай билсең сүйүн,
Апага ким наакат айтса
Сапырам күлүн,
Өрттөп жиберем
Өрттөп жиберем үйүн!

* * *

Менин апам,
Сенин апаң,
Ким апасын сүйбөсүн,
Ким апасын сүйбөсө
Ал адам эмес,
Арабызда жүрбөсүн,
Өмүр бою көңүл ачып күлбөсүн!

## КЫЗЫК ЭКЕН КЫШКЫ ОЮН

Дөңгө барып ойнойбуз,
Сүйрөп алып чананы.
Сергек болуп өсүүдө,

Ар баланын талабы.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

Лыжа биздин атыбыз,
Чарчаганды билбеген.
Тоодон ылдый төбөбиз,
Толкуну көп күү менен.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

Бутка коньки байланып,
Музда оюн курабыз.
Шамал менен жарышып,
Куюндан да чыгабыз.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

## КЕКИЛИК

Тоого чыгып чарчагандан,
Шашып үйгө бараттым.
Бир кекилик учту астымдан
Бырпыратып канатын.

Эмнегедир араң учат,
Бир канаты сынгандай.
Кармап алып коюп тузак
Мен ойноюн бир далай.

«Биздин үйдө жаша, ойно,
Тооктор менен болуп дос.»
Дегенимде учуп коно,
Ал айланды мүүпү бош.

Чөп аралап чуркай берди,
Коргоп менден уясын.
Эмне мынча шылдың кылып,
Мени карап турасың?

Балдарыңа учуп баргын,
Тоодо ойноп жүрө бер.
Сенден салам тоогума айтам,
Шаттык менен күлө бер.

## СУУ КЕЛДИ

Тоонун тунук булагын
Ар бир үйгө киргизди.
Ылайлабай кулагын,
Түтүк менен жүргүздү.

Бир убакта суу качып,
Кар эритип жатчу эле.
Арабалап суу ташып,
Ар бир үйгө сатчу эле.

Убара болуп жеңемдер
Чөөт издеп жүрчү эле.
Чилде түшсө энемдер
Короого музду үйчү эле.

Азыр үйдө чоргом бар,
Бурап койсом суу чыгат.
Чоргом күмүш көрсөң ал,
Жалтырайт да, баспайт дат.

Тоонун тунук булагы,
Кирип келди үйүмө.
Тазаланып жууна бер
Он беш жолу күнүгө.

## ЧӨП АЛАЧЫК

Жүгөрүнүн сабагынан,
Ала бата, жалбыздан.
Жасалыптыр чөп алачык
Кекиреден, камыштан.

Ийнеликтер учуп-конгон,
Семиз жердин жемиши.
Алачыкка коон толгон,
Жаш балдардын көп иши.

Тажрыйба жасап алар,
Билимдерин арттырат.
Ал жерден да алып баалар
Күндө толгон иш чыгат.

Күн ачыкта эмгектенип,
Урук жыйнайт даярдап,
Бакча баккан Ашым көрүп,
Бардыгына болот таң.

Алма, өрүктү, коон, какты
Ирет менен жыйышат.
Бадыраңды көп туздап,
Челектерге салышат.

Дарбыз ташып жеткиришет,
Кызыл толгон кырманга.
Алып барат коон, анделек
Эгинди оруп жыйганга.

Алачыктын арт жагында
Үч чөмөлө саман бар.
Коон көмөт ошол жерге
Тез бышсын деп жаш балдар.

Кургатышат өрүк, жүзүм,
Роза гүлдүн таажысын.
Колхозчулар урматташат
Ушул иштин баарысын.

**БАЧИК**

Жети-Өгүздүн токоюнда баратып,
Бачик көрдүм калган окпойт адашып.
Мени тиктейт арац шилтеп кадамын
Зарядка ойноп жүргөн элем таң атып.

Ал жалдырайт мени көздөй бурулуп,
Турган сымак көздөн жашы куюлуп.
Сулуулугун айтуу кыйын башкача
Табийгаттын таасирине сыйынып.

Төрт бутунун узундугу камчы сап,
Булаңдаган куйругунда аппак так.
Эки кулак эп келишкен тикчийип
Эки көзү жаңы күйгөн шам чырак.

Бүткөн бою бир өзүнө ылайык,
Шыйрактары ката электей чыңалып.
Бир силкинди, калтырагы басылды
Мени көрдү кеткенсиди кубанып.

Качабы деп карап турам бир өзүм,
Кандай укмуш тартып алса сүрөтүн.
Табыйгаттын улуулугу ушунда
Кол куушуруп бир башыңды ийесиң.

Жолугушуу бул өзүнчө табышмак,
Эч убакта ала албайсың карыздап.

Мени көздөй араң басып талтаңдайт
Ата-энеси кеткен сымак табыштап.

Түшүнөбү же сездиби билбеймин,
Мен да бастым өз ичимде сүйлөймүн.
Үйүмдөгү бөбөгүмө окшоду,
Кел, келегой кучагыма кир деймин.

Мына, мына келип калды жаныма,
Алда келет качпайт менин багыма.
Кучакташып өбүшүүчү эмедей
Калган сымак энесиндей сагына.

Келди мына буттарыма сүйөндү,
Жүрөгүмө аянычтуу гүл өндү.
Кол тийгизбейм сенек болуп жалдырайм
Болбогонмун эч убакта бул өңдүү.

Бул бачиктин мага ишенип турушу,
Угулгансыйт жүрөгүнүн урушу.
Кубандырды экөөбүздү өпкүлөп
Шоола чачып улуу күндүн чыгышы.

Кол тийгизбейм мага ишенип турганга,
Куштар сайрайт бул өзүнчө жыргал да.
Көздөрүнөн сүрөт көрдүм түгөнгүс
Жазуу кыйын анын баарын ырларга.

## КҮН КАРАМА

Күн карама табактай,
Картөшкөгө кеп айтты.
Анын сөзүн жаратпай
Бир байкушсуң деп айтты.

— Музоо келсе жеп кетет,
Ыйласаң да карабайт.
Улак-козу тепсешет,
Картөшкө деп санабайт.

Балдар келсе казышат,
Тамырыңды жулушуп.
Сага боорум ачышат
Жүдөп кеттиң курушуп.

Картошка күлүп жайдары:
— Укпайм,— деди сөзүңдү.
Күн чыкканын тиктебей,
Карап көрчү өзүңдү.

Дегенде күн карамага
Чымчык конду көзүнө.
Бир данын койбой жеп кетти
Эч нерсе койбой өзүнө.

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Кар эриди, кар кетти,
Жердин бети көгөрдү.
Ким айдады, ким септи
Байчечекей төрөлдү.

Жыты сонун, жыттап кал,
Тагып алып жакаңа.
Тесте кылып терип ал,
Белек кылып апаңа.

Байчечекей баркыңды,
Барыкташып билген бар.

Казган сымак алтынды
Издеп, терип сүйгөн бар.

Байчечекей жыбырап,
Жөжөсүндөй тооктун.
Кошо келген жаз менен
Кандай сонун коозсуң!

## МАРСКА МЕКТЕП САЛАМЫН

Эмне үчүн мен баламын,
Араң эле ондомун.
Же атамдай генерал,
Же бир учкуч болбодум.

Качан толом отузга,
Качан айга барамын?
Эрезеге жеткенде
Марска мектеп саламын!

## БИЛБЕСБЕКТИН БИЛГЕНИ

Даяр тамак, даяр нан
Билбесбектин жегени.
Бир топ суроо сурасам
Күлүп мындай дегени:

— Кант кар менен түшөт,— дейт,
Көйнөк өзү бүтөт,— дейт.
Вагону менен паровоз
Көл, деңизге сүзөт,— дейт.

Анделекти бышырса,
Алма болуп калат,— дейт.

Дарбыз-коонду колхоздо
Жерден казып алат,— дейт.

Бак башына капуста
Кат-кат болуп өсөт,— дейт.
Асмандагы алтын күн
Кеч киргенде өчөт,— дейт.

Бутундагы өтүктү
Кездемеден согот,— дейт,
Шакек, сөйкө, ийне, жип
Суу түбүндө болот,— дейт.

Электрдин жарыгы,
Асмандан Айдан келет,— дейт.
Топчунун да көзү бар
Мен сыяктуу көрөт,— дейт.

Стол, стул, кашыкты,
Тоо-токойдо турат,— дейт.
Билбегениң ушубу
Агай сизге уят,— дейт.

Сүт, каймакты, айранды
Тоодон чыккан булак,— дейт.
Чака, казан, дагыра
Кулагы бар угат,— дейт.

Айнек, күзгү, бөтөлкө
Тоңуп калган муздан,— дейт.
Набат менен шекерди
Бөлүп алган туздан,— дейт.

Уй, кой, эчки заводдон,
Мөөрөп, маарап чыгат,— дейт.

Ширеңкени, чыракты
Күйгөн оттон кылат,— дейт.

Ушул экен досторум,
Билбесбектин билгени.
Кой, чогулуп биз ага —
Чындыкты айтып берели.

## АППАК КЫЗ

Окууга кыз баратат,
Кийими жакшы жарашат.
Жолдон көргөн тааныштар
Аппак кызга карашат.

Батинкеси таптаза,
Лентасы да башкача.
Бул өзү бир кызык кыз
Билбейсиңер айтпаса.

Портфелин көтөрүп,
Кошо барат апасы.
Чынында эле ушул кыз
Көп кыздардын тазасы.

Бул сөздү угуп Карыбек
Сүйлөп калды мындай деп:
— Классынан чыкканда
Ошол кызга кара,— деп.

Шыңгырады коңгуроо,
Үйдү көздөй жөнөдүк.
Аппак кызды жанагы
Байкаштырып көрөлүк.

Кыздын болуп камында,
Келген экен маалында.
Портфелин көтөргөн
Атасы экен жанында.

Утюгдап киймин иреттеп,
Тартипке салган апасы.
Өз колу менен иш кылбайт
Аппак кыздын катасы.

## АЯЗ АТА

Сакалдары чубалып,
Муруттарын кар баскан.
Балдар көрүп кубанып,
Жолун тосуп жарданган.
    Аяз ата бабабыз,
    Ага жагоо тагабыз.

Аяз ата чиймелеп
Тереземе гүл тартты.
Талаа, тоого тийбе деп
Мамык сындуу кар жапты.
    Аяз ата бабабыз,
    Окуубуздан жагабыз.

Күмүш чапан кийинди,
Арча, кайың, тобулгу,
Аяз ата сүйүндү,
Баштап берип оюнду.
    Аяз ата бабабыз,
    Кардан үйлөр салабыз.

## ГҮЛМИРАНЫН КЫЗЫГЫ

Бирде күлсө, бирде ыйлап,
Чачкандарын мен жыйнап.
Текирең таскак тыным жок
Апакесин ал кыйнап.

Атасына жабышып,
Урушуп, кайра табышып.
Чаң тополоң болобуз
Гүлмира менен алышып.

Оюнчуктар көбөйүп,
Ат минген аюу өңөрүп,
Гүлмиранын кызыгын
Балдарга айтып берелик.

Чарчаганды билбеген,
Эч кимге баш ийбеген.
Эки гана сөзү бар
Ата, апа деп, сүйлогон.

Бирдеме айтып булдурайт,
Сүйлөгөнсүп чулдурайт.
Коңгуроосун ыргытса
Кошулуп ага шыңгырайт.

Үйдөгү гүлдү үзөм,— дейт,
Керебеттен түшөм,— дейт.
Сөздү курап айта албай,
Кант салып чайдан ичем,— дейт.

Ага апасы түшүнөт,
Чай менен сүт ичирет.
Уктаганда бир гана
Эптеп ишин бүтүрөт.

Эки күнгө суранып,
Үйдөн апам чыгарып.
Таянем алып көтөрүп
Гүлмира кетти кубанып.

Сүйүндү Айбек агасы,
Бүтчүдөй иштин чаласы.
Динара анын эжеси
Ишке ашкандай санаасы.

Кечки тамак ичилип,
Агасы сабак бүтүрүп.
Эмнегедир үй башка
Болгондой ойсуз түшүнүк.

Үй ичи тынчтык жамынып,
Келгендей ээлеп карылык.
Эмнегедир апасы
Күткөндөн бирөө зарыгып.

Атасы газет кармалайт,
Тамеки тартып алданат.
Динардын кылаар иши жок
Тымтырстыкка таң калат.

Ар кайсы жерде оюнчук,
Койгондой бирөө тоюнтуп.
Мышыкта жатат кыймылсыз
Толгондой ичке санаа-бук.

Эмне болду үйүбүз,
Солугандай гүлүбүз.
Гүлмирди алып келели
Таякемдикине жүрүңүз.

Тура калып атасы,
Чыккандай ичтен капасы.
Оцентпесең болбойт ко
Кабагын бүркөйт апасы.

Канчалык үйдү чачса да
Секирип ойноп жатса да.
Гүлмира экен данакер
Бирде ыйлап, бирде чачса да.

Жаш бала үйдүн көркү экен,
Сүйүүнүн жеткен өртү экен.
Салтанат менен кубаныч
Балада деген шерт экен.

## ТҮШҮМ ТЕРИШ

*(Хор)*

Токой толгон жаңгак экен,
Токой толгон алмалар.
Көрбөгөндөр мында келсе,
Көркөмүнө таң калар.

Кайырма:

Кана жаңгак терели,
Алманы көп берели.

Токой толгон жийде экен,
Токой толгон мистелер.
Көрбөгөндөр мында келсе,
Көрүп алып күчтөнөр.

Кайырма:

Кана, жийде терели,
Мистени көп берели.

Токой толгон өрүк экен,
Токой толгон алчалар.
Шамал жүрсө жайбаракат,
Сансыз жемиш калчалар.

Кайырма:

Кана өрүк терели,
Алчаны көп берели.

Токой толгон токсон жемиш,
Арсланбабда билсең көп иш.
Күз келгенде сен да барып,
Эмгектенип түшүм териш.

Кайырма:

Мол жемишти терели,
Дайым жардам берели.

## ЭКИ ДОС

Керели кечке бийлешип,
Биринен-бири жаңылбайт.
Үнсүз гана сүйлөшүп,
Бирине-бири таарынбайт.

Кубалашып кубанып,
Мышык-чычкан ойношот.
Өз эркинче чубалып,
Жылан сындуу сойлошот.

Каткырышпай балдардай,
Күлөт экен эки дос.

Чатакташпай сайрандай
Жүрөт экен эки дос.

Эки достун иши көп,
Жардам берет жарышып.
Пил эмес бирок күчү көп,
Жатып албайт жабышып.

Чүпүрөктү саймалап,
Гүл салышат ушулар.
Көргөн адам таңданат,
Түр салышат ушулар.

Бул эки дос кимдер деп,
Сурагандар көйнөк тик.
Ажырабас, адашпас
Бул эки дос: ийне-жип!

## ЖЕРДЕН ЧЫККАН БУЛАКМЫН

Жер түбүнө көп жаттым,
Жарык көрбөй тил каттым.
Жер үстүнө чыгууга
Желден сурап жол таптым.

Өз ырымды ырдадым,
Күндө көрүп жыргадым.
Кулундарга суу бердим,
Козуларды сыйладым.

Жаа огундай атылдым,
Суусаганды чакырдым.
Жер үстүнө күн менен
Желдей соккон баатырмын.

Менин туум алма, өрүк,
Аябаймын суу берип.
Балдар менен бирге ойноп
Жүрө берем гүл терип.

Жерден чыккан булакмын,
Жандууларга ынакмын.
Кубат берген үйлөргө —
Жарык чачкан чыракмын.

## КУРМАН СЫМАК ЖАДАТПА

— Курман, Курман бол ылдам,
Төшөгүңдү жыя сал.
Гүлдөр солуп калбасын
Суудан ташып куя сал.

— Азыр мына бүтөйүн,
Азыр мына барамын.
Бир чыны чай ичейин
Кайда эжеке тамагың?

— Курман, Курман садага,
Козуларды айдап кел.
Аркандалган музоону
Суу жээгине байлап кел.

— Азыр мына жөнөдүм,
Бир заматта барамын.
Телевизор ачайын,
Эже келип карагын.

— Курман, Курман тур эми,
Карап койчу дүкөндү.

Чоң энеси таякчан
Ачууланып күчөндү.

— Курман, Курман барсыңбы,
Үнүң кайдан угулат?
Турбайсыңбы ордуңдан
Карма Үсөн жыгылат.

Бирден ашкан бөбөгү,
Жаңыдан эле тил чыгып.
Араң басат бут шилтеп
Агасынан үн чыгып.

— Азыр барам, мен азыр,
Өөп алайын Үсөндү.
— Азый, азый, азый,— деп
Үсөн кошо күчөндү.
Азыр, азыр дей берип,
Түш ооп кетти заматта.
Ата-энеңди ой балдар
Курман сымал жадатпа.

## КАПУСТА МЕНЕН КЕКИРЕ

Капустанын көйнөгү көп,
Кабат-кабат кийинген.
Суроо берди кекире чөп
Ызаат кылып ийилген.

— Көйнөгүңдөн карыз берчи,
Токсон экен санасам.
Суранарым сөзгө көнчү,
Жылаңачмын аясаң?

Анда кулуп капуста
Кекиреге кеп айтты:
— Өз ишине өзү уста
Балдар баккан,— деп айтты.

Мени атайын тигишкен,
Жаз башынан сүйүшкөн.
Күн ысыкта чаңкаттырбай,
Шекер суудан беришкен.

Сендей чөптү жолотпой,
Отоп, жулуп түгөткөн.
Кач, сөзүңдү коротпой,
Кармабагын билектен.

Сөзгө көнбөй кекире,
Көйнөгүңдөн бер,— деди.
Чегирткедей секире,
Айтканыма көн,— деди.

Эгер тилге көнбөсөң,
Көйнөгүңдү тилемин.
Сураганды бербесең,
Ойрон болот тилегиң.

Жолдон өтүп бараткан,
Балдар бери бурулду.
Керилип көйнөк талашкан
Кекире тегиз жулунду.

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ТАРАНЧЫ

Чабалекей чамынып,
Жаз башынан камынып.
Учуп келди алыстан
Ушул жерди сагынып,

Үй шыбынын түбүндө,
Ылай ташыйт күнүгө.
Жасап койду уяны
Эч ким тийбейт үйүнө.

Көргөндөрүм эсимде,
Түнөп калат кечинде
Учуп кетти бир күнү
Чабалекей бешимде.

Көрүп алып уяны,
Таранчы кирди, чыгабы?
Улам-улам баш багат,
Кетпейт окшойт сыягы.

Кайдан келген адашып,
Бирөөнүн төрүн талашып.
Чыкпай койду таранчы
Чабалекейди жадатып.

Канатын күүлөп каккылап,
Арын-терки чапкылап.
Таранчыны чыккын деп,
Талашат да, шаштырат.

Кабак бүркөп таранчы,
— Кайдагы сен, саламчы.
Талашпагын биерди,
Биер сага тиеби!

— Кууланбагын куу тумшук,
Андан көрө сөзүмдү ук.
Көп сүйлөбөй көгөрбөй
Уятың болсо үйдөн чык.

Таранчы тил албады
Өзү кетип калбады.

Чабалекей байкушка
Эч кимдин тийбей жардамы.

— Эмесе кен сезүмө,
Тамак ташыйм езүңе.
Эгер чындап сез берсең
Ушул үйден кечүүге.

— Тыңша сезду айтам так,
Үч күн мени мында бак.
Таруу бергин тазалап,
Эмгегиң менен мага жак.

Чабалекей жатпады,
Тапкандарын катпады.
Таруу, конок тазалап,
Таранчыга сактады.

Үч күн етту арадан,
Чыгат го деп самады.
«Кеткин эми дос» десе
Акшырайып карады.

Канат күүлеп ал учуп,
Кабар кылды баарына.
Чабалекейлер чогулуп,
Келишти бүт жабыла.

— Тартып алды үйүмдү,
Сапырмак болду күлүмү.
Бир таранчы зордукчу
Бекер үйгө сүйүнду.

— Зордук кылган немени,
Азыр барып керелу.

Кармап алып желкеден
Төштөн ары тебели.

Десе сүйлөп карысы
Кабыл алды баарысы.
Таранчыга келишсе,
Мындай чыкты дабышы:

— Таанышым көп, чакырам,
Ар бириңе асылам.
Тырмагымды, тумшукту,
Каныңарга матырам.

Бир чабакең күлүңдөп,
Бүт досторун сүйүн деп.
Акыл тапты өзүнчө
Карыясын жүргүн деп,

Сайга учуп барышты,
Чоподон издеп табышты.
Бир чымчымдан тиштешип,
Билинбей келип калышты.

Чыгарышып чечимди,
Койбой жылчык тешигин.
Бекитишти заматта
Уясынын эшигин.

Аба жетпей таранчы,
Эки көзү алайды.
Өзү келип, өзү өлдү,
Зордук кылган жарайбы.

## ЧАНАКТАРДЫН МАЙРАМЫ

Чанактарга тил кирип,
Көчөгө желек илдирип.
Баштамай болду чоң майрам
Кабар берип билдирип.

Сансыз чанак жарданып,
Миллион, миңден тандалып.
Өкүлдөр Ошко келишти
Өлчөмсүз жерди айланып.

Көрүнүп көзгө карааны,
Сөз алды Оштун чанагы,
Тамагын оңдоп түзөнүп
Меймандарга саламы:

— Туулган жерим Учардан,
Жаз чыгаар замат күч алгам.
Чигит элем чирибес
Ичимде жок түк арман.

Трактор менен айдаган,
Артына мала байлаган.
Кыш бою мени иреттеп
Чигиттен чигит тандаган.

Жумшак жерге себишкен,
Жер семирткич беришкен.
Кылтыйганда кулагым,
Отоо чөбүн теришкен.

Бир аз күн өтпөй жайнадым,
Жерди бекем кармадым.
Ага-инилер көбөйүп
Өсө бердим, талбадым.

Күмүштөй күлүп гүл ачтым,
Жер бетине ыр жаздым.
Жашылданып жайнадым
Жардамы тийип сугаттын.

Бир топ күн өттү арадан,
Келин-кыз мени караган.
Чанак болуп түйүлдүм,
Чакыртып адам самаган.

Бир түптөн он беш, отуздан,
Косегим мойнун созушкан.
Күн нуруна кактандым
Күлбөйт деп ар ким чочушкан.

Айрыкча мени карады,
Айылдын сулуу Жамалы.
Чеканкалап чачымды
Көп өстүрбөй тарады.

Чанак болдум келишкен,
Кары, жашы көрүшкөн.
Сентябрде ачылып,
Курдаштар менен өбүшкөм.

Белди бекем байладым,
Жадырадым-жайнадым.
Көрүп жаттык адамдын
Көрүпө чыккан сайранын.

Таразага тартылдым,
Байлыгы болуп калкымдын.
Өзүм келдим бул жерге
Барынан элге баркымдын.

Курдаштар, бери карагын,
Айткан ушул саламым.

Бул жерде майрам бүткөндө
Москвага барамын.

— Бизге да сөз тиеби,
Же Оштуктар эле күлөбү?
Шаңдуу келдик майрамга
Ырдайлы, биз да, күлөлү...

— Сүйлө, досум, сүйлөгүн,
Сөз таба албай жүрбөгүн.
— Оштук досум, ойлонгун
Шылдыңдап мага күлбөгүн.

— Аравандан келгенмин,
Бек-Абад деген жерденмин.
Ушул жылы төрөлүп
Укмуштарды көргөнмүн.

Эгер Султан болбосо,
Эртелеп тигип койбосо.
Жерден чыкпай калмакмын
Курсагым күндө тойбосо.

Катуу болот жерибиз,
Жамгырсыз чыкпайт терибиз.
Бирок бизди жыргатты
Эмгекти сүйгөн элибиз.

Алты жолу сугарды,
Ахмед аке кубанды.
Ага-тууган чанактар
Ошондон кийин чыңалды.

Жумшартышты түбүмдү
Эркелетип гүлүмдү.

Чанак болуп чардайган
Башкармабыз сүйүндү.

Угушуп менин сөзүмдү,
Өкүл кылып өзүмдү.
Жиберишти майрамга
Чыгарышып чечимди.

Дегенче болбой Баткенден,
Чанак чыкты бат келген.
Ортодо турат ойлонуп
Бүткөн бою маш келген.

— Менин да бар сөздөрүм,
Кереги эмне өзгөнүн.
Баткендин башы Арабат
Баштатан бери өз жерим.

Быйыл биз абдан кыйналдык,
Чанак болуп сыйландык.
Айтайын таржымалымды
Областта жыйналдык.

Сепкенде мени талаага,
Калдым бир аз балаага.
Жамгыр жаабай, мөндүр жаап
Чатак салды арага.

Андан кийин күн ысып,
Өрт болгондой жер кызып.
Кыйналып турган кезимде
Окуя болду бир кызык.

Күн-түнүнө карабай
Күжүрмөн күчтү аябай.

Үч кулак суу жиберди
Күч алдык жаш баладай.

Эмгендей эне сүтүнөн,
Дем алдым суунун күчүнөн
Адамдын кылган эмгегин
Ардактаймын, түшүнөм.

Чанак болуп калганда,
Кебез болдук тандалма.
Айткым келет алкышты
Бизди терген балдарга.

Бүтөйүн эми сөзүмдү
Мактай бербей өзүмдү...
Сузактан келген бир чанак
Ортого чыгып чечинди:

— Кичине деп ойлобо,
Кичинемин чынында.
Менин булам жибектей
Мактаган бир кыз ырында.

Ар гозодон кырк бештен,
Арбын болуп жыйналдым.
Көркү болдум көрсөңөр
Колхоздогу кырмандын.

Отуз күндө чогулдук,
Талаага калбай бирибиз.
Жаркырап-жайнап ачылды
Чанак болуп гүлүбүз.

Кубанды бизди тергенде,
Мактапты бизди көргөндө.

Биринчи сорт деп айтышты
Фабрикага бергенде.

Сузактык сөзүн бүткөндө,
Трибунадан түшкөндө.
— Кара-Суудан келдим,— деп
Бир чапак белин чечкенде:

Председатель ага сөз берди,
Сүйлөй турган кез келди.
Мектептен келген балдарды
Кара-Суулук эскерди:

— Мени балдар тигишкен,
Сырымды жакшы билишкен.
Кыйналбастан өссүн деп,
Бир башынан киришкен.

Муктар, Сатар келишти,
Машина менен теришти.
Бир жуманын ичинде
Сексен тонна беришти.

Кыйналбадым, жыргадым,
Тепселбедим, сынбадым.
Балдарды мактап ошондо
Төмөнкүдөй ырдадым:

— Силер да өсүп толгула.
Атаңардай болгула.
Алтындан жылдыз тагынып
Азамат атка конгула.

Көңүлдүү ойноп-күлгүлө.
Көп пахта сырын билгиле.

Көбойткөн байлык чанакты
Көшүлтпөй бизди сүйгүлө.

Аябаймын барымды,
Сыйлаймын бала чагымды
Өркүндөп өскөн бөбөктөр
Менден жагоо тагынды.

Кара-Суунун чанагы,
Эки жагын каранды.
Ким экен деп биз калдык,
Ортого чыккан баланы.

Бала чанак сылапып,
Бир азыраак уялып.
Ортого ал чыкканда
Кол чаптык биз да кубанып.

— Рахманжандан келгенмин,
Ырыска батып көнгөнмүн.
Атагы ашкан кадимки
Сакалды деген жерденмин.

Эркелетип баладай,
Тентектикке карабай.
Багышты мени бакташып
Өзүмдөн тамак аябай.

Эжебиз болот эзелден,
Айыктырып кеселден.
Саадат деген апабыз
Желкесине көтөргөн.

Кээ күнү күлбөй ыйладым,
Кээ күнү өспөй туйладым.
Саадат апам келгенде
Санаалаш болуп жыргадым.

Күн-түнү бизди караган,
Баласындай аяган.
Үйүнө басып барбаган
Көк чайын ичип талаадан.

Саадат апам жайында,
Июнь, июль айында
Умачтай ачты көзүмдү
Сугарып бизди маалында.

Биз да өстүк кубанып,
Жатпадык бекер уялып.
Жерге батпай жайнадык
Булабызды чыгарып.

Актыгым кардай карасаң,
Сулуулукту талашам.
Сүйлөсөң сүйлө куршабдык
Сүрдөнбөй ишке жарасаң.

— Келгенмин Отуз-Адырдан,
Салам айтам Садырдан.
Алтын саат алган сугаттан
Акебиз биздин Кадыржан.

Өскөнмүн жердин дыңында,
Чыкканмын быйыл чынында.
Маалим болдум мен өзүм
Төлөндүн жазган ырында.

Жыл өткөн сайын жайнаймын,
Силерден артта калбаймын.
Көчмө тууну көп жолу
Көкөлөтө кармаймын.

Силерге айтар саламым,
Мен дагы чанак баламын.
Лейлек жактан келаткан
Кечиккенди карагын.

Шашкандан курс жөтөлгөн,
Жонуна белек көтөргөн.
Лейлек экен турагы
Бул чанактын эзелтен.

— Менин досум күн эле,
Төрөлгөндөн чыңалып.
Мендей чанак миң эле
Күздү күттүм кубанып.

Асманды көп карадым,
Түн кирсе жылдыз санадым.
Планы толуп быйыл күз
Жигиттей ишке жарадым.

Курсагым дайым ток болду,
Отоо чөптөр жок болду.
Ачылдым күндүн өзүндөй
Жалбырагым жок болду.

Ошону айтып берейин,
Өзүмдү кыйын дебейин.
Алардын аты ким экен
Кагазымды көрөйүн.

Бири жигит Бектурган,
Бири келин Кызкурман.
Самолет менен асманда
Сагынгандай иш кылган.

Алар дагы чачышты,
Жалбырактар качышты.

Баарына өзүм чыдадым
Сабактарым ачышты.

Ошондон кийин күрүлдөп,
Бүткөн боюм дирилдеп.
Кораблдер келишти
Бункерге баарың кириң деп.

Машина болду атыбыз,
Айттык сөз: — Ылдам ташыңыз!
Теңшерип көрсөң өзүмдү,
Жибек сымак затыбыз.

Лейлектин чанагы,
Аз сүйлөп ишке жарады.
Чоң майрам болуп бул Ошто
Эртеси күнү тарады.

* * *

Чанактар менен бир жүрүп,
Куттуктадым майрамын.
Ушул жазган ыр болду
Аларга берген жардамым.

## ДОСТОРУМДУ СҮЙӨМҮН

Апам мага арнап тикти,
Ак жибектен чак көйнөк.
Кийип алдым кечээ бүттү,
Жолдошторум көрсүн деп.

Таза кием көйнөгүмдү,
Кирдетпейм, чаң жугузбайм.

Айтып берем көргөнүмдү,
Балдар менен урушпайм.

Даярдаса эжем сабак
Такыр жолтоо кылбаймын.
Апам жууса идиш-аяк,
Мен да карап турбаймын.

Кашык жууймун кадимкидей,
Тасмал менен сүртөмүн.
Эмгектенсем баары бирдей,
Өз маалында бүтөмүн.

Эжем менен бирге басып,
Гүлгө сууну куямын.
Жөжөлөргө тару чачып
Тамак берип турамын.

Апам тиккен көйнөгүмдү
Дайым таза киемин.
Айтып берем көргөнүмдү,
Досторумду сүйөмүн.

## БАЛДАР БАКЧАСЫНДА

Мойтоңдошкон кичинекей
Күлүмсүрөйт көздөрү.
Таптак чыгат,
Татынакай —
Сүйлөгөндө сөздөрү.
Ойноп жатты, ыр ырдашты
Жашыл бактын ичинде.
Өздөрүнчө кеңеш курган,
Кызыктар көп ишинде.

— Мен мышыкмын, Асан чычкан,
Качкын, сага жетемин,
Өзүм күлүк далай чыккам,
Сөзсүз, сенден өтөмүн.
— Куугун, кана,
Качтым мына —
Жетип алчы секирип.
Мышык чуркап мыёолоду,
Чычкан качты бекинип.
Балдар күлүп каткырышып,
Мышык жетпей жыгылды,
Асан күлүк чычкан эмес
Учуп жүргөн куюнбу.

— Куюп болсо учпайт беле,
Чуркап жүрөт карасаң.
Жетпей ага
Калдың жана,
Канча айландың санасаң.
— Мен жеңилдим,
Жете албадым.
Чарчап, чекем тердеди.
Мен турайын, сен мышык бол,
Чычкан кармап кел деди.

* * *

— Мына, менин салчу тамым,
Жети бөлмө карачы.
Терезеси жыйырма жети,
Ишенбесең саначы.

— Тамды жакшы
Болжолдопсуң,
Аны сенден талашпайм,

Же багы жок, же гүлү жок,
Ошонусун жаратпайм.

* * *

— Мына менин самолётум,
Канаттары кагаздан.
Учуп кетсе аба жиреп,
Көк асманга жарашкан.
Канаттарын боёк менен
Көпкөк кылып боёдум.
Бир жерине кадимкидей
Жылдыз тагып коёмун.
Дал ошондо,
Көргүн жолдо
Көтөрүлүп учканын.
Куш аттууга жеткирбестен
Асман менен сызганын.

* * *

— Мына менин жемиштерим,
Алмаларын карачы.
Көтөрө албайт бутактары,
Канча алма бар, саначы.
Жүзүмүчү —
Таттуу набат,
Тамшандырган балдарды.
Шабдаалым бар абдан сонун,
Сансыз мөмө байлады.
Бул сүрөтүм эң бир жакшы —
Жемиштердин баары бар,
Ар бир анар пияладай,
Алмуруту дагы бар.

* * *

— Тигине топ,
Чурка ылдам,
Элден мурда жетели.
Асанкулдан ылдам-ылдам
Топтон озуп кетели. —
— Карма топту,
Бери көздөй ыргыткын.
— Карма! Карма!
— Керим, алба,
Айша, сага ыргыттым!

* * *

Кайык жасап,
Атын атап,
Суугa балдар барышты.
Көлчө кенен,
Шамал менен
Кайыктары жарышты.
— Меники озду,
Артта калды сеники.
Ортодогу жашыл кайык
Озуп кетти, кадимки?
— Меники!
— Сеники!
— Жок, меники!

* * *

Күрөк алып,
Кумга барып,
Арыктарды казышты.
Майкаларын чечип коюп,

Ысык кумга жатышты.
Күн түш болду,
Чогулушту.
Тазаланды, жуунушту.
Тартип менен баары белен
Каз катарга турушту.
Мына ашкана,
Байка, кара:
Тамак-ашы жайнаган.
Ак нандары,
Арбын балы,
Сүтү турат кайнаган.
Гүлдөй кызыл
Апорт ушул
Коюлуптур алмадан.
Сары майы,
Таттуу чайы,
Каймагы да камдалган.
Мына ушундай,
Бакча көркөм,
Бөбөктөргө курулган.
Ыр ырдаса,
Бир обондо
Көчөлөрдө угулган.
Бирге басып,
Көңүл ачып,
Күндө балдар жыйылган.

## АЛ АПАМА БЕЛЕГИМ

Ракета учурам,
Мен ошого кызыгам.
Бир ай бою жасадым
Жезди каптап тышынан.

Баскычтары башкача,
Эч ким билбейт айтпаса.
Бирине-бирин кынадым
Ак калайдан таптаза.

Курт саламын ичине,
Чегиртке салам кичине.
Күнгө жетет күрүлдөп,
Күндө кирет түшүмө.

Жылдыз тагам учуна,
Жеткизбейт тоонун кушуна.
Аралайт булут, асманды,
Кадимкидей сызыла.

Кайра келет болжолдо,
Он эки саат болгондо.
Өзүм байкап текшерем
Жерге жетип конгондо.

Чегирткесин көрөмүн,
Ченеп тамак беремин.
Аткарылса айтканым,
Ал апама белегим.

## МАКТАНГАНЫ ЭП ЭКЕН

Дем алыш күн, таза аба
Кар жаңыдан кеткен кез.
Балдар күткөн Март айы
Он бешинен өткөн кез.

Байчечекей жер жайнап
Гүлүн ачкан убагы.

Бак-дарактар бүр байлап,
Бүрүн ачкан убагы.

Жылдызчандар чогулдук,
Темир жыйнап жүрөбүз.
Кичинекей болсок да
Иштегенди сүйөбүз.

Мала таптык талаадан,
Түшкөн экен тиштери.
Айша тапкан күрөктүн
Кеткен экен миздери.

Казан таптык чоюндан,
Так түбүндө жарака.
Жазуусу бар боорунда
Табагы жок тараза.

Имаш келди көтөрүп
Сары жезден дагыра.
Капшырылган капталы,
Койду мала жанына.

Буту сынган тулганы
Ыргытышты чатырдан.
Темир-тезек жыйналды
Керексиз да чачылган.

Осмон болсо ойлонуп
Курбуларга сүйлөдү:
— Чоң кампанын жанында
Дөңгөлөк бар жүр,— деди.

Төрт дөңгөлөк бар экен,
Жаанда калып дат баскан.

Бир тоннадай металл-лом
Жыйналыптыр аз-аздан.

Октябрят балдардын
Билген иши көп экен.
Вожатыйдын сбордо
Мактанганы эп экен.

## ДОСУБУЗ БАР

Досубуз бар эң сонун,
Ар нерсени бүт билет.
Бардык элде, бүткүл жерде,
Саякатта көп жүрөт.

Досубуз бар, сылык алар,
Кадырлайбыз, сүйөбүз,
Кээде ырдап, кээде сүйлөп,
Кызыгына күлөбүз.

Кеңеш берет көп кишиге,
Пайдалуу ишти үйрөтөт.
Жакшы билсең, сөзгө кирсең,
Акылыңды гүлдөтөт.

Аны менен кең асманга,
Кайда болсо барасың.
Керек экен издеп аны,
Дүкөндөрдөн табасың.

Сууда сүзүп, тоого чыгып,
Токойдо да жүрөсүң.
Терең сырын үйрөнсөң сен,
Толгон өнөр билесиң.

Сүйлө десең, сүйлөп берет,
Келечекти өткөндү.
Мааниси алтын, билгин баркын,
Айтат кызык сөздөрдү.

Досуңардын аты ким деп,
Билбегендер сурашаар.
Досубуздун аты китеп,
Үйүңүздө дагы бар.

## МЕНИН ЭМЕНИМ

Жаз башында үй жанында
Көмдүм эмен уругун.
Көлөкөлүү бак болсун деп,
Күндө карап турамын.

Кадимкидей бутак алып,
Жашылданып өсө бер.
Булбул, чымчык ыр ырдасын,
Жылдыздарга жете бер.

Сугарып жүрдүм дайыма,
Түптөп түбүн жумшартып,
Өстү, бутак көрүндү
Келгендердин баарына.

Жалбырактар шуудурады,
Жел да келди тоо жактан.
Мына ушунда эменди
Күндүр-түндүр мен баккам.

Үйдөн чыксам бир күнү,
Кара эчки келип калыптыр.

Мен тиккен эмен кабыгын
Сыйрам деп басып барыптыр.

Артынан куусам аянбай,
Дубалдан аша секирди.
Огородду аралап,
Айламды жаман кетирди.

Капталдан кармап тартканда,
Сүзөм деп мени качырды.
Эмениме жалгыз түп,
Өчөшкөнсүп асылды.

Анысына болбодум,
Артынан кууп, чек дедим.
Азыр көзгө көрүнбөй
Аябаймын кет дедим.

Дедим да айдап эчкини,
Эменге тикен каладым.
Акырын өсөт антсе да,
Абайлаймын, багамын.

Бир күнү өсүп чоңойсоң,
Көлөкөңө келемин.
Үнүн угуп булбулдун,
Өзүм да ырдап беремин.
Бак-дарактар өстүрүү,
Мичурин берген өнөрүм.

## САРЫ КЫЗ

Болбойт мында жаңылыш,
Жөнү жоктон чамыныш.
Бештен башка баасы жок
Безилдеген сары кыз.

Сөздөн сөзду улантып,
Мугалимин кубантып.
Чечендиги ченде жок
Билбегенди уялтып.

Сурап корсөң тарыхтан,
Сөздөн сени жаңылткан.
Кимдер жеңди, жеңилди
Билет баарын — даанышман.

Сурап көр географияны,
Ал сабак досу, ынагы.
Адашпай күйүп жаткансыйт
Магеллан жаккан чырагы.

Ирettүү окуйт сабагын,
Жат билет төрт амалын.
Кубандырат баарысын
Күндөлүгүн карагын.

Ар бир ишин тактаган,
Ак эмгектен качпаган.
Айлыбызда Анар кыз
Аны менен мактанам.

## АТЫ САГЫН, ТААНЫП АЛ

Суук өзгөчө, кар калың,
Бороон боздоп үшкүрөт.
Көрсөң дагы бут камын
Чилде, аязга күч кирет.

Айдап алат шамалы,
Тызылдатып кулакты.

Тапкан сымак амалды
Титиретет улакты.

Чымчыктар болсо чырылдап,
Короого кирип корголойт.
Калган сымак кырылдап
Кара короз жорголойт.

Торгойлор жүрөт тоё албай,
Калгандай топтон адашып.
Бир жерге бутуп коё албай
Жакшына жайды самашып.

Терезеден тиктеп турган
Сагын муну байкады.
Чымчыктарга жардамды
Кылгандарын айталы.

Чатырчалуу жасап тактай,
Илип койду иреттеп.
Бул куштардын ашканасы
Айткым келет сүрөттөп.

Төрт бөтөлкө арпа толду,
Башын ылдый каратты.
Чардан дагы чачып койду,
Илип койду калакты.

Сагын күлүп үйгө кирип,
Терезеден көз салды.
Чымчыктар да муну билип,
Курчап алды бүт тамды.

Чокулашат жарышкандай,
Арпа түшкөн тактайды.

Учуп-конуп терезеге,
Алкыш айтып жатпайбы.

Ашканасын куштардын
Көрүп алып Сагындан.
Айылдагы кыздардын,
Арасына жайылган.

Ар бир үйдө, чатырда
Ат байлаган акырда.
Терезенин түбүндө
Кар түшпөгөн такырда.

Куштар үчүн ашкана,
Акшак, арпа, чары бар.
Муну тапкан жаш бала
Аты Сагын, таанып ал.

## АР ДАЙЫМ ЖАКШЫ ТАЗАЛЫК

Чаң сапырып ойногон,
Айтпаса жуунуп койбогон.
Жапаркул деген бир бала,
Көргөнүмдө кордоном.

Жек көрөт дайым самынды,
Какачка колу кабылды.
Эмне үчүн бизди жуубайт деп,
Бети-колу таарынды.

Мамалагын бойтойтуп,
Аюу дагы киринет.
Тумшугуна кир койбой
Аппагым деп сүйүнөт.

Суута түш десе ыйлаба,
О Жапаркул кыйнаба.
Башыңа самып сыйпаса,
Азоо тайдай туйлаба.

Азыр сен туура бештесиң,
Тазалык үйдөн кетпесин.
Өйдө бол, өрдөк, каздардан,
Мамалак сенден отпосун.

## ЖАҢЫ ҮЙДӨ

Топурак ташып, суу буруп,
Бышырып кирпич жасадык,
Эки кабат үй куруп,
Куурчакка деп атадык.

Ысыкта салкын болсун деп,
Арча, кайың, тал тиктик.
Куурчак айлы консун деп,
Жай бүткөндө биз күттүк.

Куурчактар өзү келбеди
Күлүп ойноп кубанып.
Биз курган үйдү көрбөдү,
Сылыктык менен суранып.

Кабар айтып калтырбай
Куурчактарга билгиздик.
Тургузуп баарын, катар жай
Даяр үйгө киргиздик.

## МЕНИН ЭКИ КУУРЧАГЫМ

Сатып алдым Юлияны
Шаардагы детмирден.
Жайында да ысыбайт
Өзүнө чак тон тийген.

Анар болсо кышында
Үшүбөгөн көйнөкчөн.
Аязга да чыдамдуу
Суук тийбейт тердетсем.

Менин эки куурчагым,
Бети-колу таптаза.
Алар да «уктайт» кечинде,
Эрте турат мактаса.

## МАМАЛАК КАЙДА

— Мамалак кайда чоң эне,
Сарайга байлап койдуңбу?
Көрбөдүм беле түндө эле
Жибинди ийрип болдуңбу?

— Аны мен кайдан билейин?
Кай жакта эле мамалак.
Сага көйнөк тигейин
Турбачы мында сагалап.

— Мамалакты табыңыз,
Конфет берип багайын.
Эркелетип баарыбыз
Бөбөк кылып алайын.

— Эмне дейсиң садага,
Түшүнбөдүм сөзүңө.
— Уктап жатып түшүмдө
Көрсөткөн элем өзүңө.

Эркелетти чоң эне
Небересин өпкүлөп.
— Түшүндө көргөн мамалак
Токойго качып кетти деп.

## КУР КАЛДЫ

Курман кармап чымчыкты,
Бир азыраак чыр чыкты.
Алдаберген талашып,
Ал сарайдан кур чыкты.

— Мен уяны көрбөсөм,
Айтып сага бербесем.
Ала албайт элең чымчыкты
Ээрчитип мында келбесем.

— Талашкан менен пайда жок,
Тартышып Курман болбо шок.
Чымчыкты мага бергиле,
Чымындай анда күнөө жок.

Акырын коё берейин,
Ким ээси экен көрөйүн.
Жолго барып тургула
Акыңарды төлөйүн.

Макул болду тигилер,
Ким ээси азыр билинээр.

Кимге консо боз чымчык
«Олжо» деп ошол сүйүнөөр.

Чымчыкты кармап колуна,
Учурду Мурат оңуна.
Эч кимге барың конгон жок
Кошулду коңшу тобуна.

Ошентип талаш чыр калды,
Экөө тең күлүп кур калды.
Мурат болсо култуюп
Билмексен болуп жылмайды.

## ЧАЛЧЫК КЫЛАТ ИЧИМДИ

— Алмазбек балам, Алмазбек,
Чатакташпай олтур тек.
Тиги сүттөн куюп ич
Каймагынан калпып жеп.

— Жок ичпеймин сүтүңдү,
Чалчык кылат ичимди.
Кетирбесин бекерге
Кебелбеген күчүмдү.

— Мунуң эмне дегениң,
Кургак нанды жебегин.
— Кечээ көргөм апаке,
Азыр айтып беремин.

Чалчык ичкен биздин уй,
Бадага айдап баратсам.
Анын сүтүн итке куй
Күлбөйбү музоо талашсам.

## УКТАП КАЛГАН ТУРБАЙБЫ

— Апа, апа бери кара,
Тоо көрүнбөйт каякта?
Кеткенби ал да эжекемдей,
Олтурабы сабакта?

Тынчы кетип Айбек бала,
Апасына чуркады.
— Тоо жоголду, калды талаа,
Түтүн аны курчады.

Бала тили таптак чыккан,
Апакесин шаштырды.
Чуркап келип сөзүн уккан
Терезени ачтырды.

— Чын эле тоо кайда кеткен?
Кайда анын карлары?
Кечээ эле көзүм жеткен
Эмне болгон жарлары?

— Тумчуктуруп туман басып,
Уктап калган турбайбы.
«Ойготом» деп Айбек шашып,
Ойго батып жылмайды.

## БЕШИККЕ БӨЛӨП КОЁМУН

Куурчагымды жоготтум,
Үйгө кетип калганбы?
Же болбосо башы ооруп,
Доктор жакка барганбы?

Кайда кетти куурчагым,
Курсагы анын ачтыбы?
Тентек эле теңдеш жок,
Же машина бастыбы?

Кечээ урушуп койду элем,
Жашындыбы таарынып.
Же мончого кеттиби
Келейин деп жаңырып.

Эмне болду түшүнбөйм,
Кино көрүп жүрбөсүн.
Жыртык эле көйнөгү
Көргөн балдар күлбөсүн.

Кызарганча кулагын
Келип калса чоёюн.
Буту-колун бек чырмап
Бешикке бөлөп коёюн.

## ШЫЛДЫҢ КЫЛЫП КҮЛБӨЙБҮ

—Кийгизбечи мынча көптү,
Костюм, пальто барысын.
Көтөрө албай каламын,
Байлабачы мойнумду
Жөтөлө албай каламын.

— Жок антпегин, үшүйсүң,
Суук күчөп турбайбы?
Дөңгө барып чана тээп,
Анда дагы балдар көп
Көңүл ачып жыргайлы.

— Козу-улактар үшүбөйт,
Жылаңайлак жүрбөйбү?
Аларга суук тийбейби?
Балдар көрсө өзүмдү
Шылдың кылып күлбөйбү?

## БЕШ ЖАШТАГЫ ТУРДУКАН

Эркелетет бөбөгүн
Беш жаштагы Турдукан.
Ойногонун көрөмүн,
Сөздөрүнө калам таң.

«Кой, ыйлаба, садага,
Бойго жеткен жигитсиң.
Төкпө жашты талаага,
Апаң келип кийинтсин.

Капа, капа, күлө кой,
Тармал улак кубансын!
Тай, тай басып жүрө кой,
Чолок музоо уялсын.

Гүлдөн терип берейин,
Эжекеңдей жыттачы.
Айтканыңа көнөйүн,
Айланайын, уктачы!

Жаркынайым, жата кой,
Кылбачы мени убара.
Келбесе уйкуң баса кой,
Апаң жок сүт сураба».

Эркелетет бөбөгүн,
Беш жаштагы Турдукан.
Ойногонун көрөмүн,
Сөздөрүнө калам таң.

## КИМДЕ АЙЫП

— Ыйлаба, кызым чаҥырып,
Үнүҥду ылдам баса кой.
Көз айнегин тагынып,
Врач келет жата кой.

Жамбашыҥа ийнеден,
Дары куюп салбасын.
Ак халат экен кийгени,
Алып кетип калбасын.

Кызы ыйлабай басылды,
Эки көзү алаҥдап.
Апасына жашынды,
Коркконунан карайлап.

Экинчи күнү ыйласа,
Келип калат чөө,— деди.
Турамын деп туйласа,
Келип калды төө — деди.

Күндөн күн өтүп кыш келди,
Кеҥ талаа ак кар жамышып
Далай жумуш иштелди
Кыш башынан табылып.

Бир күнү катуу суук тийип,
Алыйма улам чүчкүрдү.
Сасык тумоо деп билип,
Апасы коркуп үшкүрдү.

Атасы врач чакыртты,
Тезинен үйгө келсин деп,
Ооруп жаткан кызымды,
Онтотпой тез көрсүн деп.

Врач кирип келгенде
Алыйма кыз ыйлады.
Термометр бергенде
Колтукка койбой туйлады.

Тыңшайын десе өпкөсүн,
Тыбырчылап болбоду.
Жалынып сүйлөп жатса да,
Жактырып угуп койбоду.

— Оорубайт менин эч жерим,
Үйдөн чыгып кете кой.
— Жашыңды бекер төкпөгүн,
Көйнөгүңдү чече кой.

Алыйма сөздү укпады,
Ансайын катуу бакырып.
Төшөгүнөн чыкпады
Чүмкөнүп улам жашынып.

Врач келсе ыйлаган,
Көрдүм аны мен барып.
Эмне үчүн ал антет,
Кана балдар, кимде айып?

## ТӨРТҮНЧҮДӨН КӨЧСӨ ЭКЕН

Жакшы окуган Жумабай,
Сабагынан «беш» алып.
Кайдан келди «экилер»
Күндөлүккө ат салып.

Түшүнбөдүм амалын,
Күндөлүгүн карадым.

Катар-катар «экилер»
Жообун кайдан табамын?

Көрсө агасы айылга,
Кеткен экен кайынга.
Жумабайдын эсебин
Чыгарчу экен дайыма.

Жазгандарын көчүрүп,
Каталарын өчүрүп.
Агасы оңдоп койчу экен
Чынында бул чекилик.

Жакшы окуган Жумабай,
Агасы жок куурады ай.
Төртүнчүдөн көчсө экен
Сыноосунан кулабай.

## АЙЫРМАСЫН ӨЗҮҢ БИЛ

Биздин мышык эң коркок,
Чычкан көрсө карабайт.
Күнү-түнү корулдап
Уктагандан жадабайт.

Биздин Курман эң коркок,
Музоо көрсө чочуган.
Качып жөнөйт апалап
Оттоп жүргөн козудан.

Биздин мышык сары ала,
Отко күйгөн капталы.
Чымчыктарга көз артат
Конуп турган бактагы.

Биздин Курман тор ала
Кийимдерин чаң баскан.
Бир заматта үй ичин
Унчукпастан чаңдаткан.

Мышык менен Курмандын
Айырмасын өзүң бил.
Мышык болсо түшүнбөйт
Курман болсо укпайт тил.

## ЭКИДЕГИ АШЫМ

— Мына кызык, кар кайда,
Бирөө ташып кеткенби?
— Ар адамга кар пайда,
Магазинге өткөрдү.

— Ал эмнеси кар, муздун,
Кандай, агай, пайдасы?
— Бири набат, бири кант,
Эмне керек тандачы.

Анда Ашым өкүнөт:
— Жыйып албай баштатан.
Айласыздан секирет:
— Катып албай капкачан.

## «ЖЕКЕ МЕНЧИК»

Жакшы көрөт атасы.
Кичинекей Айнаны.
Сатып берет апасы
Куурчактары жайнады.

Үйү толгон көп куурчак,
Бири кара, бири ак.
Башкаларга тийгизбейт
Бакырац көз, Айна сак.

— Меники,— дейт барысы,—
Кармап койсоц талашып,
«Жеке менчик» Айна кыз
Кайда барат адашып.

**БИЛИП АЛ**

Сейдаалынын Курманбеги
Сүйлөй берсе көп кеби.
Ойдогусун сурай берет,
Ар нерсеге жок эби.

— Кимдер курган тегирменди,
Кимдер тапкан темирлерди?
Күндө буудай берсем дагы
Биздин өрдөк семирбеди?

Тиги тоону ким жараткан,
Токоюн көр жарашкан.
Миң жыл мурда али адамдар
Курган дешет жаракчан.

Шамал кайдан пайда болду,
Чаң ызгыткан чоң жолду.
Түшүнбөймүн эмне себеп
Курган тиги коргонду.

Айтыңызчы билүүм керек,
Ай чыкпады эмне себеп?

Электрдин бул жарыгын
Биздин үйгө кимдер берет?

Эртең менен колду жуудум,
Жүгөрүгө сууну бурдум.
Түшүнбөдүм чындыгында
Күчү барбы аккан суунун?

Ушунун баарын билбейсиң,
Көп суроо берип сүйлөйсүң.
Көп жолу айтып берсем да,
Көңүлүңө илбейсиң.

Эмесе балам, көңүл бур,
Элеңдебей угуп тур.
Баштайын суунун күчүнөн,
Баарынан таза тунуктур.

Гүлдөтүп жаткан жер шарын,
Өстүрүп жаткан көп малын.
Жашылдантып жайнаткан
Жер бетинин чөп-чарын.

Кубаты, күчү адамдын,
Каны, жаны баламдын.
Булактын суусун жаш кезде
Күзгү кылып карандым.

Суу менен жашап жүрөсүң,
Суу болсо ойноп күлөсүң.
Суунун күчү кайда экен?
Айта берсем билесиң.

Эртең менен турганда,
Төшөгүңдү жыйганда,

Бети-колду жубасың,
Таза болсун булганба.

Апаң жууйт идиш-аягын,
Суу менен жасайт тамагын.
Суусу жок жемиш түк болбойт,
Күчүн көр, байкап карагын.

Суу менен таза үйүбүз,
Суу ичпейт жашайт кимибиз.
Аккан суу жерде болбосо,
Кургабайт беле тилибиз.

Иште токтоо болбойт түк,
Параход көлдө ташыйт жүк.
Суу менен иштейт күнү-түн
Шаардагы завод-фабрик.

Суу ичип алса чер жазып,
Бак-дарак өсөт бүр ачып.
Суудан алган кубатты,
Ошондуктан күч ташып.

Акыл жетпейт күчүнө,
Аткарып жаткан ишине.
Айтайын дагы азыраак,
Кулак сал, балам, кичине.

Электр күйсө шаңдана,
Нур балкып тегиз айлана.
Каяктан келген жарык деп
Карайсың кээде таңдана.

Эчен миң цехти жүргүзүп,
Электр күчүн билгизип.

Тоо омкоргон тогун көр,
Токойго жан киргизип.

Коргошун, чоюн эриткен,
Автомат жүрот неликтен?
Анда да токтун күчү бар,
Алгандай желди корүктон.

Троллейбус, трамвай
Балдар түшүп кубанмай.
Зым менен ток келбесе,
Турасың аны бура албай.

Асманда учкан самолет,
Ага да кубат берген от.
Билесиң эсеп машина;
Эмгектенет, кагат чот.

Спутниктер жүргүзүп,
Ракета мингизип.
Космостогу иштерди
Жерге, бизге билгизип.

Ушунун баарын тактаган,
Кээде агып, кээде акпаган.
Угуп кой, балам, билип ал,
Суунун күчү — мактанам!

## АЛ ЭМНЕНИН КҮЧҮНӨН

Гүлгө сууну апам себет,
«Ачылсын» деп тилеп келет.
Аны жакшы билемин.
Машиналар жолго себет
Күндө көрүп жүрөмүн.

Жамгыр жааса жер көгөрөт,
Жашылданып чөп төрөлөт.
Анысына түшүнөм,
Асман жактан сууну сепкен
Ал эмненин күчүнөн?

## АЮУ МИНГЕН БАЛА

Аргынбай аңчы Алайда,
Атагы кеткен далайга.
Атканы түлкү, карышкыр
Аюусу турат сарайда.

Көргөнүн койбойт көзгө атат,
Мээлебей туруп төшкө атат,
Аркар, кулжа азыгы,
Адашпастан бешке атат.

Буюм дебейт асканы,
Буйдалабай басканы.
Өмүрүндө болбоптур
Кутулуп андын качканы.

Тилек кылган табууну,
Чээнде жаткан аюуну.
Аңдып жүргөн алты ай, кыш
Атайлап кармап алууну.

Жаз жаңыдан келгенде,
Бара жатты мергенге.
Бутундагы тай туяк
Кызык экен көргөнгө.

Таар күрмө боюнда,
Беш атары жонунда.

Ала шарбыт айлана,
Ала-Тообуз сонун да.

Таштан-ташка секирип,
Жөргөлөшөт кекилик.
Көрүп калса мергенди
Корум ташка бекинип.

Арчалар боюн жасанып,
Тармалданып жашарып.
Өзгөрбөй өңү жапжашыл
Өмүрү узун аталып.

Тоо боорунда карагай,
Калың экен аябай.
Бара жатат Аргынбай
Кыйындыкка санабай.

Олтурду чыгып бир ташка,
Коовдугун көрчү бир башка.
Булагынан суу ичсең,
Чыккансып дароо миң жашка.

Ордунан турду акырын,
Күлүмсүрөп баатырым.
Бир челекте балы бар,
Анын сыры жашырын.

Үч-Чаттын бери жагында,
Шилбилер анда калың да.
Баскан сайын шагыл таш
Байка, изиңден жаңылба.

Дал ошол жердин өзүнө,
Кара-Үңкүрдүн төшүнө.

Жетип барды Аргымбай
Кулак сал апын сөзүнө.

«Ушул жерде аюунун
Кыш бою жаткан чээни бар.
Амалын издеп табуунун
Абайлай турган чеги бар.

Байкабасаң баладай,
Балакетке каласың.
Билип калса талашат,
Аюу кайдан аясын».

Көрүлүп жатты камылга,
Эртеси күнү таңында.
Из салды аюу чээнине
Жаңылба, досум, жаңылба.

Эч ким көрбөйт жашыруун,
Үңүп барды акырын.
Фонары бар колунда
Күйгүзбөдү баатырым.

Аюу жатат дардайып,
Колу-буту барбайып,
Коңурукту кош тартат,
Жүнү жумшак, барбы айып.

Соргон сымак таманын,
Ойгонбосун карагын.
Аракет кылып Аргымбай
Издеп жатат амалын.

Эки көзүн байлады,
Тумшугунан кармады.

Тилине бал жалатып,
Жыттатып дары, алдады.

Мойнуна чынжыр илгенди,
Уйкусурап билбеди.
Амалын таап Аргымбай
Чээнден сыртка сүйрөдү.

Тердеп-тепчип чыгарды,
Бул ишине кубанды.
Күроң аюу кыймылсыз,
Аргымбай бир аз тынч алды.

Тумшугуна туйгузбай,
Булгаарыны каптады.
Бир ордунан жылгызбай
Бардык ишин тактады.

Аюусу жөнгө киргенде,
Жетелеп алып жөнөдү.
Кызык экен билгенге
Аргымбайдын өнөрү.

Ошол аюу сарайда
Байланып турат мал менен.
Үйрөнбөй жүрүп далайга,
Үйрөнчүк болуп нан жеген.

Үй менен мектеп арасы,
Бир топ бар, ченеп карачы.
Аюусун минип жөнөгөн
Аргымбайдын баласы.

Эрчип алат көргөндөр,
Мектебине келгендер.

Таңыркашат бала эмес,
Атагы чыккан мергендер.

Мен да көрдүм ошону,
Алайга былтыр барганда.
Кээ бирөөлөр ишенбей,
Чыгарып жүрөт жалганга.

## АТАЙДЫН КҮЧҮГҮ

Билбеймин кайдан келгенин,
Күчүктүн көрүп желгенин.
Чакырып алдым жаныма
Эч нерсе жок бербедим.

Ээрчитип бардым бакчага,
Балдар көп болчу бакчада.
Ар кимиси кызыгып:
— Алдыңбы сатып акчага.

— Ээрчип келди өзү эле,
Үйрөнүп калды тез эле.
— Күчүктүн аты эмне экен?
— Биздин ит Төрт көз эле.

— Күчүктүн атын сурадым,
— Билбеймин эмне кыламын.
— Анда атын коёбуз
Тилдирип кой кулагын.

— Анда ыйлап калбайбы,
Чаңырыкты салбайбы.
Кулагын кескен кишинин
Бир жерин тиштеп албайбы?

— Кестирбейбиз кулагын,
Аны эжеден сурагын.
Өзүм үйдө үйрөтүп
Тапкыч кылып чыгамын.

Дегенче болбой эжебиз;
— Жылытып сүт беребиз.
Бакчабызда чоңойтуп,
Ит жыйгычка беребиз.

Анда Атай акырын,
Сырын айтпай жашырын.
— Бул өзүмдүн күчүгүм
Айрандын ичет катыгын.

Апам көрүп койгондо,
Аябай күчүк тойгондо.
Качып чыкты үйүмдөн
Кулагынан чойгондо,

Күчүктү аяп калп айтып,
Кулагын күчүк шалпайтып.
Жанында турат Атайдын
Койгондой аны кайтартып.

— Жеткирип үйгө келейин,
Ач болду тамак берейин.
Калды окшойт ооруп сол буту
Абайлап байкап көрөйүн.

— Андай болсо жеткир тез,
Ондо оюн бар, калба кеч.
— Жүр күчүгүм, жүр десе
Жолбун күчүк укпайт сөз.

— Күчү-күчү күчүгүм,
Жүрбөйсүңбү үшүдүң.
Келип калса ит жыйгыч
Бири калбайт тиштиңдин.

Кармап кетет карабайт,
Күчүксүң деп аябайт.
Күндө сууга түшүрүп
Эркелетпейт, тарабайт.

Даяр тамак, даяр аш,
Үйгө барып көңүл ач.
Кабагыңды бүркөбөй
Жүр, жүрөгөй мыңдай бас.

Жүр, жүрөгөй сөзүмдү ук,
Жүр күчүгүм болбо бук.
Короосунда бакчанын
Кор болосуң ылдам чык.

Күчү, күчү, мэ, мэ, мэ,
Күчү, күчү, конфет же.
Күчүк ээрчип жөнөдү
Дрессировщик Атай де.

Байкадым бала жүрөгүн,
Атайдын берсин тилегин.
Ит адамдын жолдошу
Илгертен аны билемин.

## КОЛДОН ДОСУМ, ЧЫГАРБА

Көйнөгүмдүн топчусун
Кадап берди эжекем.
Айрып алган шымымды
Жамап берди жеңекем.

Дептеримди, китепти,
Жыйнап берди бөбөгүм.
Кызыл жагоом байланды
Жардам менен энемдин.

Чоң атам болсо сырткы үйдө,
Батинкемди тазалап.
Утюгдап берсе өз апам
Жакам дагы тазарат.

Калпагымды кийгизди,
Чаңын күбүп жездекем.
Чылап берди сыямды
Карындашым — тез десем.

А мен болсо ишим жок,
Кино көрүп алсамбы?
Же болбосо зоопаркка
Дароо чуркап барсамбы?

Жардамчылар көп экен,
Тургунбектин үйүндө.
Тапшырма берип ар кимге
Даңазалап сүйүнбө.

Өзүңдү өзүң сыйлабай,
Кетиресиң баркыңды.
Колдон, досум, чыгарба
Эмгек деген алтынды.

## АЛИППЕНИН МАЙРАМЫ

Майрамы болду эстен кеткис
Мектеп шаңдуу жаңырык.
Бийлейт, ырдайт эч ким өткүс

Өнөрпостор табылып.
Кыш болсо да класс ичи
Кырмызы гүл тагынып.

Кирип келди эшик ачып
Эне тил кар кагынып.
Эне тилдин кейпин кийген
Бешинчиден Зарылык,
Куттукташты курбулары
Алакандар чабылып.

Сөз баштады эне тилим,
Айтып берди билгенин:
— Алиппеден үйрөндүңөр
Ариптердин тилдерин.
Мен да ошондо жардамдашып
Түшүңөргө киргенмин.
Колтукташып, бирге басып,
Барагыңа чийгемин.

Алиппенин майрамы экен,
Куттуктаймын, кубанам.
Сүйлөй берем өзүм чечен,
Уккула, сөз суранам.
Окусаңар көңүл коюп,
Тилчи кылып чыгарам.
Билбесеңер кызарамын,
Тердеп, тепчип уялам.

Бул сөзүнө эне тилдин
Жооп кайтарды Асанкул:
— Алиппеден көптү билдим,
Айта турган сөзүм бул.
Отуз алты тамга мага
Өмүр бою болсун кул.

Анда алиппе тура калды
Эмнегедир чычалап.
Доскага жакын барды
Эки колун ушалап.
— Ой өзүңдүн жаның барбы,—
Деп сүйлөйт да, кызарат.

Анда Асанкул күлүп туруп,
Чатагыңды кой деди.
Башын ийип, колун сунуп:
— Бүгүн сиздин той,— деди.
Эмгек кылган биздер үчүн
Эсиргенди жой,— деди.

Күлүмсүрөп ал алиппе
Колун сунду балага.
Унутпаймын, окуймун де,
Таштап койбой талаага.
Ырда, бийле, көңүл ачып,
Кир жугузбай санаага.

Керим, Ашым, Сыябүбү
Колго комуз алышты.
Үчөө бирдей чертип күүнү
Тамашаны салышты.
Оюнга оюн уланып,
Барабанды кагышты.

Бийлеп берди алиппе
Эки буту талганча.
Майрамга эч ким болбой ээ,
Өз оюну канганча.
Алиппени сыйладык
Тою болгон балдарча.

Алиппенин кийген кебин
Үчүнчүдөн Ырысбек,
Таап айтты сөздүн эбин
Бөбөкторго мындай деп,
Ошол жерде балдар угуп
Алиппеден болду кеп:

— Үйрөндүңөр менден бир аз
Алиппесин билимдин.
Кыш болсо да көңүлүм жаз,
Мактадыңар, сүйүндүм.
Гүл кучактап, бийлеп бирге
Силер менен жүгүрдүм.

Кошкула эми, кетейин,
Эсен-аман калгыла.
Үйүмө эрте жетейин,
Силер дагы баргыла.
Эне тилди барактап,
Андан таалим алгыла.

Айткан менен кетейин деп,
Кеткиси жок үйүнө.
Билим берди балдарга көп
Мугалим менен сүйүнө.
Айткандары досторго эп
Ар ким угат билүүгө.

— Капаланбай эң жакшы бар,
Шаңдуу болду майрамың.
Жаай баштады эшикте кар,
Кечки суукка калбагын.
Коюн толо гүл алып кет,
Өзүң үзүп тандагын.

— Ыраазымын, үзбөймүн гүл,
Өсө берсин, жайнасын.
Турмуш кызык, сырларын бил,
Эч ким артта калбасын.
Кошкула достор, кошкула,
Чилде кыш кууп албасын.

Мукабадан тонум калың,
Суук тийбейт, чилде өтпөйт.
Барагыңда сөзүң жалын,
Балдар сени күндө эстейт.
Таттыргансың билим даамын,
Салыштырсак күч жетпейт.

Сыртка чыгып ал алиппе,
Кетип калды көрүнбөй.
Көп балдарга болуп ээ,
Эне тил жүрөт бөлүнбөй.
Ортого чыкты Зарылык,
Бой көтөрбөй, керилбей.

— Калысмын катар тургула,
Калтырбай китеп бөлөйүн.
Сөзүмө көңүл бургула,
Баарыңарды көрөйүн.
Ар бириңе эне тилден
Белек кылып берейин.

Айрылбасын барагы,
Булганбасын беттери.
Чийбесин тентек калеми,
Бүктөлбөсүн четтери.
Армандуу болуп тытылып
Болбосун китеп көк бөрү.

Сөзүн бүтүп Зарылык,
Балдарга китеп таратты.
Класстын ичи жаңырып
Бүгүнкү майрам жарашты.
Баракташып ар бири
Эне тилди караштты.
Алиппедей ардактап
Үйрөнүүнү самашты.

**ЖЕМИШ ТОЮ**

Эки тоонун арасында,
Дарыянын боюнда.
Жашыл токой салаасында
Сары-Өзөндүн оюнда.

Бир айыл бар гүл жамынган,
Алма жыты кетпеген.
Балдар үчүн иш табылган
Кууса да эч ким жетпеген.

Алар баккан алма багы,
Даңкы кетти алыска.
Ар катардын сорту жаңы
Жаралгандай намыска.

Жыл мезгил күндөр өтүп,
Жыйынтыктуу күз келди.
Тилегине балдар жетип,
Алма бакта той берди.

Кызгалдактай кызыл туулар,
Бак ичине жайнады.
Колчугүндө аппак куулар
Бүгүн жемиш майрамы.

Келип жатты эл чогулуп,
Ашып ишке камылга.
Дарбыз менен коон союлуп,
Конок кутүү жайында.

Алма жыты алыс кеткен,
Атыр сээп койгондой.
Бүгүнкү той чыкпайт эстен,
Биринчи май болгондой.

Ал анткени Сурма келди,
Алтын жылдыз тагынып.
Башкарма өзү салам берди
Жаш досторун сагынып.

Ашым, Айнаш мугалимдер,
Жүздөрүндө кубаныч.
Колдорунда десте гүлдөр
Кыздар ырын угабыз.

— Куттуу болсун майрамыңар,
Бышкан экен алмаңар.
Улантылсын сайраныңар
Иштен артта калбаңар.

Эмгек менен көрүндүңөр,
Ата-энеге, баарыга.
Чындап ишке берилдиңер
Ант бергендей карыга.

Мунуңарга кубанабыз,
Ийгиликтер чыңалсын.
Баарыңардан сурайбыз
Жемиш тоюу уласын.

— Көргөзмөбүз бак ичинде,
Баарыңыздар жүргүлө.
Көрөсүздөр, иш жүзүндө
Байкап, баалап билгиле...

Ашым баштап келгендерди
Бак ичине киргенде.
Айтсак кызык көргөндөрдү,
Табийгатты сүйгөнгө.

Казандан чоң ашкабактар,
Кучак жеткис дарбыздар.
Өрүк, мейиз, түркүн жемиш,
Коон, бадыраң, жалбыздар.

Помидордун жаңы сорту,
Сабиз, пияз, кызылча.
Кадимкидей жемиш торту
Ондоп коёт бузулса.

Кызыл, сары жүгөрүлөр,
Кардай аппак, көгү бар.
Тааныгандар тактап билээр,
Беде, сулу, чөбү бар.

Өстүрүшкөн мунун баарын,
Аянтына мектептин.
Командири Жакып, Сагын
Мен да аларга жетмекмин.

Алтын күздүн берекеси,
Бир мектептин байлыгы.
Болбогондой көлөкөсү
Табийгаттын сандыгы.

Сөз берилди Сурма апага,
Коштоп колдор чабылды.

Ыраазыдай бала атага
Тоолор кошо жаңырды.

Жемиш тою жерибизде,
Өтүп жатат биринчи.
Бул салтанат элибизде
Болгон сымак сүйүнчү.

Окуу, эмгек, билгенге ыйык,
Эне, атанын талабы:
Жаш кезиңден болбо кыйык
Биз советтин адамы.

Өнөр билген өргө чабат,
Өнөр турмуш куралы.
Эмгектенген бакыт табат
Адамзаттын урааны.

Жеңишиңер жерде калбайт,
Жемишиңер көбөйсүн.
Эч кимиңер ишти чанбай
Ийгиликтер төрөлсүн!

Сурма апа сөзүн бүтүп,
Башталды оюн-тамаша.
Сахнага балдар чыгып
Тизилишти катарлаша.

Аткарылып хор бүткөн соң,
Комуз безеп сайрады.
Чертмек черткен жаш уланга
Кол чабышты бүт баары.

Бийлеп өттү бир топ бала,
Бири дарбыз, бири алма.

Который себет, чара
Сүйрөшкөнү кол араба.

Бир убакта гүлгө толду,
Карап турсак сахнаны.
Шатыраган окуучулар
Атактуу ырды баштап калды.

— Жардам бердик,
Алма тердик.
Бай колхоздун багынан
Ата-энебиз,
Ага-эжебиз
Алкыш айтты абыдан.

Которулду көңүл ачык,
Башкармабыз кубанды.
Вожатыйга катты жазып,
Соз сүйлоого суранды:

— Ишенбедим коргонүмдо,
Багбандардын ишине.
Бере турган силерге арнап,
Белегим бар кичине.

Вожатыйга фотоаппарат,
Сыябүгө ак жоолук.
Дүйшонбекке алтындан саат
Отрядга бир соолук[1].

Келечектин ээси силер,
Келечектин адамы.
Ишицерди көптор билээр
Алга шилтеп кадамды.

---

[1] Соолук — мында кой деген мааниде.

Айлыбыздан алма жыты,
Кыш түшсө да кетпесин.
Жолдон өткөн жолоочулар
Алма жебей өтпөсүн!

Кеч киргенде костер күйдү,
Алоолонгон жалыны.
Айланага күндөй тийди,
Кызыл желек тагылуу.

Алма жыты алыс кетти,
Кечки желге кошулуп.
Алмаларды Ай да опту,
Жылдыздардан озунуп.

Жаш багбандар жаңы ыры,
Бак тараптан жаңырды.
Жарыгынан чоң костёрдун,
Шаңга бөлөп айылды!

## ЧЫЙЫРЧЫК

Жаз келгенде сүйүнгөн,
Ала көйнөк кийинген.
Кайып учкан чыйырчык
Сени тостум бүгүн мен.

Узанып уя жасадым,
Умачтай көзүң ачамын.
Учурашып күн сайын
Узак өмүр жашагын.

Созо бергин ырыңды,
Эгин билет сырыңды.
Кылтактай бер кыра бер
Чегиртке менен чымынды.

## МИЛЛИОН ГҮЛ АЧЫЛСА ДА

Чалгынчылар келип жетти,
Узангандай уюшуп.
Үйдөгүлөр аны сезди
Дайым даяр турушуп.

— Гүл ачылды, бүгүн күнгөй,
Боёгондой кызарып.
Гүл тажысын тандап, иргеп
Жыргагыла узанып.

— Кеттик анда бал жыйгычтар,
Тизилгиле катарга.
Ар бириңде ар намыс бар
Убакыт жок жатаарга!

Бөлүнүшүп жоокер сымак,
Ротага бөлүнгөндөй.
Уюгунан учуп чыгат
Чын команда берилгендей.

Эшик алды контролер,
Келгендерге көз салып.
Эмгектенсең уюк тоолор
Бал челектен бал тамып.

Алдыңкылар алыс кетип,
Ызылдашат гүлдөрдө.
Шамдагайлар кайра жетип
Уюгуна үйлөргө.

Контролер карап чыгып,
Ирет менен киргизип.
Келгендерге ызаат кылып
Ыраазылыгын билгизип.

Аарыларда аңкоолор жок
Ишти билип алышып.
Бекер жаткан жалкоолор жок
Гүлдөн гүлдү табышып.

Жерде канча гүл жайнаса,
Соруп алып маңызын.
Жемиш багы гүл байласа
Койбой табат баарысын.

Миллион гүл ачылса да
Миллион жолу барышып.
Көрүнбөй гүл жашынса да
Чалгынчылар табышып.

Кабар берет калгандарга,
Чарчаганды билишпейт.
Ылдам учуп баргандарга
Ылдам ишке кириш дейт.

Багбан болсо бак ичинде,
Аары келсе кубанып.
Көзүн салат мол түшүмгө
Ак сакалын сыланып.

Үн чыгарып өзүнчө ырдайт,
Эске салып жаштыгын.
Үйрөнгөн ал жаш кезинен
Аарылардын тактыгын.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ АЛДЫНДА

Жамалды мактайт айылда,
Баарыга Жамал дайын да.
Газет, кат, кабар ташыган
Мейли кыш, мейли жайында.

Кат келет жакын, алыстан,
Телеграмм келет жарышкан.
Колуна тийип Жамалдын
Заматта ээсин табышкан.

Кар каптап тоону, талааны.
Ызылдап ызгаар шамалы.
Шыңгырап эшик ачылып
Чакырды Үсөн баланы.

— Кат келди, Үсөн, атаңа!
Эшиктин алдын тазала —
Тепкичиң муз жылгаяк.
Айтып кой салам апаңа...

Деди да кетти Жамал кыз,
Уялып Үсөн жүрөк тыз.
Тепкичти муздан тазалап
Болбос үчүн кийин мыш.

Атасы келди жумуштан,
Айылда жаңы үй курушкан.
— Кат келди, ата сизге азыр
Энесай[1] жактан, чыгыштан!

Катты ачып ата кубанды,
Үсөндөн кулүп суранды:
— Жакшылап азыр окуп чык
Билип ал сен да буларды!

Кагазга Үсөн үңүлүп,
Окуган сайын сүйүнүп.
Баатырлык кылган агасы
Алыстан кабар билинип.

---

[1] Енисей.

Солдаттык милдет аткарып,
Күн сайын иши такталып.
Энесайда бараткан
Өз кайыгын башкарып.

SOS деген кабар угулуп,
Ал сөзгө Ашым туюнуп.
Балыкчылар бараткан
Кемеси ташка урунуп.

Чөгөргө аз калганда,
Ашым жетип барганда.
Өчөшүп өрт жалбырттап
Шашылып жетти жардамга.

Биринчи барып көрүптүр,
Биринчи жардам бериптир.
Өрт чыккан жерди өчүрүп
Өнөрү менен жеңиптир.

Кемеден эсен чыгарып,
Кырсыкты жеңип чыңалып.
Кайыгына түшүргөн
Балыкчылар кубанып.

Портту коздой буруптур,
Жээке алып чыгыптыр.
Алкыш айтып командир
Солдаттын баары угуптур.

Алтын саат менен сыйланып,
Командир алкыш ыйгарып.
Жазыптыр Ашым кырданып...

— Үсон тарт сен да агаңды,
Алкышка татуу жаманбы!

Мактагым келет мен дагы
Кат алып келген Жамалды.

Аткара билсең өз ишиң,
Байкагын, Үсөн сен түшүн.
Үлгү алып Жамал эжеңден
Лябайт элден иш, күчүн!

Кубанткын солдат агаңды,
Жөнөткүн бизден саламды.
Жаңы жыл менен бир келген
Окудук жакшы кабарды.

Сен үчүн дагы кубанып,
Сен үчүн алкыш уланып.
Жаадырап жайнап жакшы оку
Жаңы жыл келди туу алып.

## КЫЛ КӨПҮРӨ

Жаштык менен карылыктын
Ортосунда көпүрө.
Көпүрөдөн өтүп кетти чачтарым,
Бырыш кетти билдирбестен басканын.
Жүрөк гана көпүрөдөн өтпөстөн,
Угуп жатты көңүлүмдүн айтканын.
Чабалекей уясына конгондой
Чуркап барды өңү-түзүм ойлонбой.
Иштей берди көңүл бурбай колдорум,
Жаш кезиндей карылыкты жойгондой.
Кыл көпүрө,
Кыл көпүрө өткөнүм,
Жаштык менен карылыктын
Ортосунда көпүрө,

Тепседим,
Жаштык келди
Кайра кетти көрүнбөй,
Ракета минип куудум, жетпедим.
Жаштыгыма жетпедим!
Жаштыгымды уйпаладым,
Гүл сыяктуу тепседим.
Кыл көпүрө,
Көпүрөнүн болгонуна шүгүрмүн,
Түк көзүмө
Көрүнбөгөн көпүрө,
Кала бердим
Жолоочудай өкүнө!

## АЙНАШ МЕНЕН ЭРМЕК

— Бир жума болду жамгыр жок,
Кайда кеткен, шамал шок.
Керели кечке күн ысыйт,
Чекеден терлер мончоктоп.

Көчөгө тигип көп көчөт,
Арыктарга кыш төшөп.
Шаркырап шашып суу келсе
Шарт түзүлүп тез өсөт.

Деди да Айша күрөктөп,
Сүйлөдү сөздү сүрөттөп:
— Бүгүн эртең жамгыр жаайт
Атамдын колу билет,— деп.

Ошондой эле чынында,
Ок тийген согуш жылында.
Ошол колу ооруса
Жоруучубуз жамгырга.

Эртеси жамгыр шатырап,
Жерге сиңип шашылат.
Керели кечке токтобой
Чагылган көктөн атылат.

Түндө жаады түгөнбөй,
Жер бети жашыл килемдей.
Түш ченде булут адашып
Кетти окшойт мында тирелбей.

Күн ачылып жер бети,
Жылуу жел көчөт терметти.
Көз салып жүрөт гүлүнө
Карап кой элпек Эрмекти.

Айнаш да карайт дарагын,
Көчөтко айтып саламын.
Кызыгып тогот кыктан көп:
— Сен дагы ишке жарагын!

Айнаш, Эрмек бир үйдүн,
Бир мектептин балдары.
Ал экөө тең эмгеккер
Айылга тийип жардамы.

Сырын билсең көп иштин,
Ата-энеси баалашат.
Агроном болуусун
Балдарына каалашат.

## КЕРИМДИН КОМАНДАСЫ

Көргөнүмдө Керимди
Окшотом толгон балага.
Баштайын айтчу кебимди
Сөз кетирбей талаага.

Быйыл өттү он үчтөн,
Чарчы бойлуу кичине.
Колунан көп иш бүткөн
Жардамы тийип кишиге.

Жолдоштору өзүндөй
Сегиз бала, алты кыз
Сөз сүйлөсө безилдей:
«Иштейли,— дейт,— жалпыбыз»

Өзүнчө бир команда,
Тимуровчулар аталып,
Ар бир ишке барарда
Даярданып жасанып.

Командири булардын:
Керим экен биз айткан.
Бардыгына кубандым
Барктап дайым иш тапкан.

I

— Жакшысызбы чоң эне,
— Салам айткан ким эле?
Күлүмсүрөп Керим да
Жооп берди: — Мен эле.

— Кел садага, бери бас,
Апаң жакшы жүрөбү?
Машинасы бар эле
Берсем көйнөк тигеби?

— Тигип берет формудап,
Өзүнөн сурап көрүңүз.
Чебер апам, сонундап
Жаңылбай бычат, бериңиз,

— Үч метрдей шайым бар,
Азыр барып берейин.
Биздикине тура тур,
Бир аздан кийин келейин...

Абышкасы Жаңыбай,
Суусамырда жылкыда.
Баккан быйыл отуз тай,
Өз ишин сүйөт, жетпейт баа.

Мисте эне өз үйүндө,
Караша турган киши жок.
Иретсиз короо, сүйүнбө,
Эч нерсе менен иши жок.

Сегиз бала, алты кыз,
Бир заматта чогулду.
Чачылып жаткан оокат-жай,
Иреттелип коюлду.

Кыздар шашып түрүнүп,
Төшөнчү орун жыйылды.
Көлдөлөң, шырдак күбүлүп,
Тазалык келип сыйынды.

Терезенин текчеси,
Арыды арбын чаңынан.
Мистенин эски кештеси,
Сайылгандай жаңыдан.

Астана жуулуп тазарып,
Жалтылдады кубанып.
Үйдүн ичи жашарып,
Жумуштан жумуш уланып.

Көө баскан чайнек агарып,
Көркүнө чыкты чакасы.

Келгендей кайра балалык.
Кеткендей үйдүн капасы.

Тартмасынан шкафтын,
Тааныш сүрөт табылды.
Төргө илип койгондо,
Үй кайрадан жаңырды.

Бул Мистенин баласы,
Согушта курман болуптур.
Ордени бар карачы:
Душманды далай согуптур.

Чачылганды иреттеп,
Шыпырышты короону.
— Огородун күрөктөп
Келгенче бүтүп коёлу...

Керим айтты бир кезде:
— Асан чурка, барып кел,
Көчөт сурап Кубатка.
Алмадан арбып алып кел.

Асан кетти сүйүнүп,
Элпек, жеңил, шат эле.
Этек жеңин түрүнүп,
Жетип келди бат эле.

...Чөнөктөрдү казышып,
Баарын балдар даярдап.
Сарайдан кыкты ташышып,
Жакшы өссүн деп алма-бак.

Тигилди он түп тал дагы,
Эркелеп желге ыргалып.

Короого көчөт жайнады
Күн нуруна сыңдалып.

Сегиз бала, алты кыз,
Үйлөрүнө тараштьı.
Күн кеч кирип көп жылдыз
Кең асманга жараштьı.

II

Мисте эне келсе үйүнө,
Иреттелген башкача.
Болчу эмес мындай күнүгө
Терезелер таптаза.

Баласынын сүрөтүн,
Көрүп алып тиктеди.
Шашканына күлөсүң,
Көз айнегин издеди.

— Садагасы салкыным,
Эркелетип күлчү элем
Дат баспаган алтыным:
Даанышмандай сүйчү элем.

Керим балам, үй ичин,
Өзүң жалгыз жыйдыңбы?
Короодогу бүт ишти
Өзүң гана кылдыңбы?

— Пионерлер келишти,
Сегиз бала, алты кыз.
Бизге жардам беришти,
Эмгектендик жалпыбыз.

Узун болсун өмүрүң,
Бактылуу бол, садага.
Иште, окууда окшош бол
Гагариндей агаңа.

Кетирбей апаң өзүмдү,
Самоорго чайын кайнатты,
Сыпаты, сылык сезимдүү,
Набат, майын жайнатты.

Жолдо Бермет жолугуп,
Ээрчитип барды үйүнө.
Тамак-ашы коюлуп,
Мейман кылды сүйүнө.

Кечигип калдым абыдан,
Эриктиң го аябай.
— Ишти бүттүк жаңыдан,
Кеч киргенге карабай.

Эмесе эне, кошуңуз,
Керек болсо келебиз.
Эмгек биздин досубуз
Дагы жардам беребиз.

— Тамак ичип кет балам,
Азыр казан асайын.
— Үйгө барып чоң эне,
Сабагымды жазайын.

Ичээрбиз дагы бир күнү,
Чоң эне, сизден тамакты...
Иштеген ишке кубанып,
Үйүнө Керим баратты.

III

Сыдырым желин таратып,
Үйгө кирди таң сулуу.
Тоо-тоонун башын агартып,
Кулачын жайды күн нуру.

Ойгонуп Мисте кийинип,
Тышка чыгып жай гана.
Өз көзүнө ишенбей,
Турду копкө таң кала.

Шыпырылып короо ичи,
Жыйылыптыр тезектер.
Балдардын кылган бул иши
Арыктын жээги көчөттор.

Калыптыр аңыз айдалып,
Трактор менен тилгендей.
Мисте эне буга таңданып
Жүрөгү кошо күлгөндөй.

Эрксиздеп жаш алды,
Өзүнөн өзү күбүрөп.
Балдардын кылган ишине
Барпаңдап эне сүйүнөт.

## БИЗДИН ҮЙДҮН БААТЫРЫ

Ойгонсом да чоң энем,
Ойносом да чоң энем.
Чоң энемдин колунан
Түйдөк көрөм, жип көрөм.

Байпагымды тордогон,
Төшөгүмдү оңдогон.
Үйдүн ичин шыпырып
Бир кыпын да койбогон.

Ырдасам да чоң энем.
Ыйласам да чоң энем.
Жомок айтып жобурап
Кошо жаткан чоң энем.

Даярдаган тамагын,
Чытып койбой кабагын.
Кайсы жакка жумшаса
Каяша айтпай барамын.

Күлгөнүм да чоң энем,
Сүйгөнүм да чоң энем.
Кармап алып колунан
Билгеним да чоң энем.

Тазалыкты сактаган,
Талабымды тактаган,
Мен дегенде үйрүлүп
Чарчаса да жатпаган.

Сыйлаганым чоң энем,
Кыйбаганым чоң энем.
Жоктон барды тапкын деп
Кыйнаганым чоң энем.

Чоң энемдин акылы,
Чоң ишке жарап жатыры.
Көп иш келген колунан
Биздин үйдүн баатыры!

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАШКУЛАК

*(Жомок)*

Токойдон балды жыйнашып,
Токтобой эмгек кылышып.
Кашкулак, түлкү достошту
Ачыгын айтып чыгышып.

— Жалдырап жалгыз жүргөнчө,
Башкага баш ийгенче.
Биригип оокат кылалы
Билинбей кыш киргенче.

Оокатты бирге табалы,
Отту да бирге жагалы.
Ажырашпас, айрылбас
Бир тууган болуп калалы.

— Балды экиге бөлөлү,
Даамын татып көрөлү.
Артып калса азыраак
Аюуларга берели.

— Бөлбөй туруп жесекчи,
Берейин сага кезекти.
— Бөлгөнүбүз жакшы го,
Же бөлбөй эле жесекпи?

Эки дос балды талашып,
Элеңдешип карашып.
Түлкү сунуш киргизди
Кашкулак доско жол ачып.

— Бүгүн үйдөн чыкпайлы,
Чүмкөнүп алып уктайлы.

Убаданы бекемдеп
Убараланып бузбайлы.

Талашып балды бөлбөй дал,
Айтканыма кулак сал.
Эгер сен жакшы түш көрсөң
Бөлүп жүрбөй баарын ал.

Мен да уктап түштү көрөйүн,
Бал меники дебейин.
Жакшы болсо көргөн түш
Чатакташып салбай күч,
Буюрганын алайын
Айтканыма көнсөң түз.

— Бул сөзүңө макулмун,
Туурасын айттың акылдын.
Уйкум келип баратат,
Түш көрүшкө баатырмын.

Колу-буту керилет,
Көзүн жуумп мемиреп.
Уктап калды кашкулак
Жеңемин сени сөзсүз деп.

Уктамыш болуп түлкү да,
Бул өзүнчө күлкү да.
Коңурук тартып кашкулак,
Кылган иши чийки да.

Түлкү болсо акырын,
Туруп алып каапырың,
Балдын баарын жеп салды:
— Уктай бер, досум, асылым!

Өзү да салып төшөгүн,
Уйкунун берип кезегин.

Ичинен күлүп жылмайып
Жатып калды чечинип.

Бир аздан кийин кашкулак,
Ойгонуп кетти таш кулап.
Жатканын көрүп түлкүнүн
Түрткүлөп тур деп шаштырат.

— Уккун менин түшүмдү,
Түшүмдө көргөн ишимди.
Бир чоң тойго катыштым,
Өзүмдүн сынап күчүмдү.

Аябай тойдум, жыргадым,
Обон салып ырдадым.
Баарынан көп көрдү окшойм
Ошол тойдун жыргалын.

Дасторкону жайнаган,
Казанда эти кайнаган.
Өрүк, мейиз жеп жаттым
Шабдаалы, жүзүм, алмадан.

Аябай ичтим кымыздан,
Сыйлашып шарап сунушкан.
Куйрук, боор келди бир кезде,
Жуураты түндө уюткан.

Көбүнүн атын билбеймин,
Чындыгын сага сүйлөймүн.
Тамада болдум башкарып
Тартипке баарын үндөймүн.

— Туура айтканың, жан, досум,
Ишиңди кудай оңдосун.

Мен дагы баргам ал жерге
Киргизбей койду жолдошуң.

Көзүм өтүп тамактан,
Ичсемби деп шараптан.
Аракет кылдым жакшы эле
Киргизбей койду жаракчан.

Шилекейим куюлуп,
Короодон чыгып бурулуп.
Сен тойгонго кубандым
Үйгө келдим буулугуп.

Ачкадан кантип турайын,
Айта бер, сөзүң угайын.
Армандуу болуп ал сурап
Алаңдап кантип чыдайын.

— Айта бер дейсиң сөзүңдү,
Көргөнүң барбы өзүмдү.
Курсак тоюп кулпунуп,
Көрдүңбү менин жешимди.

— Көргөндөн айтып жатамын,
Алыска кетти атагың.
Жан досум тойдон тойду деп
Кумараны ачамын.

Тамада болдуң көрө алдым,
Үйгө келип дем алдым.
Кашкулак досум тойду деп
Балды жалгыз жеп алдым...

## СЫР ТАБАКТЫН СЫНЫШЫ

Жакшынакай сервантта,
Идиш-аяк толтура.
Чыны, кашык, сыр табак,
Рюмкалар бир башка.
Түн ортосу кез эле
Идиштерге жан кирди.
Кадимкидей бир паста.

Бурчта турган сыр табак
Айланасын бүт карап.
— Кызык менин тарыхым
Түшүнгөнгө чоң сабак.
Чын сөзүмдү баштайын,
Кетпегиле тез тарап.
Чындап жазса акындар
Ыр боломун жүз барак.
Капаланбай гүл салгыч
Бөрсөйбөстөн ач кабак.

Мында толгон идиштин,
Бири калбай билишсин.
Аксакалы мен болом
Ардакташып жүрүшсүн.
Башчыбыз деп кадырлап,
Барктагасын, сүйүшсүн.
Башчылыгын билишсин,
Жолума гүл тигишсин!

Көз уялткан хрусталь
Сыр табакка карап жал.
Жалтыраган жаракөр
Минтип сүйлөп калды ал:

— Көрк берген эски сервантка,
Менмин табак, кулак сал

Ичиме толгон шоколад
Конфетим түркүн, болбо дал.
Чындыгын айтсам мага ынак
Бөбөктөр менен кемпир-чал.

Алыска кеткен атагым,
Болбогон билсең чатагым.
Адамдар үчүн кызматым
Ар дайым келет жашагым.
Акылдаш дос, жолдошко
Ардактап таттуу чачамын.

Той, тамаша, кечеде,
Кызматым көп шашамын.
Башчылык чыны меники
Хрусталь-ваза атагым.
Анда чайнек сүйлөдү,
Алдастап ашык күлбөдү.
Ортого чыгып олтуруп,
Жолдошторун үндөдү.
— Ынтымак болсун, ыр болсун,
Кашыктар бери жүр,— деди.
Топтошуп турган вилканы
Көзүнө такыр илбеди.
— Менин досум чыны,— деп,
Башкаларды сүйбөдү.

— Чыныны айтсак чынында,
Зыяны жок чыгымга.
Эмгектенсең эл үчүн
Жашайбыз далай кылымга.
Бизден көп иш кылган жок
Дем алыш албай тынымга.
Конок келсе даярбыз
Чыкпайбыз такыр чыгымга.

Тандап сатып алышкан
Бекер эмес, тыйынга.

Кимибиз башчы экен деп,
Кийлигишип айтып кеп.
Тарелка чыкты тарсылдап
Машакаты бир топ көп:
— Ой, сыр табак, урушпа
Хрусталды сыла, өп,
Бизди шылдың кылбасын.
Достошкула, тынчып тек.
Айткылачы абайлап,

Акыйлашпай болсо эп.
— Айласыз кээде күшүлдөйм
Ичиме суу куйганда.
Ичиркенип сүйлөбөйм
Отум күйсө ойлонуп.
Түтүндөп такыр үзүлбөйм,
Сыр табак кана акылың —
Хрусталь ваза түшүн дейм,
Атым самоор илгертен
Алп сыяктуу күчүм дейм.

— Семиздигиң башкача,
Билбейсиң бетке айтпаса.
Хрусталга болушпа
Менин оюм таптаза.

Бүгүндөп баштап баш ийип
Ар ким тартип сактаса
Кымындай мында чатак жок
Кыйкырып эч ким качпаса.
Ынтымак менен достукту
Ыр сыяктуу жаттаса.

Мен бул үйгө келгенде,
Белек кылып бергенде.
Хрусталь ваза жок элең
Көрк элем өзүм көргөнгө.
Анда сырым кете элек
Досторум бар жер-жерде.
Талашпагын башчылык,
Теңелем деп, эрлерге.
Калыстыкка түшөлүк
Кыдырлап балдар келгенде.
— Күрсүлдөп табак жөтөлбө
Өзүңдү өзүң көтөрбө.
Бакылдай берип баш ооруп
Байланып калба кеселге.
Чоңойбосун жаракаң
Пенсияга кетээрде.
Унчукпай тынч жатчу элең
Чатагың жок эзелде.
Сыр табак атым чын сөзүм
Катуу айтпа мендей бечелге.

— Акылың бар кашыгым,
Ар кимге жагат басыгың.
Уктагыла тынч жатып
Айтпай сөздүн ашыгын.
Ата-бабам илгертен
Ала-Тоонун ташымын.
Идиштердин жашымын
Бакылдаба сыр табак
Айттым сөздүн ачыгын.
Мактап кирди табакты,
Түртүп коюп калакты.
Рюмкалар шыңгырап
Укмуш ыр жаратты.
Көпкө бийлей бериштн

Көп ичип коюп шарапты.
Аяшкан жок эч бири
Бөтөлкө толгон арактьı
Чөйчөк, чайнек, стакан,
Жей беришти тамакты.

Вилкалар да сүйүндү.
Аркы-терки жүгүрдү.
Чоюн кашык чоюлуп
Ичкендерге түңүлдү.
Үндөбөгөн сыр чайнек
Баш көтөрдү, күбүндү.
— Даткабызсың сыр табак,
Жасанып кийип кийимди
Хрусталдан башкасы
Ызаат кылып ийилди.

Анда самоор сөз алып,
Туш-тарапка көз салып.
Мактап кирди табакты
— Сизде жок,— деп түк айып.
Куттуктайбыз баарыбыз
Төшүңүзгө чен тагып.
Сөзүңүздү угабыз,
Дайым даяр турабыз.
Хрусталда чын айып
Алдыңызда биз карып.

Чындап колдор чабылды,
Эски сервант жаңырды.
Табак күлүп таңданып
Шербет суудай агылды.
Рюмкалар шыңгырап,
Далай ирет кагылды.

Курсагы чоң борсойгон
Самоор дагы багынды.

Көтөрүшүп табакты,
Эске салбай тамакты.
Баары бирдей макташты
Таккан сымак канатты.
Улам өйдө ыргытып,
Ураалашты, караштьі.
Үчүнчү жолу тозо албай
Топтолгондор адашты.
Кулуп койду хрусталь

Көрүп сынган табакты.
— Эмне мынча будуң чаң,
Жин тийгенби калам таң.
Үйдүн ичи тарса-түрс
Баш айланып адашам.
Ызы-чуудан ойгонуп
Көбүңөр мас карасам.
Сынганына табактын
Капаланып баратам,—
Деп сүйлөдү курч бычак,—
— Бириңди бириң аясаң.

Талашта кандай пайда бар,
Жерде жатты табак чал.
Мактана бербе жөнү жок
Макул бол чөйчөк кулак сал.
Сөзүмдүн жөнүн айтайын,
Сөөкүрлөнүп болбо дал.
Бир-бириңди урматтап
Өзүңдү-өзүң колуңа ал.
Эмгектенсең эринбей
Эртели-кеч жейсиң бал.

Бычактын сөзүн угушту,
Катарга баары турушту.
Бошоп калган сервантка
Бири калбай чыгышты.
Мындан кийин соёмун
Ким баштаса урушту.
Ызы-чуулар унутулуп
Хрусталга кол сунуп
Ичине конфет толтуруп
Урматтап ызаат кылышты.

## КОЖОМКУЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНДӨ

Кожомкулдун муштуму,
Соолук койдун башындай.
Кырдач мурун, кең далы
Булчуңу сайдын ташындай.

Барпаңдап кызык басканы,
Акырын сүйлөп шашпады.
Башынан өткөн кызыктан
Баяндап мага айтканы.

— Кимдер бар анда жарыган?..
Он бешке чыккам жаңыдан.
Отун алып кел,— деди
Суусамырдын сайынан.

Көтөрмөм бар жонумда,
Ак балтам бар колумда.
Бала кезде көргөндү
Эске салган сонун да.

Кыйып жаткан ыргайды,
Балталап чапса сынбайбы.

«Биздин отун тийбе»,— деп
Бир жигит келип турбайбы!

«Бул өрөөн биздин жер болот,
Мында келип эл конот.
Тийбегин, бала отунга,
Оозуңа бекер кан толот».

Чатагыңды кой дедим,
Көп кыйкырба ой дедим.
Мени менен урушпай
Оройлукту кой дедим.

Алды-артына карабай,
Жаңыдан копкон баладай,
Камчы менен бетиме
Берип калды аябай.

От чыга түштү көзүмөн,
Тийбе, деп андан өтүнөм.
Маспы деп бир аз ойлондум
Сүйлөп жаткан сөзүнөн.

Байкасам сопсоо көрүнөт,
Минген бир аты элирет.
Үзөңгүсүн чиренип
Омуроолоп теминет.

Билектен шап кармадым,
Колу-бутун байладым.
Минген атын жайдактап
Ээр-токумсуз айдадым.

Ким экенин билбедим,
Байлап койдум, тийбедим.
Кээде кетем оолугуп,
Как чапачтай ийлегим.

Муруттары кыбырап,
Эки буту тыбырап.
— Байкап жүр, жигит,— деп койдум
Кулагына шыбырап.

Корс-корс күлүп жөтөлүп,
Отунумду көтөрүп.
Кетип калдым үйүмө
Башкасына өтөлүк...

Он сегизде убагым,
Суусамырда турамын.
Анда-санда айылда
Күрөш болсо чыгамын.

Жүргөн кезим корунуп,
Калган кез арпа орулуп.
Аалыбайдын баласы,
Тилдей берди тоорулуп.

Койсоңчу десем болбоду,
Коркутуп, согүп кордоду.
Унчукпай жерде олтурсам
Колумдан кармап толгоду.

Тийишпе дедим өзүмө,
Кулак салбайт сөзүмө.
Көтөрүп туруп жерге чаап,
Минип алдым төшүнө.

Кана эмесе, тур дедим,
Билгениңди кыл дедим.
Колуңдан келсе канакей
Коё берип, ур дедим.

Жакамдан келип кармады,
Тырышты, жыга албады.

Аңгыча болбой ар жактан
Келишти байдын балдары.

Ура турган болушту,
Тондорун чечип коюшту.
— Саба! — деди мурутчан,—
Какчаңдаган доңузду.

Карабадым жүзүнө,
Келе түштүм күчүмө.
Көтөрүп чаптым бирөөнү
Камынган эле сүзүүгө.

Кандай кызык жашчылык,
Тургандай бирөө шаштырып.
Басып алдым үчөөнү,
Бирине-бирин капшырып.

Койчулар келип калышты,
Ажыратып салышты.
— Болушка барып үчөөбүз
Айтабыз,— дешти,— арызды.

Унчукпадым, күлбөдүм,
Тийишпе деп сүйлөдүм,
Иним келип калыптыр
— Кеттик, үйгө жүр! — дедим...

Беш жылдан кийин бешимде,
Азыр-да турат эсимде.
Минип алган атым бар,
Туш келип калдым кечүүгө.

Атым баспайт бышкырып,
Үркүткөндөй ышкырып.

Теминсем да болбоду,
Жаткандай мени мыш кылып.

Акырын жерге түштүм да,
Көтөрүп алып жопума
Кечирип чыктым кечүүдөн
Бул да өзүнчө сонун да...

Отуздагы чагымда,
Суусамырдын сайында.
Казактан балбан келиптир,
Той болуп жаткан айылга.

Басып бардым жыйынга,
Намыс деген кыйын да.
Эңиш болуп жатыптыр
Жерге көмгөн тыйынга.

Казактан келген ак балбан.
Чындыгында сак балбан.
Кыргыздан эч ким чыга албай
Кыйла жерге чуу салган.

— Бизде мындай балбан жок,
Тең келчүлөр калган жок!
Деп кыйкырды той башчы,—
Байгени алсын арман жок.

Ак балбан турат кубанып,
Жолдоштору чыңалып.
Той берген намыс алдырып
Турушат күлбөй кубарып.

— Чыгайын анда мен,— дедим,
Ак балбанды кел дедим.

Ала-Тоо күч бергендей
Алышпай жатып тердедим.

Ак балбан турат үңкүйүп,
Далылары дүңкүйүп.
Көргөн адам чочуган,
Дөө сыяктуу күрсүйүп.

Манжалары барбайып,
Курсагы бир топ дардайып.
Боз үйдөй болуп көрүнөт.
Бар мүчөсү калдайып.

Басып келди жаныма,
Чаап койду далыга.
— Кабыргаң, бала сынбасын,—
Карагын,— деди,— алыңа!

Унчукпай туруп кармадым,
Бутумду салып чалбадым.
Бир топко чейин алыштык
Кетпестей болуп дарманым.

Кычыратат тиштерин,
Мен да эрдимди тиштедим.
Ак балбанды жыксам деп
Ойлонуп амал издедим.

Бир убакта жөтөлдү,
Тырмышып мени көтөрдү.
Ошондо менин оюмда
Уят болуп кетемби.

Кыса кармап курунан,
Аркы-терки урунам.

Оттүм окшойт балбандын
Өлчөмүнөн, сынынан.

Чымырканып чыңалып,
Калган кезим сыналып.
Көтөрүп туруп бир чаптым,
Коргондун баары кубанып.

Ордунан балбан тура албай,
Арман кылды жыга албай.
Өзүбүз алып байгени,
Ак балбан турат кубанбай.

...Эркиндик элге келген кез,
Бактыны бизге берген кез.
Уюшулуп колхоздор
Кулактарды жеңген кез.

Кедейлерге жер тийип,
Казылып жаткан кен тийип.
Токой, суу, тоо, кең өрөөн
Мал жайылган бел тийип.

Күн сайын турмуш оңолуп,
Жакырчылык жоголуп.
Суусамыр жолу салынып
Жаткан кез гүлгө оронуп.

Бир чоң таш жолго кептелип,
Жолчулар ага туш келип.
Чыгара албай жатыптыр
Он эки жигит тиштенип.

Басып бардым жанына,
Соку таш экен багыма.

Кучактап туруп тартканда
Күч келип кетти жаныма.

Белги кылып коюуга,
Көтөрүп алдым жонума.
Коюп койдум акырын
Сандык тоонун бооруна.

Чөптөрүн жибек чачы дейт,
Сандык тоонун башы дейт.
Ошондон бери биздин эл
«Кожомкулдун ташы» дейт.

...Күндордүн бир күнүндө,
Машина келди айылга.
Көрүлүп жаткан колхоздо
Кош айдоого камылга.

Машина саздан өтө албай,
Жаткан экен тыгылып,
Жалдырайт шофёр кете албай,
Калыптыр балдар жыйылып.

Газ берип шофёр чамынды,
Машинасы болбоду.
Балдар да түртүп камынды
Бир кыймылдап койбоду.

Арткы эки дөңгөлөк,
Батып калды көрүнбөй.
Калган сындуу өйдөлөп.
Калтырап турат теминбей.
Машинасын кармадым
Айдаарда эки кол сунуп.

Төрт дөңгөлөк дирилдеп,
Бир ордунан жылбады.

Мотору боздоп күрүлдөп,
Карап балдар жыргады.

Шофер чындап түшүндү,
Ошондо менин күчүмө.
— Сендей балбан кишилер
Кире элек,— деди,— түшүмө!

Колумду коё бергенде,
Машина кетти зымырап.
Түтүлдөтүп баратканы.
Дагы эле мага угулат.

...Жаз жадырап келген кез,
Фашистти элим жеңген кез.
Гитлер деген кан ичер
Жерге кирип өлгөн кез.

Айлыбызда той болду,
Жеңиш күнүн белгилеп.
Айтканымдын бардыгын
Ошондо көргөн эл билет.

Сом темирди колума,
Башкарма келип карматты:
— Күчүңүздү көрсөт! — деп,
Келгендин баары жармашты.

Ийдим эле тизеге,
Сом темир болду оороктой.
— Түзөңүз,— деди,— таканы
Күчүңүздү коротпой.

Ат така алып колума,
Эки жакка тартты элем.

Түзөлүп калды бат эле,
Ушунча жумшак зат белең!

Айылдан чыгып бир күнү,
Почтаны көздөй баратсам.
Жолумдан бука жолукту
Бадасынан адашкан.

Жинди эмедей жер сүзүп,
Мени көздөй качырды.
Алдымдагы үч киши,
Далдаланып жашынды.

Сынайын деп өзүмдү,
Мен дагы аны качырдым.
Өзүмдө болгон күч менен
Мүйүзүнө асылдым.

Бакырып башын басканда,
Чөгөлөп барып жыгылды.
Ошондон кийин буканын
Сүзөнөгү тыйылды!

Сөзүн бүтүп күлүңдөп,
Коштошуп колду кармады.
Атагы кеткен алыска
Кожомкул кыргыз балбаны.

# ПОЭМАЛАР, ЖОМОКТОР

## БАЛА ЧАГЫМ

*(Поэма)*

Анда мен да сегизде элем,
Ээрчитип келди мектепке энем.
Атам да келди, агайым келди,
Үчөө бирдей: «Жакшы оку!» — деген.

Биздин мектеп чынында сонун,
Жакшы окусаң ишке ашат оюң.
Биринчи күнү кармалбай калем.
Чие албай сызык, калтырайт колум.

Күндөр өтөт, түндөр да өтөт,
Кадам шилтеп айлар да өтөт.
Тамгаларды таамайлап таанып,
Акырындап акылың өсөт.

Алуу, кошуу эсепти билип,
Мугалимдин айтканы сиңип.
Көптү үйрөнүп, эмгекти сүйдүм,
Биринчи күнү беш көчөт тигип.

Кезек келип, дежурный болуп,
Бор, журналды ордуна коюп.
Келгенде мугалим класстын ичи
Бирге окуган балдарга толуп.

Агабыз Асан атамдай болчу,
Көп иштерге көңүлүн койчу.
Класс ичи майрамдар болсо,
Жыпар жыттуу гүлдөргө толчу.

Кызык жомок айтып да берчү,
Кызык китеп сатып да берчү.
Кээ бир бала билбесе сабак
Дептерине жазып да берчү.

...Коштошуп жатып биз менен өзү,
Ошондогу айтылган сөзү.
Эсимден кетпейт, жүрөгүм эстейт
От болуп күйүп, балбылдап көзү:

– Сабактан такыр калбагыла,
Начар баапы албагыла.
Өлүмдөн катуу намыс деген
Бул сөздү бекем кармагыла.

Ошол сөз бизге атадай болду,
Камкордук көргөн ападай болду.
Ташыркатпас тулпарга каккан
Жешилбес жаңы такадай болду.

Ошол мезгил эсимден кетпейт,
Айтып жүргөн сөзүмдөн кетпейт.
Марттын айы, жаз келди жаңы.
Коштошту мугалим акылым жетпейт.

* * *

Класс ичи тынчтыкта баары,
Жапжаш кыз келди — мугалим жаңы.
Ошондо бизге жай гана сүйлөп,
Ирети менен айткандары:

— Агайыңар алыска кетти,
Телеграмма алдык фронтко жетти.
Европада согуштун оту —
Бир жылдан бери көп канды төктү.

Кара ниет Гитлер согушту баштап,
Өрттөндү шаарлар, бомбалар таштап.
Ыйлады балдар, кыйналды чалдар,
Туулган жерден каякка качмак?

Ошондо мен ойлонуп туруп,
Биринчи болуп колумду сунуп.
Суроолор бердим мугалим кызга
Сезимтал элем, бала кез тунук.

— Асан агай кайсы күн келет,
Ал согушта кайсылар жеңет?
Атылса мылтык, бомбалар түшсө
Андагылар эмне үчүн өлөт?

Чоң кишилер койбойбу өлбөй,
Кармашпайбы шаарларды бербей.
Эгерде мен согушка барсам,
Келбеймин кайра душманды жеңбей!

Мугалим эже жаныма келип
Башымды сылап дептерди көрүп.
— Жазганың жакшы, тилегиң жакшы
Агайың келет душманды жеңип.

Эртеси күнү болбоду сабак,
Темир жыйдык туш-туштан карап.
Керели кечке иштедик күчөп,
Түштө да барып ичпедик тамак.

* * *

Өзүбүз тиккен алмалар гүлдөп,
Май айы келди өрүктөр бүрдөп.
Дем алыш эле мугалим эже
Келип калды жумушка жүр деп.

Күрөгүн алып атамдын жаңы,
Жумушка барсак балдардын баары.
Көчөттөр тигип жер казып жатат
Айылдагы кемпир-чал дагы.

Ошол кезде почточу келип,
Эжебизге бир катты берип.
Коштошуп коюп жолуна түштү,
Мингени эшек акырын желип.

Ал катты ачып ичинен окуп,
Айткандарын көңүлгө токуп.
Экинчи бетин караган кезде
Кеткендей болду эжеке чочуп.

Көзүнөн жашы көрүнбөй чыгып,
Чөнөктү казды ордунан жылып.
Ак кагазды абайлап бүктөп
Төшүнө катты болгондой ыйык.

Эртеси күнү сабакка келдик,
Эжеге карап суроолор бердик.
— Кечеки катты ким жазды эле?
— Чындыгын бизге айтыңыз? — дедик.

Кабагы бүркөө билмексен болуп,
Балдарга карап күлмөксөн болуп.
— Ал катты агай жазыптыр мага
Уккула, балдар, айтайын толук.

Ок тийип сага эс-учун билбей,
Жатыптыр үч күн кансырап, күлбөй.
«Жатамын азыр Саратов жакта
Айыксам барам ачылган гүлдөй.

Жакшылап окут, балдарды кара,
Сабактардан болбосун ала.
Кыйын го турмуш түшүнөм баарын
Балдарды ая, өзүңдү ая...»

Келемин деген жакшы сөз угуп,
Кол чаптык күлүп, баарыбыз туруп.
Кубангандан эжекем ыйлайт
Көзүнүн жашы булактай тунук.

Эжекемди аяймын өзүм,
Согушта өлгөн атасыз жетим.
Менин да атам согушка кетти,
Оюма түшсө ымшыган көзүм.

* * *

Бир күнү эжем чогулуш жасап,
Госпиталда агайга атап.
Жиберүү үчүн посылка, катты
Белектер камдап, каттарды жазат.

Бирибиз тигип тамеки баштык,
Бирибиз үйдөн кол капты таптык.
Бет аарчы жасап кыздардын көбү
Агайга арнап жылуу сөз айттык.

Он бешке жакын конверт жыйдык,
Мугалимге болсун деп сыйлык.

Чогулуп балдар ящикти жасап,
Алмадан кошуп аманат кылдык.

* * *

Кат келди дагы, агайдан жаңы,
Айыктым дептир кетпестен алы.
«Жөнөймүн» дейт согушка кайра
Унчукпай калдык балдардын баары.

Эмнегедир ыйлады кыздар,
Агайын аяп жүрөктөр сыздар.
Күндөр өттү, жумалар өттү,
Кетишти учуп, келишкен куштар.

Күз келгенде машактар тердик,
Кырмандарга өткөрүп бердик.
Сентябрь келди кайрадан жаңы
Эжебиз келди, мектепке келдик.

Айтканым ырас, экинчи класс,
Китептер алдык болгондой мурас.
Сабактан калбай бир дагы бала
Жеңишти көздөйургандай кулач.

Жүрөбүз күтүп агадан кат жок,
Кеткендерден далайдан кат жок.
Эжекебиз сабагын берет,
Түшүнбөй калсак, түшүнтүп токтоп.

Бош убак болсо иштейбиз дагы,
Иштешет апам, эмгекте баары.
Кызылча казып, малдарды багып
Шашкандай келди ноябрь айы.

Майрамда эжем чогултуп алып,
Бир топторго значок тагып.
Пионерлер келишти бизге
Сурнайын чалып, барабан кагып.

Вожатыйыбыз силерге дешти,
Айтышты келип билбеген көптү.
Күндөр өттү, айлар да өттү,
Кайра жаз келди, жамгырын төктү.

Баарыбызда багбандык милдет,
Бак-даракка жолотпоо илдет.
Эжекебиз өзү айткандай:
— Чөл калтырбай жериңди гүлдөт!

Быйыл да тиктик алма дарагын,
Көбөйтүп күндө мектептин багын.
Апрель айы аяктап калган,
Ким сыйлабайт Ленин айын.

Ленин туулган так ушул айда,
Гүлдөр көп чыкты жер жайнап майда.
Вожатыйларыбыз жагоочондор
Сүйлөшкөн сөзү: «Алгала, чамда».

Өмүрү кызык, өрнөгү кызык,
Апрелдин келгени кызык.
Чоң майрамдай мектептин жаны
Үчүнчү класс чогулган сызык.

Улам бирден ортого чыгып,
Солдаттардай какайып туруп.
Салтанаттуу убада бердик,
Туунун четин өбүшүп тунук.

Такканда жагоо жүрөктөр туйлап,
Салюттар берип, улууну сыйлап.

Төрелген күнү чоң атабыздың
Убада бердик биз дагы чындап.

«Атабыздай окуйбуз дайым,
Лениндей иштейбиз баарын.
Сүйөбүз элди акылман сымак
Үйрөнөбүз балалык чагын!»

Класстан биздин убада ушул,
Алкымда жагоо алоолойт кызыл.
...Почточу келди эжемди сурап,
— Эмне экеп? — дедик туралбай чыдап.

Эжекем келди мектептен чыгып,
Салабыз кулак сөздөрүн угуп.
Почточу болсо саламын айтты,
Эки катты эжеме сунуп.

Ойногон балдар топтошуп шашып,
Ортого чыкты эжекем басып.
Бизге карап, саамайын тарап,
Көңүлү ачык, каттарды ачып.

— Тынчтангыла, уккула баарың,
Майдандагы агайдын жайын.
Кат жазыптыр силерге арнап,
Сүрөтү келди көрүүгө камын.

Төшүндөгү орденин көрдүк,
Үч медалга көңүлдү бөлдүк.
Агайга арнап туударды кармап,
Катарга туруп салют да бердик.

...Тапшырма алып, чалгынга жөнөп,
Билинбей барып душманды көрөт.

Отуздан ашык танкасы турган
Ак кайыңдуу токойду ээлеп.

Жөтөлүп коюп сакчысы жүрөт,
Алачык сымак үйүнө кирет.
Акырын барып аңдыган агай
Ал сакчыга бүркүттөй тиет.

Кундак менен башка бир салат,
Эс-учун билбей жыгылып калат.
Оозуна тыгып чүпүрөк толо
Ойлонуп турбай көтөрүп алат.

Таң алдында бөлүккө келет,
Соңкойгон «тилди» өткөрүп берет.
Көп сырын билип душмандын жаңы
Чабуулга чындап даярдык көрөт.

* * *

Өтөт күндөр, айлар да өтөт,
Кычыраган кышкы суук кетет.
Чабуул коюп жоокерлер биздин
Бардык жерде жеңишке өтөт.

Дагы далай эрдиктер кылат,
Днестрден биринчи чыгат.
Атылган ок, бомбалар түшкөн
Ызы-чуудан кулактар тунат.

Эрдигин баалап, жеңиштер каалап,
«Кызыл Жылдыз» агайга тагат.
Чалгындагы эрдиги үчүн
Катары менен үч медаль алат.

Келген катты эжебиз окуп,
Айтылган сөздү көңүлгө токуп.
Кубангандан кол чаптык биз да,
Урматына агайдын озуп.

Бул кабар тарап айылга кетти,
Ар үйлөргө кубаныч жетти.
Кулпунуп гүлдөр талаада жайнап,
Сугарып жерди жамгыр жаап өттү.

* * *

Окуй бердик, көп эмгек кылдык,
Аз да болсо алдыга жылдык.
Жеңээрин билип, өзүнчө ойлоп,
Акыры эмгек, акыры чындык.

Бешинчибиз ишибиз дурус,
Жардам берүү, кол кабыш кылыш.
Канга сиңген, жаш болсок да,
Бүтсө экен дейбиз күчөгөн уруш.

Кээде келет айылга кабар,
Ый, өкүрүк, заматта тараар.
Айла канча согуштун иши
Курман болмок, азапка салаар,

Көңүл айтуу карыга шерик,
Жүргөндөй кайгы айылга келип.
Чоңоюп калдык ишибиз арбын
Ат такалап, басабыз көрүк.

Энелер менен айдайбыз жерди,
Сугарып эгин, агызып терди.
Киймибиз жыртык, тойбогон курсак
Жалгыз бойлор азапты көрдү.

Арпадан талкан, айлабыз канча,
Кебеги чыгат жармага салса.
Нан деген анда көрүнбойт көзгө
Бөлүшүп жейбиз табылып калса.

Чогулттук далай жылуудан кийим,
Ремонт кылдык жалгыз бой үйүн.
Эмгек, окуу, уйку азыраак
Ушинтип өткөн балалык күнүм.

Конфет, кантты билбеген анда,
Кант болбосо морожный кайда?!
Дайынсыз эле шоколад, набат
Укчубуз атын ар кимден чанда.

Кыш келип калса короону күроп,
Жалпыбыз тегиз жеңишти тилеп.
Атылса салют, айтылса жеңиш
Кубанчубуз толукшуп жүрөк.

Өттү мезгил кезекти күтүп,
Суукка алдырдык бутубуз үшүп.
Келсе экен дейбиз майдандан ата
Кан төгүлгөн согушту бүтүп.

«Жоголсо экен атылбай мылтык,
Бүтөлсө экен кийимдер жыртык.
Болбосо адам эч качан чолок,
Болбосо сокур, болбосо тырык.

Өңүбүз кызыл жагоодой болсо,
Батинкем байкуш жыртылбай койсо.
Жыңайлак бутум азапты чекпей
Чогойно-тикен киргенин койсо».

Ушинтип ырдап жатканын кыздын,
Кошунам Анар өзүнөн уктум.
Ошондон кийин капалуу болуп,
Караңгы түндө уктабай чыктым.

* * *

...Айлыбызда бир гана тилек,
Эртерек жеңиш келсе экен деп —
Аңызды айдап огород казмай
Куралыбыз болгону — күрөк.

Эжебиз болсо сабагын берет,
Мектепке эрте таң атпай келет.
Даярдап сабак, дептерди карап,
Калтырбай бирин текшерип көрөт.

Ай келди жаңы, май келди жаңы,
Гүл кучактап, алма өрүк шагы .
Күн да ачылып, нурларын чачат
Жапкандай жерге жаңыдан шайы.

Гүлдөдү алма, гүлдөдү өрүк,
Жел жүрсө мелүүн баскандай көрүк.
Балалык кызык, балалык жыргал,
Жүргөн кез тоодон кызгалдак терип.

Чаап келатат ат минген адам,
Жакындап калды Жанаалы чабан.
Секирип түштү атынан ылдам:
— Каякта жүрөт, Курманбек балам?

Бул сөздү тиги Курманбек укту,
Ак борчук таштын артынан чыкты.
Алдынан тосуп, кучагын созуп,
Чоң ата күлүп бооруна кысты.

Жаш бала сыңар ыйлады кары,
Гүлкайыр сымак сакалдын агы.
Бүттү деп согуш, келди деп жеңиш!
Айтты аксакал кабарды жаңы.

Балдарды койбой кучактап өптү,
Шолоктоду, көз жашын токтү.
Уктуңуз кайдан дегенче болбой
Атына минип чапкылап кетти.

Күлүктөр сымак чуркадык бирге,
Торгойлор сайрайт киргендей тилге.
Жолумда тосуп чоң энем ыйлайт,
Жетелеп кирди төрдөгү үйгө.

Апам да ыйлайт өпкүлөп мени,
Ысыткандай апамдын деми.
Чоң энем күлөт, чоң энем ыйлайт
Чындыгын айтсам түшүнбөйм деги.

Үйүбүзгө коңшулар толду,
Биз көрбөгөн окуя болду.
Жездекем бир кой жетелеп келип,
Жеңишке арнап заматта сойду.

Бүттү деп согуш кубанды элим,
Жеңиш деп айткан угамын кебин.
Бири кой, бири бээ союп
Өткөрүп жатат жеңиштин тоюн.

Боорсоктор толо дасторкон камдап,
Кыргызым гүлдөй ачылды жайнап.
Булбулу бакта жаңыдан келип,
Ырдаган сымак жеңишти сайрап.

Кабагы ачык кемпир-чал күлүп,
Келин-кыз иштейт билегин түрүп.

Агасын күтөт, тууганын күтөт
Жер бетинде тынчтыкты билип.

Жеңелерим жарларын күтөт,
Энелерим балдарын күтөт.
Биздин айыл шаттыкка батып,
Согуштан аман калганын күтөт.

Кара кагаз алгандар күтөт,
Көзүнөн жашы тамгандар күтөт.
Атасыз калган арманы ичте
От болуп бышып калгандар күтөт.

Той кылып жаткан айылы күтөт,
Томкоруп майын кайыны күтөт.
Дем берип дайым ачкандай багын,
Келишкен келин жалыны күтөт.

Кол менен тиккен алмасы күтөт,
Чоң эне кылган жармасы күтөт.
Согушка барбай айылда калган
Тылдагы эмгек солдаты күтөт.

Бүткүл өлкө, бүткүл жер күтөт,
Шарпылдаган Ысык-Көл күтөт.
Камын көрүп сагынган жалпы
Ак калпактуу кыргыз эл күтөт.

* * *

...Саат айланып, Күн кайта чыгып,
Жер эненин жүрөгү уруп.
Эмгектенет айылда элим
Жеңиш деген вахтада туруп.

Күн чыккан сайын балдары келип,
Сулуулардын алганы келип.
Бир колу жок, же буту жок
Аман-эсен калганы келип.

Күн өткөн сайын той уланып,
Жеңиштер менен эл кубанып.
Мугалим агай Асан да келди
Балдардын баары, мен кубанып.

Мектебинде сабагын баштап,
Китебин ачып, өткөндү жактап.
Жүрөбүз окуп, алтынчы класс
Өстүрүп билим, өнөрдү жаттап.

* * *

Уламдан улам өзгөрдү турмуш,
Чыккандай кайра бактыга жылдыз.
Улуу тоодой эмгектин күчү
Укмуштарды жаратты кыргыз.

Эжебиз болсо тилекке жетти,
Бүткүл эл сүйгөн Москвага кетти.
Ленин тоосу, университет
Ишке ашып максат, окууга өттү.

Билсин деп балам өткөндү жаздым!
Айткандын баарын көз көрдү жаздым!
Бир кишидей биримдик менен
Чоң жеңишке жеткенди жаздым!

## БАЛА — МЕНИН ӨМҮРҮМ

Чарчагандай, чаң баскан жол,
Ата, бала шилтейт кадам,
Шилтешип кол.
Ала булут,
Оюп куруп,
Күн төбөдө
Түгөнбөйт жол,
Кайда анын аягы?
Жел жүрбөйт шок,
Күлкүсү жок,
Бүркөлүңкү атасынын кабагы.
Бирин-бири кылчак карап,
Атасы ойлуу баланы аяп.
Талаа тарам, арбыйт кадам,
Кызып барат, ысып барат,
Атасынын бүткөн бою, таманы.
Ата басат, бала шашат,
Бирдей эмес кадамы.
Экөөнүн тең көз алдында
Сүйүктүү бир адамы
Ата жалгыз
Кубат алат баладан.
Бир ай жүрүп башка айылда
Теңтуштар жок,
Бала дагы жадаган.
Ата басат, издер жазат,
Чаң баскан жол изди катат,
Экөө гана
Айланада эч ким жок,
Эми гана эсендешип,
Жел жүрдү
Беттен сылап, ишин улап
Бул экөөнү аяган.

Ата күлбөй
Бүркөө түндөй
Аппай ишке самаган.
Бала шашат, изди жазат
Чаң баскан жол изди катат,
Бир колунда өзүнө чак
Буюм үйү — чемодан.

* * *

Коркту ата эмнегедир
Чочуп кетти,
Чочуп кетти,
Башка келген оюнан,
Тер кеткендей мойнунан,
Күч кеткендей колунан,
Оор, салмактуу —
Жүрөгү тактуу,
Ата келет
Баласынын соңунан.
Торгой сайрайт,
Чегирткелер секирет.
Эмнегедир алар дагы
Чөп жамынып бекинет.
Ата гана баласына
Ичте сырын билгизбей
Бир ай мурда
Өткөн ишке өкүнөт,
Толгон сымак
Кайгы менен капага
Толгон сымак көкүрөк.

* * *

Бала сүйлөйт тынчтык бузуп:
— Качан үйгө жетебиз?
— Мына аз калды,

Бир аз бассак жетебиз.
Тиги жондон өтөбүз,
Андан кийин жетебиз...
Жол жоголду
Тоо көрүндү,
Жакшынакай жашыл тоо,
Кол менен жасап койгондой,
Бирөө келип жыйган сымак
Ушул жерге гүлдү терип
Чуркайт бала сайрандана.
Канат бардай,
Улам-улам кулач керип.
Көз алдында гүлдүү деңиз,
Чайпалгансыйт
Толкундары токтобой.
Кызыл, сары, аппак, көк
Жашыл токой кандай калың,
Тескей толгон арча, кайың,
Четин, шилби,
Кыз бетиндей кызыл —
Кырчын, тобулгу.
Чогулткандай ушул жерге
Күчүн жумшап табийгат
Күчүн жумшап, сонунду.
Ала качып алып кетти,
Алыс жакка —
Түпкөрлөргө оюңду,
Адаштырып жолуңду,
Күн сары эмес аппак болуп
Кардай болуп көрүндү.
Узун булут арасынан
Кылдай нурлар төгүлдү.
Ийрип койгон жип сымак.
Жаш балача
Алтын менен буулап койгон —

Жибек жиптей көрүндү.
Көркөм тоолор,
Оркестрин ойноп жатат табийгат.
Жайга кошуп назик үнүн жаңыртып,
Ата унчукпайт,
Эки жагын тиктей берет,
Сүйлөп койсо табийгатты,
Албайын деп жаңылтып.
Дүк-дүк урат
Жаш баланын жүрөгү.
Ойноп жүргөн,
Куунак күлгөн,
Өскөн үйүн,
Өз апасын сагынтып.
Бүткүл тоону күйгөн өңдүү
Бул экөөнө
Кол куушуртуп багынтып.
— Бу эмне? — дейт,
Чөгүп жаткан тоолорго,
Көз жүгүртүп коолорго,
Атасынан жооп күтүп!
— Бул, жер, балам!
Бала ойлонду.
Жанаа баскан чаң жолду.
— Жер жок ата,
Жер калды го төмөн жакта!
— Бул жер эмес, бул жандуу тоо
Жаны бирге гүлдөрдүн,
Жаны бар го
Тиги жаткан таштардын,
Жаны бар го көк эрмендин
Көрүңүзчү басканын?
Шыраалжындар басып барат,
Шыраалжындар сүйлөп барат.
Тили барбы

Тоодо өскөн чөптөрдүн?!
Гүлкайырды карасаң
Аппак экен,
Барагындай дептердин.
Тик көтөрдү баласын,
Ачык аба көтөргөндөй булутту,
Ойлор качты бир минутка
Ичте муну унутту,
Жерге койду баланы
Кайра уулун карады.
Бала күлдү
Канат жайып чуркады,
Чуркаган жок учуп кетти,
Учуп барат
Аба менен жарышып,
Учуп барат
Улуу тоого таанышып:
— Баары тирүү, баары тирүү
Гүл, чөптөрдүн жаны бар.
Баары тирүү
Ушул тоонун каны бар.
Атам — бул тоо
Баласы бар, малы бар,
Мен көрө элек
Кызыктары дагы бар.
Улуу тоонун жаны бар...

...Токтоп калды атасы
Күлүп турган кызыл гүлдү,
Чоктой гүлдү көргөндө.
Эске түштү
Баласынын апасы,

Эске түштү
Бир ай болду өлгөнгө.
...Арык,

Чымчып алаар эти жок.
Тамырлары көгөрүп,
Көөп кеткендей,
Эки козу аялынын
Эки көзү балбылдайт,
Күйүп барат:
— Мен жакында оломүн,
Менсиз кантип жашайт балам,
Менсиз кантет... (Ыйлады...)
— Жок мен өлбөйм,
Биротоло өлбөймүн,
Каламын элдин оюнда,
Калам сенин оюңда.
Жүрөгүңдө...
Кайгың менен жыргалыңда
Сен ырдаган ырларыңда...
Аялынын колун кармайт,
Сылайт колун.
Өбөт эки көзүнөн,
Өбөт, жыттайт бетинен,
Аялынын бакырайган
Жалдыраган көзүнөн.
— Биротоло такыр өлбөйм,
Сени менен каламын,
Сенин көзүң, менин көзүм
Окшош балам,
Окшош биздин колубуз,
Окшош биздин бетибиз,
Мурдубуз да, кашыбыз,
Окшош балам —
Үнү окшош,
Окшош сенин күлгөнүң...
Көзүңдү сал сураганым,
Сураганым бир гана сөз
Көзүңдү сал балага!

Мен өлгөндө
Бала аны билбесин,
Башка жакка жиберип кой,
Үйгө келип кирбесин.
Өлгөнүмдү билбесин!
Кайраттанды
Дем ала албай кыйналды,
Караңгылап түш тарабы:
— Акыркы сөз: балам...
Бала кеткен
Башка айылга, туугандарга,
Эч нерсени туйбады...
...Сүйлөдү эне чымырканып,
— Балам үчүн тирүүмүн,
Тирүүмүн...
Кыйналды, кыйналды...

* * *

Токтоп калган атасы,
Күйүп турган кызыл гүлдү,
Чоктой гүлдү көргөндө,
Аяп кетти, ойго чөктү
Гүлдү бала тергенде.
Кайталады
Баласынын айтканын:
— Баары тирүү —
Чөптүн дагы жаны бар,
Тоонун дагы жаны бар!..
«Жыпар, жыпар»,— деп сүйлөдү.
Көз жүгүртүп
Жашыл тоонун бетине.
Көңүл бурбай
Өзү сүйлөп,
Айтып жаткан сөзүнө;

— Балам, балам,
Балам менин жыргалым,
Балам,
Менин балам ырларым.
Кызыл гүлдү үзгөн жок
Жашыргандай
Сүйүүлөрдүн сырларын.
Эми сезди өзү жалгыз,
Тоо боорунда,
Тоо койнунда,
Жалгыз гана турганын.

* * *

Жондон өтүп чуркап кеткен,
Бала токтоп,
Суусун тиктейт булактын,
Келип калды
Жетип келди атасы,
Так көтөрөт күлүмсүрөп баласын:
— Балам күнүм,
Балам күчүм,
Сен тийген күн
Күбө болчу, карачы!
Бала таза
Тунугундай булактын...
Кучактады
Дагы өптү баласын.
Бала күлүп:
— Кандай сонун,
Гүлдөр сонун!
— Сонун балам, эң сонун!
— Мен эмне үчүн
Көргөн жокмун
Мындан мурда мындайды,

Так ушундай болобу,
Жашыл тоолор ар дайым?
Жооп бербеди атасы
Эки жагын карады,
Коздук көзгө сезилбейт
Коё берди баланы.
Эсине түштү:
Көз алдына элестеди аялы.
...Кечээ барган башка айылга
Ойноп жүргөн баласын
Ал алыстан карады.
Жетип барды баласына,
Жетип барды, аяды.
Бала күлүп:
— Апам кайда, менин апам,
Ал эмнеге келген жок?
«Апам кайда?»
Атасы өзүн араң эле токтотту.
Ата чындап,
Эми гана түшүндү,
Кимге айтат арманын,
Түшүнбөйт тоо,
Түшүнбөйт гүл,
Чындап эми түшүндү.
Жалгыз үйдө
Экөө гана,
Экөө гана калганын.

* * *

Улуу тоонун гүлдүү чөбү, шибери,
Ата күлбөйт
Тиктейт көпкөк асманга,
Тынчтык кандай
Тыптынч жатат айлана.

Карай берет
Айланага таңдана.
Капчыгайдан
Жүргүнчүдөй жел жүрөт,
Деңиздеги жел кайыктай
Жай гана.
Эки бетин күнгө тосуп,
Ата жумду эки көзүн.
Кызаргандай жердин бети
Өрт жалбырттап бараткандай,
Ойго түштү
Муздап кетти денеси —
Көз алдында аялынын элеси.
«Ажарымды алган сымак
Алып кетсе баламды.
Эмне кылам?»
Түрс-түрс урду жүрөгү —
Келе калды оозуна
Бараткандай тумчугуп,
Көктөм ойлор,
Алыс кетти
Жаман ойлор тегеректеп,
Азыр басып калчудай.
Баласын тартып алчудай,
Ойлор келди...
Самтыраган тамтыгы жок
Жаман ойлор,
Түпкөрүнө тумчуктуруп,
Тура калды ордунан,
Көзүн ачты,
Көрүп көзү
Ойноп жүргөн баласын,
Кел бери деп,
Чакырайын, деди эле,
Үнү чыкпайт,

Кургап калды тамагы.
Издейт, тиктейт
Гүлдү терип
Ойноп жүргөн баланы.
Бала күлүп атасына
Салтанаттуу кыйкырат:
— Гүлдөр күлөт,
Гүлдөр дагы дем алат,
Гүлдөр күлөт соолубайт!
Өзүн-өзү
Кармай албай атасы,
Олтура калды чөгөлөп,
Мөлт куюлтуп көз жашын.
Чуркап келип баласы
Чочуп кетти:
— Койчу, ата, ыйлабачы,
Сени эч ким урган жок.
Шолоктойсуң таяк жеген эмедей?..
— Жок, ыйлабайм,
Садагасы.
Күлүмсүрөйт,
Көздүн жашын
Башкара албай
Күлүмсүрөйт,
Сүйлөйт араң
Кыбыратып эринин:
— Балам менин,
Менин балам,
Көкүрөккө кысты, өптү:
— Бала менин
Өмүрүм! —

## СҮТ

Сагын жеңем саанчы өзү,
Сүйлөгөндө кыйын сөзү.
Күн ысыкта июль айы
Ушул жеңем үйдүн ээси.
Алма, өрүктөр түйүлүп
Балдар ойноп күйүгүп.
Жай айынын жыргал кези.

Беш бөлмөлүү аппак там,
Бак-дарактуу кирбейт да чаң.
Бир бөлмөсүн бөлүп койгон
Тамак ашын сактайт анда
Быштак, каймак, сары май да
Жайнап турат курут дагы
Караңгы ал каласың таң.

Ал анткени терезеси,
Парда менен жабык көзү.
Салкын турат жайда, күздө
Бөлмө ылайык кампа дечи.
Бир күндөрү сүтүн койду
Мелт-калт эки табак болду
Сагын жеңем келип өзү.

Жеңем чыгып сыртка кетсе,
Мындагылар кирди сөзгө.
Текчедеги быштак күлүп
Сары май да салып бүлүк:
— Суудай шылдыр сүттү бизге,
Коңшу кылып койду күчкө.
Айдап чыгар коюп төшкө.

Быштак болбой жапырылып,
Каткан курут атырылып:

— Түрт табакты төгүп ташта,
Сүзмө, кана, өзүң башта.
Мага десе ирип калсын
Кыйын болсо айтып барсын!
Деди курут какырынып...

— Эмне мынча ардакталган,
Кыйын бекен каймак майдан.
Бол төгүп кой коркпо досум
Ой, сары май, өзүң озун.
Күчүң да жок, ишиң да жок
Уйкусурап калгансыңбы?
Мелтирейсиң кайран айран...

Сүткө карап күлөт быштак,
Сен байкушсуң, эмне чыкмак.
Конок келсе бизди коёт,
Балдар келсе курут сорот,
Дасторкондон сени көрбөйм
Барсаң дагы оруп бербейм
Жатасың да күн-түн уктап.

Эжигей да элеңдеди,
Сүттүн күчүн көрөм деди.
Келбейт мунун колунан
Эч нерсе чыкпайт оюнан
Өзүнчө бир суу экен,
Калп айтпасам куу экен!..
Сөз мааниси тереңдеди.

Сүттү кордоп каймак, быштак,
— Коёлубу эттей туздап?
— Болбойсуңбу төгүп ташта,
Ой сары май бурчка качпа!
— Мен качкандай ууру белем,

Күчүм жетсе азыр төгөм
Ичи күйүп калсын сыздап...

Бул сөздөрдү койбой угуп,
Эки табак мелт калт туруп:
— Байкушсуңар баарыңар тең,
Ачык айтсам атаңар мен.
Мен болбосом көрөр элем
Ой, сары май, өлөөр элең
Таштайынбы баарың кырып?!

Өз балдарын өзү кыйбай,
Бирин дагы түртүп, урбай.
Мелт-калт бойдон тура берди
Курут жайнап чыга келди.
— Төгөм, жутам башыңды алам,
Тур чыгып кет, мээңди жарам
Тар бөлмөдө жолтоо кылбай.

Анда сүт да басып келип,
Сөз сүйлөдү көңүл бөлүп.
— Баарыңар тең баламсыңар,
Акылы жок жамансыңар.
Жаныңарга бир күн келсем
Кыйкырасың «сабап чыгар».
Сөз билбеген оройсуңар,
Туш тараптан чыгасыңар
Кетпей койсом урасыңар
Жөн билбеген камансыңар.

Деп айткапча Салый келди,
Табактагы сүттү көрдү.
Чакасына куюп алды
Сүт унчукпайт айла барбы.
Кара казан сүткө толду

Бир заматта кайнап болду,
Уютту айран түрүп жеңди.

Эртесинде таң атканда,
Жайытка уй шашканда.
Конок келди Алайдан
Сагынгансып далайдан.

Ак дасторкон армансыз,
Боорсокко толду жардамсыз.
Каймак, быштак, сары май,
Эжигей, курут, мамле чай.
Ошондо күлүп карыя
Элге айтып бир соз жарыя
— Калды элем ооруп дармансыз.

Жаткан элем Бозордо,
Ак сүттү ичип ошондо.
Ооруган ичим оңолду
Кулдураганы жоголду.
Сары май, каймак, быштагын
Ичиме жакпай таштадым.
Сүт кубат күч кошоорго...

Андан экинчи абышка:
— Көп болгон кызык тарыхта
Илгерки ачкачылыкта,
Калмактар качкан урушта.
Негизги тамак сүт эле
Жоокерлерге күч эле
Сүт ичкен жеңген жарышта.

Курут, май, быштак сүттөн да,
Эжигей сүттөн бүткөн да.
Сүт баланын тамагы
Сүттөн кыздын жамалы.

Сүттөн айран, жуураты,
Ичкендердин кубаты
Адам үчүн бүткөн да.

Сүт болбосо курут жок,
Май, каймакка туруш жок.
Болмок эмес быштагың,
Жакшы көрөм сүт жагып
Эжигей жок эзилмек
Жакырчылык сезилмек
Сүт болсо чыны курсак ток!

Бул сөздү угуп каймак, май,
Тарелкада жатты жай.
Бир аз калган быштагың
Кайталап жатты укканын.
Курут болсо көрүнбөй
Четте жатты бөлүнбөй
Тепкендей төшкө тентек тай.

Өздөрүнчө сүйлөшүп,
Бирине бири үйрөтүп:
— Кечирим сурап баралык
Айтылган сөздөн жададык.
Сүттөн чыккан экенбиз,
Сүт менен биз бекембиз!
Жатышты сүттөн сүрдөнүп.

Аларга сүт келген жок,
Эч кимиси көргөн жок.
Ар кайсы жерде жатышты,
Эл жокто арман айтышты.
Коноктор болсо коштошуп
Салый менен достошуп
Үйлөрүнө кайтышты.

Арабызда балдар бар,
Чатак салган ичи тар.
Өзүнүн тегин билбеген
Ата-энеге күйбөгөн
Андайлар бизде болбосун,
Арамдык кылган оңбосун
Ар кимде болсун намыс, ар!

## ӨГҮЗ

*(Жомок)*

Жыламыштын оюнда,
Суунун берки боюнда.
Жалдырайт жалгыз алачык,
Жыртылган үзүк жонунда.
Кемпири менен чал жашайт,
Музоолуу уй бар колунда.

Кошулушкан жашынан,
Балдары болбой башынан.
Кичинекей уйкана
Курулган сайдын ташынан.
Кайнатып күндө ичишет
Чай куурайдын ашынан.

Ал кезде буудай болбогон,
Минбеген кедей жоргодон.
Тууганы жок экөөнүн
Туш-тараптан колдогон.
Кышында ичип кымыран,
Кызартып согум сойбогон.

Арадан алты ай өткөндө,
Табийгат каарын сепкенде.

Ылаңдады музоосу
Ичине суук жеткенде.
Ажал тапты акыры
Чиренип чилде тепкенде.

Бир жыл өттү арадан,
Музоодон колун жуугангa.
Кубанышты кемпир-чал
Токол уй кайра туугандa.
Эч нерсе жок эгинден
Капка салып буугангa.

Арыштап музоо желбеди,
Токол уй көп сүт бербеди.
Күнүнө үч маал сугарып
Ушулар чалдын эрмеги.
Жай башынап уланып,
Тоют камдап тердеди.

Кайрадан жай баш багып,
Кадырлап жерге гүл тагып.
Өстүргөндөй атайлап,
Өз маалында суу жайып.
Шарп болуп өлдү музоосу
Чал, кемпир билбейт кимде айып

Кербен сындуу күн өттү,
Айлуу, айсыз түн өттү.
Жарак-жабдык асынып,
Токсон чилде жүдөттү.
Токол уй дагы тууп берди
Кубандырып жүрөктү.

Тептек музоо телигип,
Бир жыл өтпөй семирип.
Эки мүйүз томпоюп,

Чокусунан көрүнүп.
Канча ичем десе сүтү көп
Капаны билбейт элирип.

Тартаңдады тай торпок,
Иш кылбаган бир чоркок.
Элеңдеген элейип
Караңгыда ал коркок.
Орулган чөптү бирге жеп
Энесине ал орток.

Кышында жабуу жабышат,
Үйгө байлап салышат.
Тийбесин деп чилде-суук
Күн-түнү от жагышат.
Топон, саман торпокко
Кырмандан издеп табышат.

Жаз чыкканда жайкалып,
Жер бети көрком байкалып.
Өгүз болду тай торпок
Чал чамынып кайтарып
Ошондо өгүз сүйлөдү,
Ошону азыр айталык:

— Төөдөй менин күчүм бар,
Төөдөн артык ишим бар.
Буурасынан эмнем кем,
Тилим тикен, тишим бар.
Өгүздөр менен кошулуп,
Болгум келбейт ичим тар.

Өзүмдү-өзүм багамын,
Төөнүкүндөй жүрөгүм.
Төөдөн ашкан пил болуу

Төгүн эмес тилегим.
Уйлар менен бир жүрүп
Унутчаак болуп жүдөдүм.
Кошулам ушул төөлөргө
Төөлөрдөй болуп жүрөмүн...

Төөлөр менен дос болуп,
Керели-кечке бош болуп.
Кошулбады бадага
Жайылып жүргөн топтолуп.
Чөлгө кетти калың төө
Өгүз да кетти оштонуп.

Төөлөр жесе тикенек,
Өгүз да жейт тикенек.
Бир ай өттү арадан
Чөлдө суу жок, иче элек
Баягыдай тайраңдап,
Болбой калды сүзөнөөк.

Чыдатпайт күндүн ысыгы,
Чөл аябай ысыды.
Чөбү жок бопбоз кең талаа,
От жаккандай ысыгы.
Кара өгүздүн майы эрип,
Жүрөгү туйлап кызыды.

Туяктары кесилди,
Тамандары тешилди.
Такыр болуп төрт тизе,
Кумга жатып жешилди.
Мүйүздөрү саргайып,
Өзүнөн-өзү кетилди.

Чылпак болду көздөрү,
Укпады төөлөр өзгөнү.

Шаркырап аккан суусу жок,
Күн ысыкта кечпеди.
Тартаңдап төөлөр чуркаса
Талыкшып чарчап жетпеди.

Өкүнүп кээде ыйлады,
Төөлөр жардам кылбады.
Акактап, ысык, эси ооп,
Алы кетип турбады.
Тамчы суу мындан табылбайт
Таңдайы катып кургады.

Эч нерсе жок көөдөндө,
Кошулам деп төөлөргө.
Бутум бар деп мактанып,
Теңелбеген бээлерге.
Таланып кала таштады
Нечен түнү чөөлөргө.

— Төөлөр менен жүргөнчө,
Жылкыларга барамын.
Чөлдө күнгө күйгөнчө,
Тоодон оюн саламын.
Сөзүмдү укчу жолдошту
Жылкы ичинен табамын!

Деп айтып өзү жөнөдү,
Калың төөдөн бөлүнүп:
— Чөлдө жүрүп өлөмбү,
Кабыргам бекер сөгүлүп...
Жети күн жол жүрдү ал,
Трууган жер кайра көрүнүп.

Жылкыларга кошулду,
— Силер менен жүрөм деп.

Кулунуңду, тайыңды
Эркелетип сүйөм,— деп.
Торпок кезде чоңойгон
Жеримдин сырын билем,— деп.

Бир-эки ай өтпөй оңолду,
Бетегеге семирип.
Кадимкидей торолду,
Жылтылдап жоопу көрүнүп.
Баягы чөлдө жүргөндөй,
Көз жашы акпайт төгүлүп.

Суусунан ичет булактын,
Эмне десе баары бар.
Жүндөрү чыкты кулактын.
Мүйүзү кайра жаңырар,
Ала-Тоодон ар дайым
Ар кыл чөптөр табылар.

Салкын аба, таза жер,
Кол менен жасап койгондой.
Өгүздү сыйлайт салкын жел,
Өз баласы болгондой.
Бардыгы мында жетиштүү,
Жан-жаныбар тойгондой.

Жылкылар менен дос болуп,
Орундалды тилеги.
Аркандалбай бош болуп,
Кадимкидей түлөдү.
Ордуна келди оштонуп
Ооруп жүргөн жүрөгү.

Жылтылдады семирип,
Жыламышта жыргады.

Жылкылар менен элирип.
Башкага көңүл бурбады.
Жүрө берди керилип,
Жүдөп эмгек кылбады.

Жүргөндөй күндө сыланып,
Кандай сонун тазалык.
Күчкө кирип чыцалып,
Күжүрмөн өгүз аталып.
Бададан башка бөлүнүп,
Кетирип жүрөт каталык.

Кулундар менен бирге ойноп,
Жаштыгын салат эсине.
Керели кечке суу бойлоп
Гүлдөрдөн тагып төшүнө.
Кулак салгын, досторум,
Жомогума, сөзүмө.

Бир күнү катуу күн жаады,
Чагылганы чартылдап.
Элирип эки күн жаады,
Күркүрөп асман шартылдап,
Аябай өгүз үшүдү,
Кыш келгендей калчылдап.

Шамал жүрсө ырылдап,
Өгүз жүрөт кырылдап.
Жалтылдаган жонунан
Жамгырдын суусу шырылдап.
Эки көзү тостоюп,
Таноолору бырылдап.

Мактанчаак эле башынан,
Жалакай өсүп жашынан.

Жактырбай жаман көрүүчү
Өгүз деп айтсаң атынан.
Турганын кара шүмшүйүп,
Чыккансып Чүйдүн сазынан.

Үчүнчү күнү токтоду,
Асмандын жааны тыйылып.
Жылкылар коркту окшоду,
Бир жерге калды жыйылып.
Элеңдеп эки карышкыр,
Токойдон чыкты сыгылып.

Күлүктөр кетти алыска,
Көзүңдү ачып-жумганча.
Өгүз калды алыста
Карышкыр келди турганча.
Тиштемек болду алкымдан
Эс-учун эптеп жыйганча.

Жайылып жүргөн бадалдан,
Жардамга уйлар келишти.
Бөрүлөрдү сүзгүлөп,
Букалар жара челишти.
Атайы келген өлүмдөн
Сакташып калды өгүздү.

Бөрүлөр өлдү суналып,
Өгүз турат кубанып.
Ошондо токол кара уйдун
Сүйлөгөнүн угалык.
Айтканы анын чын бекен,
Адаштырбай туралык:

— Бөлүнбө десем болбодуң,
Төө, жылкы менен ойнодуң.

Өзү билсин балам деп,
Өз эркиңе койгомун.
Уккула, уйлар, сөзүмдү,
Төмөнкүдөй ойдомун:

Жакшы өгүз бадасына баш болот,
Жаман өгүз тууганына кас болот.
Кыйынмын деп дыңкылдаган эменин
Акылы жок, ой-тилеги пас болот.

— Ар дайым бирге жүрөлүк,
Өмүрдү бирге сүрөлүк.
Той өткөрүп жарышып,
Токтошуп ойноп күлөлүк.
Кошулдум кайра тобума
Кетпес үчүн түбөлүк.

Эси жокката кетирет,
Өз элиң гана кечирет.
Элинен чыккан эсирет,
Эсеби жок кетилет.
Эли менен бир жүрсө
Эсен-соо болот жетилет!

## КАНЧА КҮЛСӨҢ ЖЕТЕТ КҮН

Илгери бир дыйкандын,
Эки өгүзү болуптур.
Жеңил-желпи иштерге
Эшегин бөлүп коюптур.

Жер бетинен кар кетип,
Жаз жаңыдан чыкканда.
Жер айдоого күн жетип,
Көкөлөп куштар учканда.

Баба дыйкан сокосун,
Шаймандарын даярдап:
— Эки өгүздү кошосуң,
Таң атканда бир айдап.

Атасынын бул сөзүн,
Асан бала аткарып.
Өгүздөр эми иштесин,
Кош айдообуз башталып.

Күндөрдүн бир күнүндө,
Өгүздөр турат байланып.
Күн батканда, иңирде
Бир өгүз сүйлөйт камданып:

— Аябай бүгүн чарчадым,
Жонумдан ымшып тер чыгып.
Чөп жей албай чакадым,
Тамагыма жел туруп...

Анда эшек акырын;
— Кулагыңды сал,— деди.
Жок экен го акылың
Эртең ооруп кал,— деди.

Макул болуп айтканга,
Эртеси өгүз турбады.
Ээси келе жатканда
Жөтөлүп, онтоп ыйлады.

— Кара өгүз ооруп калыптыр,
Эми кандай кылабыз.
— Сиз өзүңүз барып тур,
Эшекти алып чыгабыз.

Эшекти коштоп өгүзгө,
Калган жерди айдашты.
Үрөндү сээп тегизге,
Кечинде үйгө байланды.

Оорул калган кара өгүз:
— Кандай иш,— деди эшекке.
— Жумшак экен жер семиз,
Тамак барбайт өзөккө.

Чынын айтсам чарчадым,
Эс алдырып албады.
Суусагандан чаңкадым
Кымындай алым калбады.

Бирок мен бүгүн капамын,
Эң эле жаман соз уктум.
Сага айталбай жатамын
Корккопумдан тез уктум.

«Оорул калган өгүздү,
Айыкпаса соёбуз.
Аткарчу эле көп ишти,
Этин туздап коёбуз!»

Ушул сөздү укканда,
Түшүп калды жүрөгүм.
Үйдү көздөй чыкканда
Сага айтсам деп тиледим.

Корккопунан кара өгүз,
Тура калды ордунан.
Бир заматта айыкты,
Кандай таттуу тирүү жан.

Узун кулак эшектин,
Айткан сөзүн тыңдадым.
Канча күлсөм жетет күн
Бир каткырып жыргадым.

## КУМУРСКАНЫН ЖОМОГУ

Калың токой чар тарап,
Алайкунун талаасы.
Карт кумурска күн санап,
Той өткөрүү санаасы.

Чалгынчысын чакырып,
Жигиттерин чогултту.
Ызы-чуулар басылып
Баары келип болушту.

Карт кумурска керилип,
Уюгунан көрүндү.
Жоокерлери теминип,
Бир катарга бөлүндү.

Кызматчылар бир жакта,
Билектерин түрүнүп.
Келин-кыздар бир паста
Чогулушту сүйүнүп.

Барабандар чалынып,
Карт-кумурска бийледи.
Мойнуна гүл тагынып,
Ортого чыгып сүйлөдү:

— Көңүлдүү өттү жайыбыз,
Көп болду биздин ишибиз.
Аман-эсен баарыбыз,
Асканы бузган күчүбүз.

Балдар өсүп чоңоюп,
Жигит болуп калышты.
Үч жүз кыркы торолуп,
Колуктуга жагышты.

Кампа толгон эгинге,
Таруу, зыгыр, кычы көп.
Токчулук быйыл элимде,
Малыбызга үймөк чөп.

Тентеккулду хан кылып,
Тектир ташта шайладык.
Соолжанды мал кылып,
Согум үчүп байладык.

Кармап келдик коңузду,
Чоңдугуна карабай.
Кызматкерлер чогултту,
Өлчөмсүз мүлк аябай.

Кеңейтип алдык уюкту,
Кышка даяр үйүбүз.
Эмгектендик туруктуу,
Көңүлдүү өтүп күнүбүз.

Тентеккулдун аялы,
Эркек бала төрөдү.
Кубансын сүйгөн жамалы,
Той өткөрүп берели.

Тойго келсин көпөлөк,
Токой толгон ийнелик.
Эл көчөт келип көкөлөп,
Курттар келсин иймейип.

Жаалар келсин кыналып,
Чиркейлер да келишсин.

Тосолук биз кубанып,
Тоюбузду көрүшсүн.

Эл көчөттү эскерип,
Ларыга кабар айткыла.
Көрөгөч, көгөн, тампыстын
Баарына кабар айткыла.

Жылдыз курт келсин жыбырап,
Чегиртке келсин секирип,
Кыпчы куйрук кыбырап
Калбасын бекер өкүнүп.

Жалдырабай жаа келсин,
Кашка чымын калбасын.
Сайгак, айгак келишсин,
Жерге батпай жайнасын.

Ушул айткан сөздөрүм,
Чалгынчылар билгиле.
Кереги жок өзгөнүн,
Келгендерди сүйгүлө.

Аялдар тамак кылышсын,
Жоокерлер отуп жыйышсын.
Кызматкерлер турушсун,
Келгендерди сыйлашсын.

Туш-тушка жолдор салынсын,
Өнөрүбүз билинсин.
Келин-кыз гүлдөр тагынсын,
Хан-ханша сүйүнсүн.

Жалкоолук такыр тыйылсын,
Эрикпейли эмгектен.

Белектер да жыйылсын
Меймандарды шерденткен.

Ак тикенек кыйылып,
Токойдон отун жыйылып.
Керели кечке иштешип
Баш аламан тыйылып.

Хан кубанып, сүйүнүп,
Көлдөлөң шырдак кубулуп.
Конокторго өргөөлөр
Катары менен тигилип.

Күн өткөн сайын жаңылык,
Керектүүлөр табылып.
Карт кумурска башкарып
Калгандары багынып.

Кемегелер казылып,
Казанга эттер асылып.
Толгон идиш-аяктар
Базардан келди сатылып.

Самоорго чайды кайнатып,
Дасторконду жайнатып.
Күлүктөрдү суутуп,
Күн мурунтан байлатып.

Токойдун гүлү терилип,
Иштешет тынбай берилип.
Кумурскалар курган шаар
Күнчүлүк жерден көрүнүп.

Хандын ачык кабагы,
Күлүмсүрөп аялы.

Терметишет бешигин,
Эркелетип баланы.

Калың токой турагы,
Той өткөрүү урааны.
Карт кумурска келгенде,
Ханы мындай сурады:

— Тойдо чатак болбосун,
Ишибизди оңдосун.
Өзүбүздөн мас болуп
Келгендерди сойбосун.

Чечендер гана сүйлөсүн,
Бирине бири тийбесин.
Курсант болуп коноктор
Кумсарышпай гүлдөсүн.

Ушул айтаар сөзүм,
Тойду башкар өзүң.
Иште болсун ийгилик,
Бек башкарар көзүм.

— Көрөбүз дагы камылга,
Баары болот жайында.
Сиз дагы көрө жатарсыз
Сонундарды маалында.

Аткарабыз айтканды,
Түзөтөбүз шашканды.
Жазайын колго беребиз
Жардамдашпай жатканды.

Такта турган кезиңиз,
Эки болбойт сөзүңүз.

Тойду эртең баштайлы,
Тентеккулум чечиңиз?!

— Ар кимге ишти бөлгүлө,
Абайлап баарын көргүлө.
Айтканың туура, аксакал
Аткарып тойду бергиле.

Сары, кызыл, кара чаар,
Пахтадай агы дагы бар.
Талаанын таза гүлүндөй
Калкан деген байы бар.

Кашаттарын карасаң,
Боёгунан адашам.
Үч миңден ашык келиптир,
Көпөлөктөрдү санасам.

Койгонсуп көптү кыйратып,
Муруттарын чыйратып.
Белек кылып келишти,
Тоо гүлүнөн жыйнашып.

Ийнелик келди ийилип,
Ишмердиги билинип.
Кумурсканын ханына
Кундуздан ичик тигилип.

Эл көчөт жүрөт элирип,
Чиркей ырдайт керилип.
Курттар дагы келишти,
Чакырылганга семирип.

Балын салып челекке,
Жарасын деп керекке.

Аарылар келди аябай,
Тойдо болуп береке.

Аарынын ханы Карабаш,
Ханышасы Алабаш.
Кырк чоросу жанында,
Кылымдан бери санаалаш.

Жайлоонун баарын кыдырып,
Учканы желге угулуп.
Тампыс да келди талыкпай,
Тамаша салып кубулуп.

Улам учуп секирип,
Көгөргөн чөпкө бекинип.
Чегирткелер келишти,
Салам айтып өтүнүп.

Булардын бар өнөрү,
Бузбай аны көрөлү.
Ханышага күлүк ат
Чегирткеден белеги.

Аты турат жулкунуп,
Мине электе булкунуп.
Канаттары жибектей,
Күн нуруна кулпунуп.

Кыпчы куйрук кырылдап,
Алда келди жымыңдап.
Кара таандар — чымындар
Канаты менен ыр ырдап.

Өтүкчү келди кубанып,
Кечиктим деп суранып.

Кумурсканын тоюнда,
Жалбыз гүлдөн туу алып.

Жаа келди шашып чамынып,
Тойго жүргөн камынып.
Атып келген жыланды
Жолунан олжо табылып.

Жибектерин көтөрүп,
Каткырып күлүп жөтөлүп,
Жибек курт келди жыбырап,
Башкасына өтөлүк.

Шырдактарды салышты,
Бардыгын тосуп алышты.
Кумурскалар кубанып,
Той өткөрүп калышты.

Карт кумурска башкарып,
Коноктор толгон шаттанып.
Хан кумурска, ханыша
Ак жаздыкты жазданып.

Көргөндүн баары туюнуп,
Ичимдиктер куюлуп.
Алдына келген тамактан
Ар бири жеди сугунуп.

Тайдаңдап чиркей мас болду,
Башкалардан жаш болду.
Өзүнө чеңеп ичкендер,
Жегендери аш болду.

Карт кумурска сөз алып,
Кол көтөрүп тез алып,

Чыңылдап сүйлөй баштады,
Бар күчү менен үн салып:

— Ireттеn азыр тактайлы,
Оюн-шоокту баштайлы.
Чаң-тополоң чыгарбай,
Тартипти катуу сактайлы.

Күлүктөрдү минели,
Көк бөрүгө кирели!
Деген кезде карыя,
Калгандары сүрөдү.

Кумурскалар турабы,
Катары менен чубады.
Жерге түшкөн чымындын
Бир канаты улагы.

Күлүктөрдү чапкылап,
Аркы-терки тарткылап.
Жеткиргин деп марага
Бирин-бири шаштырат.

Коноктор карап турушат,
Күчтүүлөрү чыгышат.
Калдайган жашыл канатты,
Бир-бирине сунушат.

Жаш кумурска баратты,
Такымга басып канатты.
Бир тобу жетпей салпаңдап,
Артта калып адашты.

Жаш кумурска талбады,
Белин бекем байлады.

Көкбөрүнү марага,
Таштап, алды сыйлыкты.

Чымындар канат кагышты,
Көпөлөктөр жарышты.
Асман менен алыска
Бир топ жерге барышты.

Келгендин баары көрүштү,
Кайра учуп келишти.
Экинчи койгон сыйлыкты
Көпөлөккө беришти.

Буларга эч ким тийбеди,
Чегирткелер бийледи.
Арасында оюндун,
Аары күлүк сүйлөдү:

— Кумурсканын тоюнда,
Кангыла, достор, оюнга.
Көпчүлүктө тамаша,
Көрө берсең сопун да.

Куттуу болсун тоюңуз,
Аткарылсын оюңуз.
Тентеккул экен ханыбыз,
Аман-эсен болуңуз.

Өркүндөп жыргай бериңиз,
Ханышаңыз теңиңиз.
Неберелер көбөйүп,
Чөбүрөлөрдү көрүңүз.

Журтуңузда туруңуз,
Өсө берсин уулуңуз.

Той өткөрүп жыл сайын
Тамашаны куруңуз.

Аары сөзүн бүтүрүп,
Жаа турган экен күтүнүп,
Шыкаалап туруп атканда,
Жамбы түштү үзүлүп.

— Баарыбыз бирге бололу,
Балага ат коёлу.
Дасторкон толгон тамакка
Таарынбастан тоёлу.

Бактылуу болуп балаңыз,
Балтыр бешик караңыз.
Киргизет тампыс сунуштту,
Кандай атты табабыз.

Төмөнкү биздин ой болсун,
Эмгектенип зор болсун.
Баарыбызды гүлдөткөн,
Баланын аты Той болсун.

Туура деп алар жактырды,
Балага гүлдөн тактырды.
Бул атыбыз кандай деп,
Ханышасы шаштырды.

— Туура таптың, Той болсун,
Ишибиз дайым оң болсун.
Тампыска тартуу кылгыла
Ханыбыздын жоргосун.

Атасы да кубанып,
Сүйлөсө сөзү чыңалып.

Конокторго айтканын
Кошулуп биз да угалык.

— Баарыбыз тең дос болуп,
Токойдо ойноп жүрөлүк.
Эртели кеч эринбей,
Эмгекти дайым сүйөлүк.

Өксүбөй өнүп жыргайлык,
Токойдо, тоодо ырдайлык.
Бирибизди бирибиз
Качан болсо сыйлайлык!

Ордунан чыгып айткан сөз,
Тоюна той улапды.
Бийлеп-ырдап жыл сайын,
Кумурскалар кубанды.

## ЖОМОГУМА КУЛАК САЛ

Чымыны бар, дөөсү бар,
Аппагы бар, көөсү бар.
Тайлагы бар, пары бар.
Анда эмесе баштайын,
Айтканымды тактайын.
Абайлайын, шашпайын,
Баарыңар тынч олтуруп,
Жомогума кулак сал.

* * *

Тигил Алай тарапта,
Бир пенде жолдо баратса.
Уктап бирөө жатат дейт,
Түшкөнсүп түндө талашка.

Ар жагында үңүлүп,
Кол салсам дейт сүйүнүп.
Шилекейин агызып
Аңдыйт бөрү куйүгүп.

Кызарган эки көзүнөн,
Жырткычтыгы билинип.
Келе жаткан жолоочу
Карышкырга тигилип,
Уктап жаткан адамдын
Жанына жетти жүгүрүп.

Этек-жеңин тартса да,
Туруңуз деп жатса да.
Уйкусурап ойгонбойт
Байкуш пенде шашса да.

Уйкуга кеткен тереңдеп,
Эми гана элеңдеп.
Көзүн ачты көңүлсүз
Кынындагы шамшарын
Ала койду белендеп.

— Карышкырды көрдүңбү,
Өзүңдү аңдып жатканын?
— Бир эмес үчөө турбайбы,
Карачы тиги качканын.

— Чоң ыракмат өзүңө,
Чен тагамын төшүңө.
Алып калдың жанымды,
Көңүл бур айтар сөзүмө.

Бир куржун көзү акчам бар,
Билип үйдү тапсаң бар.

Тетиги тоонун оюнда
Чоң дарыя боюнда.

Ар жагында кызыл жар,
Бер жагында өскөн тал.
Сен болбосоң карышкыр,
Жемек эле өзүмдү.
Карга, кузгун калтырбай
Чокумак эле көзүмдү.
Дагы бир жолу айтамын
Угуп тургун сөзүмдү.
Өзүң жалгыз келбегин
Капырай жаман тердедим.
Ишенимдүү кишиңди
Ээрчите кел, эрте кел.
Узун өмүр жашагын,
Алыс кетсин атагың.
Балдарыңдын күнүн көр.
Жүзгө чыкпай өлбөгүн,
Кана бергин колуңду,
Арбытайын жолумду.
Кадырлап конок кылайын,
Даярданып турайын,
Тандап союп коюмду.

...Болгон ишти болгондой,
Ач курсагы тойгондой.
Айтты пенде үйүндө
Өзү койду сойгондой.
Ишеничтүү бир киши,
Өзүң менен келсин дейт.
Байлыгымды, урматты
Байкап бирге көрсүн дейт.
Кандай дейсиң, ойлочу.
— Жөн убара болбочу.

Өзүм кошо барайын,
Конок болуп кобурап
Мен да жыргап алайын.

Менден башка кимиң бар,
Мелтиребей тилими ал.
Кошо барса сен менен
Колуң кармап сүйгөн жар.

— Мейли эмесе болуптур,
Анда эртең жөнөдүк.
Чын кудайдын бергенин
Чындап чогуу көрөлүк.

* * *

Конок болуп аябай,
Тайраңдашып баладай.
Ичип жатты меймандар
Курсагына карабай.

Бир убакта үргүлөп,
Уктаганын билдирет.
Тамашалап үй ээси
Түркүн сөзгө күлдүрөт.

— Капкара экен кашыңыз,
Кундуз экен чачыңыз.
Мүмкүн болсо билсем дейм
Ким экен сиздин атыңыз.

Күлүмсүрөп: — Гүлайым,
— Жакшы ат экен жүр, жаным.
Байлыгымды бил, жаным.
Ички үйдү көрүңүз
Ишене бер, кир жаным.

Ушул сандык толтура,
Акча менен алтынга.
Сунушум бар угуп кой,
Өзүң билген кийимден
Сатып алгын, жаркылда.

— Түшүнбөдүм сөзүңө?
— Бери кара өзүмө.
Өмүр бою жакшылык
Көргөн эмес окшойсуң.
Гүлдөш керек жашчылык
Сүйкүмдүү сүйүү гүлүнөн
Терген эмес окшойсуң..

Чочубагын угуп тур:
Өмүр бою кор болуп.
Өз турмушуң тор болуп
Жүргөндөр бар турмушта.
Акча менен зор болуп
Акылдашып чоң болуп
Күлгөндөр бар турмушта.

Ушул эки турмуштун,
Ортосунда турасың.
Азыр айтам бир сөздү
Абайлайсың угасың.
Макул болсоң, өзүмө
Аялдыкка чыгасың.

Айтканыңды аткарам,
Өзүң менен шаттанам.
Менин ушул үйүмдү
Башка адамдар баспаган.
Баш бакпаган жатпаган.

Сүйүп калдым өзүңдү,
Уккум келет сөзүңдү.
Сиздей жаркын алтынга
Бүткүл элге мактанам.

— Менин тиги күйөөмчү?
— Күйөөң уктап жатпайбы.
Азырынча шашпайлы
Убада кылып, апт алып
Болгон ишти тактайлы.
Мындай менин сунушум,
Сунушу да курусун...

Уктап жатат күйөөңүз,
Курч бычакты аласыз.
Кекиртекке саясыз,
Калганын өзүм бүтүрөм,
Эч кимге жик билгизбейм
Анын баарын түшүнөм.

— Мейли,— деди баш ийип,
Бычак алды колуна.
Уктап жаткан күйөөсү
Келди эми оңуна.
Такаганда бычакты
Үйдүн ээси бакырды.

— Тура гой, байкуш пендем,
Кантип алып жүрөсүң —
Мындай жаман катынды?!
Ортоңку үйгө чакырды.

Алып калдым ажалдан,
Аз болсо тозок кетмексиң.
Бул дүйнөдө ак бойдон
Күн мурунтан өтмөксүң.

Менин дагы жанымды,
Алып калды азамат.
Сенин дагы жаныңды
Ак өлүмдөн тазалап.

Экөөбүздүкү тең болду,
Убадабыз жөн болду.
Албайсың го акчаны
Кыйкырганым эм болду.

Мен унчукпай койгондо,
Соёт эле катыныц.
Такыр эле жок беле
Аялыңдан жакының.

Аялы турат алайып,
Колупан түшкөн бычагы.
Кабагын бүркөйт карайып.
Көтөрүлгөн көңүлүн
Көрүнбөс кишен тушады.
Эч бир сөз ашык айта албай,
Сыртка чыкты жалтаңдай.
— Эмнеге эрип кеттим мен
Ээрчип келип шайтандай?

Ушинтип жомок аяктап,
Аялын пенде таяктап.
Үйлөрүнө келишти,
Кеткендей бирөө жолунан,
Акчасын алып карактап.

## БАКЫТ КУШУ

Эки коңшу жолугуп,
Кедей, байдан корунуп.
Сүйлө,— деди чоң курсак
Эмнегедир оолугуп.

— Сенден болсун сөз башы,
— А, мен болсо бир ташчы.
— Саландатып башыңды
Капасыңбы, чыныңды айтчы.

— Анын туура билдиң сен,
Кайгырбайын кантип мен.
Баштан бактым болбосо
Күлмөк белем күчөп мен.

Ачка жатат балдарым,
Күндө урушат алганым.
Же, бай коңшум өзүңдүн
Тийип койбойт жардамың.

Энтеп-сентеп тапканым,
Беш күнгө жетпейт, ачкамын.
Бир эчкибиз бар эле
Айла кетип саткамын.

Бакыт бар дейт издеймин,
Же изине түшпөймүн.
Байлыгына башканын
Көзүм түшөт, тиктеймин.

Көрбөйсүңбү, байларды,
Союп жешет тайларды.
Ээлеп алган ээлтеп
Мол түшүм берчү жайларды.

Менин болсо бактым жок,
Эптеп-септеп күн өтөт.
Минип алаар тактым жок
Он күн ачка, бир түн ток.

— Бакыт деген,— бул байлык,
Ичи толо чоң сандык.
Келе бербейт жөн эле
Амалын таап биз алдык.

Сен да тапкын амалды,
Бакыт болуу жаманбы.
Соксоңдобой соода кыл
Көрсөтпөстөн карааңды.

Кээ бирөөнү алдагын,
Кээ бирөөнү кармагын.
Антип оокат кылбасаң
Ачка калат балдарың.

— Алдай албайм бирөөнү,
Ала албаймын күпөөнү.
Жакпайт мага арамдык
Өткөрсөм да түлөөнү.

— Анда күпөөң өзүңдө,
Сүйлөп жаткан сөзүңдө.
Жыртык чапан, көйнөктү
Жакшы көрсөң, чечинбе.

Айткандай бир сөзүм бар,
Коңшумсуң го кулак сал.
Бир жакшылык кылайын
Өткүр болсоң кармап ал.

Көп байлардын ичи тар,
Дагы айтамын кулак сал.

Тиги шумкар тоосунда
Бакыт деген бир куш бар.

— Байлык,— бакыт дей албайм,
Байлык — сакчы дей албайм.
Өзүм эмгек кылбасам
Бир үзүм нан жей албайм.

— Ошол куш түшсө торуңа,
Бак-таалай келет колуңа.
Барктап элдер гүл чачат
Баскан сайын жолуңа.

Ал куштун бир ырымы,
Болбойт барган чыгымы.
Адилет болсоң жагасың
Адам болсоң чыныгы,—

Деп коюп бай жөнөдү,
Кедейдин эмне кереги.
Бактысы менен базарда
Алып сатаар себеби.

...Бакыт кушун алам деп,
Бакыт, байлык табам деп.
Шумкар тоодон куланып
Ар кыл майып болгон көп.

Ушул куштун артынан
Түшкөн экен алты хан.
Бирок колу жетпептир
Эки гана шартынан.

— Адилеттүү адамга,
Келет экен саламга.

Адилеттүү болбосоң
Ал куш түшпөйт арамга.

Чындык шарты ушул дейт,
Чын бакыттын кушу дейт.
Ачылуучу эшигин
Шумкар тоонун учу дейт.

Таяк алып колуна,
Кап, аркан байлап жонуна.
Шумкар тоого жөнөдү
Бактылуу адам болууга.

Шумкар тоонун аскасы,
Ким билсин, кимдин жашташы.
Куюлуп кетсе шагыл таш
Куш чокудан башкасы.

Акыл менен баспасаң,
Адашып арым таштасаң.
Акыретке кетесиң
Абайлабай аттасаң.

Этек, жеңин түрүнүп,
Тер кетип өзү күйүгүп.
Жарканаттай жармашат
Тал чыбыктай ийилип.

Кетпейин деп жаңылып,
Калбайын деп чалынып.
Чарчаганга карабай
Чалмалуу тоо багынып.

Тизелери сүрүлүп,
Эки колу тилинип.

Араң эле кыймылдап
Анда-санда илинип.

Төмөн жагы алыстап,
Чыккан сымак карыштап.
Жалама аска бетинде
Кандай эме жарышмак.

Күчүнө күч кошулуп,
Турса да жол тосулуп.
Кумурскадай тырмышып,
Булчуңдары созулуп.

Улам-улам өйдөлөп,
Укмуштай жөрмөлөп.
Бакыт деген шумдук го
Кандай эме тең келет.

Кудайдан жардам суранып,
Кайгырып, кээде кубанып.
Катуулап шамал шаштырып
Өзүнөн өзү сыналып.

Шумкар тоонун чокусу,
Болбосо экен кокусу.
Абайласа аз калды
Азайып жолдон тосушу.

Бул турмушка таарынып,
Бир кудайга жалынып.
Эптеп чыкты эзилип
Эл барбас тоого багынып.

Шумкардай эки чокусу,
Чакмак таш тийген топусу.

Тууралап жолду таппасаң
Турмуштун кыйын окуусу.

Күүгүм кирип, күн батты,
Көзгө сайса көрүнгүс.
Так чокуга түн катты,
Кайда жүрөт шум бакты.

Түн ортосу ай чыкты,
Күндөгүдөн жай чыкты.
«Байка, ажал жолунда» —
Деген гана сөздү укту.

Ага кедей болбоду,
Келечегин ойлоду.
Баштан өткөн турмушу
Бара бер деп колдоду.

Кезек келип таң атып,
Толгон жылдыз бүт батып.
Толкундаган жүрөгү
Турган сымак күч ташып.

Кайрат берип өзүнө
Далай иш түшүп эсине.
Маңдай жагын караса
Көрүнду үңкүр көзүнө.

Бакыт кушу ошондо,
Эми эч ким жок тосорго.
Бир үзүм нан болсочу
Күчүнө күч кошорго.

Кирип жутуп тишинин,
Курулдаган ичинин.

Кеткенине ким карайт
Кечээ кечке күчүнүн.

Турду ордунан зарыгып,
Жаратканга жалынып.
Үшкүрүнүп үңкүргө
Кирип барды камынып.

Көзгө сайса көрүнгүз,
Бакыт жоктой бөлүнгүз.
Амалын таап кирээрмин,
Адилеттүү болсом түз.

Арканын байлап урчукка,
Калбайын деп кырсыкка.
Бир учун кармап жөнөдү
Айтууга аны тил кыска.

Эптеп-септеп арылап,
Жетпөөчүдөй зарыгат.
Улам жылып унчукпай
Өз күчүнө жалынат.

Колу тийди бир кезде,
Котур таштай илмекке.
Айланасы караңгы
Кармалады билмекке.

Күчү кетип алсырап,
Тери тамат тамчылап.
Чарыктары айрылып
Таманынан кан чыгат.

Ага дагы карабай,
Ал кеткенин санабай.

Бак-таалайга жетсем дейт
Болсо дагы таламай.

Жан чыкса да чаңырып,
Кетээринде жыгылып.
Туш-тарабы жаркылдап,
Бир заматта кубулуп.

Көргөнүнө таң калып,
Аркан учун байланып.
Чечип кабын жонунан
Кушка карайт жайланып.

Канаттарын талпынган,
Конгон жери алтындан.
Жыпар жыттуу абасы
Орун алган салкындан.

Катар турган сандыктар,
Алтын, күмүш байлыктар.
Кымбат баалуу каухар таш
Көрсө мунун ичи тар.

Өзүнөн-өзү талашып,
Өз жолунан адашып.
Убара болмок уялбай
Ушунун баарын санашып.

Кедей байкуш тийген жок,
Жүрөк ооруп жүргөн жок.
Ал байлыктан алууну
Адилеттүүлүк сүйгөн жок.

Кушту салып кабына,
Өзү ишенип багына.

Кайта артына жөнөдү
Арманы ичтен арыла.

Келсе кайра үйүнө,
Кабагы ачык сүйүнө.
Ачууланып аялы
Алдында турат тигиле.

— Ачка кылып балдарды,
Ичип албай жарманы.
Кайда тентип жүрөсүң
Таштап коюп чарбаңды.

— Жөнү жоктон кыйкырба,
Жаткан жокмун уйкуда.
Уятым бар, урушпа
Кабак бүркөп чыртыйба.

Андап көрү көрүп ал,
Алкылдабай көңүл сал.
Баары болот жакында
Сенин дагы бактың бар.

Калдактап кабып ачканда,
Кушту кармап шашканда.
Күн тийгендей үй ичи
Жаркылдай түштү асман да.

— Мунуң эмне жарыктык.
— Кулак салып, сөзүмдү ук.
Бакыт кушун кармадым
Бакылдабай көрүп чык.

Капас жасап камыштан,
Көзү уялып жарыктан.

Бакыт кушун киргизди
Өзүнчө бир күйгөн шам.

— Таалай келет талыкпай,
Суудай сүзгөн балыктай.
Тегиз болот телегей,
Бир жумада камыкпай.

Бирок бакыт келген жок,
Эч ким акча берген жок.
Атын угуп бакыттын
Эч ким аны көргөн жок.

Эрте туруп аялы,
Ашкананы карады.
Оозго салар талкан жок,
Баягысы баягы.

— Бакыт эмес, бака жок,
Суу алууга чака жок.
Жалдырайсың жалынып
Жамбашыңа тийгенби ок.

Саткын бул кооз кушуңду,
Ачкадан балдар кысылды.
Карарып барат өзөгүм
Карачы оору кызыңды.

Байкачы өңү-түсүңдү,
Баса албай калдың күчүңдү.
Өлгөн турам өзөрүп
Өңүмбү, же түшүмбү.

— Сатууга болбойт бактыны,
Берүүгө болбойт жакшыны,

Алдабасак эч кимди,
Болобуз шашпа бактылуу.

Чындык болсун сөзүңдө,
Калп болбосун өзүңдө.
Бакыт келер ошондо
Жол бербесек кесирге.

— Аягы жок сөзүңдүн,
Акылың толук өзүңдүн.
Бак-таалайың келгенче
Жүрөк ооруп эзилдим.

Кыйналып жатат балдарың,
Жыты да жок жарманын.
Ачкадан өлүп калганча
Кереги эмне калганын.

Алып бар азыр кушуңду,
Аясаң оору кызыңды.
Ачууланып аялы
Жүрөгү ооруп кысылды.

Ханга, бийге керектир,
Кадырласа белектир.
Капасыңды көтөрүп,
Хан тагына барып кир.

Сөзгө көнүп күйөөсү,—
Ачка жатса бүлөөсү.
— Кадырман ханга сатайын
Болбостур мунун күнөөсү.

Бакыт кушу кымбаттыр,
Бекер баага турбастыр.

Мындай кушту алгандар
Өмүр бою жыргаптыр.

Барды хандын үйүнө,
Уруксат сурап кирүүгө.
Кыйкырат хандын жигити:
— Кете бер, кайра үйүңө.

— Айланайын, сөзүмдү ук,
Башканы укпай, өзүмдү ук.
Бакыт кушун кармадым
Алаар бекен сурап чык.

Алсыратпай айтып чык,
Алам десе кайтып чык.
Аткарылсын тилегиң
Алсызмын арман сөзүмдү ук.

— Келсин деди ханыбыз,
Бул жигит менен барыңыз.
Кирип чыккын өзүңүз
Мында калсын кабыңыз.

— Бакыт кушу кабымда,
Айланайын, сабырда.
Көрөсүңөр кирсеңер
Бул өзүнчө табылга.

Хан эшиги ачылып,
Салам айтып шашылып,
Кедей кабын көтөрүп
Кирип барды ашыгып.

— Бакыт кушун чын эле,
Баалап алып келдиңби?

Берейин деп ханыма
Каалап алып келдиңби?

Алдайын деп ханымды,
Азгырылып жүрбөгүн.
Суурул алам жаныңды
Шылдың кылып күлбөгүн.

Жооп айтуунуп ордунан,
Кабын ача калганда.
Куш көрүнүп капастан
Чагылгандай жанганда.

Жаркылдады үй ичи,
Укмуш кооз көрүнүп.
Күндөн күчтүү нурлары
Жаткан сымак төгүлүп.

Хан жаздыгын бетине,
Тосо калды калкалап.
Жан-жоокорлор көздөрүн
Жуумп алышты чалкалап.

— Жап кабыңды тезинен
Сокур болуп калбайлык.
Алоолонуп от жанып
Азыр эле жанбайлык.

Шашып кедей капасты
Жаба салды кап менен.
Өз ичинен күбүрөйт
Ушундайбы так деген.

Ханыбыз баш көтөрүп,
Жан-жокорлор жөтөлүп.

Айтып жаткан жомоктун
Аягына өтөлүк.

— Бакыт кушун сен өзүң
Издеп жүрүп таптыңбы?
Шумкар тоонун аскасын
Өзүң жалгыз ачтыңбы?

— Өзүм, ханым, бир өзүм,
— Азаматсың сен өзүң.
Анда алайын кушуңду,
Алың кетип жүдөпсүң.

Ашкан сыйлык аласың,
Айлыңды бүт багасың.
Максатыңды тилеген
Ушул жерден табасың.

Кытмыр күлүп, алакан
Эки, үч жолу чабылды.
Кирип келди баш кесээр
Кылычына камынды.

— Мындан кийин кедейлер,
Бакыт издеп жүрбөсүн.
Бакыт-таалай кайда экен
Эч кимиси билбесин.

Буга берээр сыйлыгым,
Сыртка алып баргыла.
Тозоктон бакыт издесин,
Башын кесип салгыла.

## БИР АМАЛЫН ТАБЫҢЫЗ

Эгин бышып, жер жайнап,
Чакыйып көктө күн кайнап.
Кара бүргөн, камгакты
Коктуларга жел айдап.

Дөбөнүн бери жагында,
Кулунбектин багында.
Атагы чыккан апенди
Илгертен кыргыз айлында.

Жатканы кара алачык,
Кайда барса жол ачык.
Сүйлөгөнү сүйкүмдүү,
Өзүнө сөзү жарашып.

Бир коюн багат күнүгө
Семирди деп сүйүнө.
Тилегени жакшылык,
Жамандык кылбай тирүүдө.

Жетим калган жашында,
Минип жүрөт качырга,
Акылман аке болсоң да,
Айтышам деп асылба.

Билгендей сынайт көргөндү,
Жактырбайт салган төлгөндү.
Көргөндү көзгө түз айткан,
Кылган иши жөндөмдүү.

* * *

Апендини көрүштү,
Бир топ жигит келишти.
Бир кишидей ийилип,
Бирдей салам беришти.

Жарышып баары сүйлөштү,
— Аксакал, мындай жүр — дешти,
Акыры эртең дүйнөнүн,
Алданбай бүгүн бил! — дешти.

— Акыр заман билиңиз,
Бүгүн ойноп күлүңүз.
Эгер сизге калп айтсак,
Өрттөнүп кетсин үйүбүз.

Чачылсын биздин малыбыз,
Чыгып кетсин жаныбыз.
Курсак ачты кулдурап,
Бир амалын табыңыз.

Жетелеген соолукту
Жерге кирсин союңуз.
Эртең дүйнө бүтөт дейт,
Этке бүгүн тоюңуз.

Асманда күн болбойт дейт,
Адамдан бир да койбойт дейт.
Топон суу каптап тоо жактан
Томпойтуп баарын сомдойт дейт.

— Андай болсо соёюн,
Ортого этин коёюн.
Силер менен бирге жеп,
Аябай бир тоёюн.

Күн ысып турат баргыла,
Сууга түшүп алгыла.
Бир күндүк өмүр калыптыр,
Бүгүн жыргап калгыла.

Коё берди качырды,
Кемеге да казылды.

Соолуктуп эти салынып,
Кара казан асылды.

«Оңой жерден кармадык,
Апендини алдадык.
Суугa түшө бергиле,
Курсакты эптеп майладык».

Суунун бою эң кызык,
Тийип турат күн ысык.
Салып жатат апенди,
Жиликтерди тең бузуп.

Көрүп баары сүйүндү,
Чечишип болгон кийимди.
Чабак уруп ойношуп,
Кум үстүндө жүгүрдү.

Бир убакта эт бышып,
Болду окуя бир кызык,
Кийимдердин бири жок,
Арасында ким бузук?

— Ким алды биздин кийимди,
Кантип көрөм үйүмдү...
Бой көтөргөн жигиттер,
Эми чындап түңүлдү.

— Акыр заман болот,— деп,—
Топон суугa толот,— деп
Баарыбызды калтырбай,
Жер бетинен жоёт,— деп

Өзүңөр мага айттыңар,
Койду сой деп шаштыңар.

Каткырып күлүп, ыр ырдап,
Кум үстүндө жаттыңар.

Түгөнүп калды куурайым,
Аны кимден сурайын.
Белен этти бышырбай,
Кантип карап турайын.

Чатак кылба балдарым,
Отун издеп барбадым.
Кийимдерди жакты элем,
Карачы кайнап калганын.

Көңүл калат айтпаса,
Күзгүдөй оюм таптаза.
Кереги эмне кийимдин
Топон суу эртең каптаса,

## КАНАТЫ СЫНГАН БАЛАПАН

Күз жамгыры себелеп,
Кыш кыйкырып келе элек.
Жалбырактар сары түз
Жаңы сүрөт төрөлөт.
Жалгыз гана сандык гүл
Жагалданат көгөрөт.
Шамалга да баш ийбейт
Жатса дагы жемелеп.
Кызыл саргыч гүлдөрү
Эбелектей тегерек.
Чоң түп арча дакдайып
Кыйынчылык көрө элек.

Ошол гүлдүн түбүндө,
Эски тешик ийинде.
Жашайт жалгыз балапан
Кармайын деп сүйүнбө.
Адресин билем деп
Алайын деп жүгүрбө.
Аркыл курт бар, дандан бар
Айланасы үлүлдө.
Даярдап берген энеси
Алыска кетээр түнүндө
Абайлап туруп кулак сал
Ал байкуштан түңүлбө.

Анда жалгыз калганы,
Эненин тийип жардамы.
Төшөк салып мамыктап
Баласы үчүн талбады.
Караңгы түндө кыймылсыз
Бул жерге тийбейт ай дагы.

Жалынса да жете албайт
Чоң жолдо жаткан чаң дагы.
Бул жерге аңдып келе албайт
Айылдын тентек балдары.
Күн сайын көрүп боору ачыйт
Күн шооласы таңдагы.

Камкордук көрүп энеси,
Чабалакей төрөсү.
Кетип жатып алыска
Жөжөсүнө кеңешти:
— Көз жашыңды агызба,
Жалгыз калдым дебечи.
Сынып калды канатың
Өзүм сүйгөн баламсың

Ушундай турмуш жемеси.
Уча турган жол алыс,
Чоң Памирдин белеси.
Чоң Тянь-Шань элеси.

Бир өзүңдү аядым,
Шору кыйын баланын.
Канатыңды өстүрчү
Дары кайдан табамын.
Эгерде өрт чыкпаса
Мышык уя бузбаса
Аткарылмак талабың.
Керилип жаткан күнү-түн
Кеч күзгө чейин карадым.
Тийгизбедим өзүңө
Уландын катуу шамалын
Уктай койчу жамалым.

Канаттарын жазды да,
Колтугунун астына
Балапаны баш ийип
Бир азга уктап жатты да,
Эмне кылсын энеси
Көздөн жашы акты да:
— Өлүп калсаң не болмок,
Тирүү жүргөн бакты да.
Эзилген эне жүрөгү
Баласы үчүн сакчы да.
Өз оозу менен жем берип
Алдына курттап чачты да:

— Кана эмесе балдарым,
Ичимде калды арманым.
Жалгыз калды жамалым
Жашымда көргөн ардагым...

Жакып калды кышкы суук
Айланайын болбо бук.
Колуңарды кармагын
Алгыла эми коштошуп.
Кетээрде учуп топтошуп,
Кудай берсин жардамын.
Биз келгенче эч жакка
Үйүңдө жат, барбагын.

Чегирткени тердик көп,
Үлүлдөргө салдык чөп.
Ачып калса курсагың
Ошолордон тандап жеп.
Сагынбагын сабыр кыл
Башкаларга болбо кеп.
Ызгаардуу суук кыш келсе
Чилде, токсон туш келсе
Уяң жылуу тапкын эп.
Айыгып калса канатың
Азыр жапжаш баласың
Абайлагын жаткын тек

— Ракмат апа сөзүңө,
Камкордук көргөн өзүмө.
Эркеледим эки күн
Башымды коюп төшүңө.
Убакыт болуп калды го
Узун жолго кетүүгө.
Жөнөгүлө баарыңар
Аман болсун жаныңар
Жаш жолотпо көзүңө.
Болду эмесе калдым мен
Балдарың менен учкун сен
Салып жүр мени эсиңе.

* * *

Алыска учуп туугандар,
Тирүү болсоң турмуш бар.
Кеч күз келди кечикпей
Аралаш жаады жамгыр, кар.
Саландаган сандык гүл,
Кезек келди болду чал.
Бирок гүлү түшкөн жок
Эч ким аны үзгөн жок
Өзөгү бышык сынбас тал
Сабактары көгөрүп
Тажысын чечпей өңөрүп
Алгандай кулун жаңы жал.

Жалгыз жатып жалдырап,
Сынган канат шалбырап.
Кээ күндөрү тоо жака
Араба өтөт калдырап.
Бүгүн эрте таң менен
Мингени тору аргымак,
Бир жигит өттү шаң менен
Тим эле жорго салдырат.
Коштоп алган аты бар,
Коён көздү таргыл ат
Эригип кеттим жалгыздык
Келсе экен энем таңды улап.

Күндөрдүм бир күнүндө,
Жатсам жалгыз ийинде.
Энеси берген жылуулук
Кетеле элек анын үйүндө.
Гүлгө тамды бир Тамчы
Сөзү бар анын тилинде.
Чабалакей балапан:

— Тамчы мени карасаң
Жалгыз жатам сүйүнбө.
Бир сөз айтып көңүл ач.
Жалгыз болсоң бери бас,
Башкаларга билинбе.

— Анда жылбай угуп тур,
Айта турган сөзүм бул.
Далай жолду бастым мен
Колуңдан келсе таасим кыл.
Чынында Тамчы эмесмин,
Билбеймин кимге керекмин.
Көгүлтүр көздүн жашымын,
Чабалекей энеден
Келе жаткан белекмин.
Өтө кыска өмүрүм
Буту-колум жок сенекмин..

Он беш күн өттү арадан,
Чабалакей чала жан.
Пароходдун үстүндө
Эки жатып караган.
Толкун күчөп токтобой.
Жүргүнчүлөр жадаган.
Чабалакей ыйлаптыр
Ошонун көз жашымын.
Ошондон учуп тарагам,
Сүйлөп жатты шамалга
Тил бүткөндөй адамга
Угуп алып калдым таң
Болбоюн деп учкан чаң.

— Шамал сынбайт канатың.
Алыска жетчү адатың.
Тоңдо балам бар эле

Бир учууга зар эле.
Ошол жакка барасың.
Берем келсең акыңды
Керегиңди аласың.
Балам турган калың бак
Аралап көрсөн арасын.
Абайласаң табасың.
Ийинде жашайт балапан
Байкап көрчү чамасын.

Ооруду дейт жүрөгүм,
Ашса дейт оюм, тилегим,
Жаз чыгаар менен барамын,
Жалгыз калды чүрөгүм.
Айла канча, ал канча
От боломун, күйөмүн.
Турмуш деген ушундай
Колдон кеткен кушундай.
Сагындым аны жүдөдүм,
Деп айткан сөзүн уктум да
Шамал менен учтум да
Ушул гүл болду түнөгүм.

Ооруп жаткан балапан,
Тумшугун сунду карасам.
Тамчынын сөзүн укту да
Эненин жашын жутту да
Денеси ысып арашан.
— Рахмат апа өзүңө,
Жаш тамган сүйкүм көзүңө.
Турмуштан чындык талашкан.
Ушул соз чыгып оозунан
Уктап калды мемиреп.
Түшүнө кирет көп ирет
Эненин күчүн карасаң.

## МАЗМУНУ

### СОҚ ТЕМИРДИ, ҚЫЗУУ ҚЕЗИНДЕ

Алтымыштагы пионер . . . . . . . . . . 5
Сок темирди, кызуу кезинде . . . . . . . . . 12
Сынаймын . . . . . . . . . . . . . . 13
Таржымалым . . . . . . . . . . . . . 14
Көз нурларым . . . . . . . . . . . . . 15
Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү . . . . . . 18
Кел, Жаңы жыл . . . . . . . . . . . . 18
Сүйүнөм . . . . . . . . . . . . . . 21
Ленин . . . . . . . . . . . . . . . 22
Октябрдын жылдызы . . . . . . . . . . 22
Кыргызыма карызмын . . . . . . . . . . 24
Көк жайык . . . . . . . . . . . . . 25
Кереметти жаратты . . . . . . . . . . 25
Ысык-Көлдүн боёгу . . . . . . . . . . 26
Жарык . . . . . . . . . . . . . . . 26
Мен болот эриттим мартенде . . . . . . . 28
Эсиме түштү . . . . . . . . . . . . 30
Гүлдөрдүн концерти . . . . . . . . . . 31
Акын менен жаз . . . . . . . . . . . 33
Миязды . . . . . . . . . . . . . . . 34
Жазчу ырларым . . . . . . . . . . . . 36
Кеч алдында . . . . . . . . . . . . 36
Талашканга бербедим . . . . . . . . . . 37
Ата бол . . . . . . . . . . . . . . 38
Эне колу, эне жолу . . . . . . . . . . 38
Кызыл кырман . . . . . . . . . . . . 40
Долондогу ак боз үй . . . . . . . . . 41
Сыймык . . . . . . . . . . . . . . 44
Партиям . . . . . . . . . . . . . . 44
Ош . . . . . . . . . . . . . . . . 45

Кызыл-Кыя . . . . . . . . . . . . . . 47
Оштун жазы . . . . . . . . . . . . 48
Жаштык . . . . . . . . . . . . . 49
Туруктуу . . . . . . . . . . . . 50
Менин дөбөм. . . . . . . . . . . . . 51
Ырлардан бермет тагамын . . . . . . . . 52
Туура-Кайың . . . . . . . . . . . 52
Ак-Суу . . . . . . . . . . . . . . 54
Ташкент . . . . . . . . . . . . 55
Нарын шаңы . . . . . . . . . . . . 56
Пейли кенен Жыламыш . . . . . . . . 58
Көздөр, көздөр . . . . . . . . . . 59
Жер тамыры . . . . . . . . . . . . 60
Күз . . . . . . . . . . . . . . 60
Жаштыгына таң калды . . . . . . . . 63
Ысык-Көлгө жаз келди . . . . . . . . 65
Биздин калпак . . . . . . . . . . . 66
Боз үй . . . . . . . . . . . . . 68
Менин үйүм алтын өрөөндө . . . . . . . 69
Түштүгүм . . . . . . . . . . . . 70
Кулунду . . . . . . . . . . . . . 73
Шаркыратма . . . . . . . . . . . 74
Саласпилс . . . . . . . . . . . . 75
Жердин куту . . . . . . . . . . . 81
Ыраазымын . . . . . . . . . . . 82
Козу-Баглан . . . . . . . . . . . 82
Нан . . . . . . . . . . . . . . 83
Мидинге . . . . . . . . . . . . 84
Тоо ташы . . . . . . . . . . . . 85
Түшүм тура . . . . . . . . . . . 86
Ысык-Көл симфониясы . . . . . . . . 88

БАЛА — МЕНИН ӨМҮРҮМ

Пионермин . . . . . . . . . . . . . 90
Кыргыз пионерлеринин маршы . . . . . . . 90
Кычан . . . . . . . . . . . . . 92
Жалында костёр, жалында . . . . . . . 93
Ленинге гүлдесте . . . . . . . . . . 94
Салют берем кубанып . . . . . . . . . 95
Ур барабан, тарт сурнай . . . . . . . . 96
Бала . . . . . . . . . . . . . . 97
Вожатый . . . . . . . . . . . . 97

Футболисттер . . . . . . . . . . . . . . 101
Кызыл жагоо . . . . . . . . . . . . . 103
Жүрүш маршы . . . . . . . . . . . . 104
Тынчтык ырын ырдайбыз . . . . . . . . . 105
Артекте . . . . . . . . . . . . . . . 106
Аюу-Даг . . . . . . . . . . . . . . 110
Костёр жакканда . . . . . . . . . . . 111
Дайым күйөт өчпөс от . . . . . . . . . 118
Унутпайбыз эч качан . . . . . . . . . 120
Өсө берсин биздин бак . . . . . . . . 127
Он тогузунчу май . . . . . . . . . . 129
Жүзүм тою . . . . . . . . . . . . . 130
Жаз . . . . . . . . . . . . . . . . 131
Кандай кызык көрүңүз . . . . . . . . . 132
Эртең менен . . . . . . . . . . . . 134
Сурма . . . . . . . . . . . . . . . 135
Мугалимим . . . . . . . . . . . . . 139
Чолпонбай . . . . . . . . . . . . . 140
Сагынганда атамды . . . . . . . . . . 141
Күндөлүк . . . . . . . . . . . . . . 144
Ошол күндөн ушул күнгө . . . . . . . . 145
Башкарманын баласы . . . . . . . . . . 146
Ысык-Көлдүн боюнда . . . . . . . . . . 148
Күтөт . . . . . . . . . . . . . . . 150
Мен сабактан калбадым . . . . . . . . . 151
Үсөн колун күйгүздү . . . . . . . . . 152
Апам менен . . . . . . . . . . . . . 153
Сөзүм бар . . . . . . . . . . . . . 154
Ким уктабайт . . . . . . . . . . . . 154
Селкинчек . . . . . . . . . . . . . 155
Биз балдарды койгойлу . . . . . . . . . 156
Кулун жабуу . . . . . . . . . . . . 158
Эки кыз . . . . . . . . . . . . . . 159
Небереспбиз Лениндин . . . . . . . . . 163
Менин апам . . . . . . . . . . . . . 164
Кызык экен кышкы оюн . . . . . . . . . 166
Кекилик . . . . . . . . . . . . . . 167
Суу келди . . . . . . . . . . . . . 168
Чеп алачык . . . . . . . . . . . . . 169
Бачик . . . . . . . . . . . . . . . 170
Күн карама . . . . . . . . . . . . . 171
Байчечекей . . . . . . . . . . . . . 172
Марска мектеп саламын . . . . . . . . . 173

Билбесбектин билгени . . . . . . . . . . . 173
Аппак кыз . . . . . . . . . . . . . . 175
Аяз ата . . . . . . . . . . . . . . 176
Гүлмиранын кызыгы . . . . . . . . . . . 177
Түшүм териш . . . . . . . . . . . . 179
Эки дос . . . . . . . . . . . . . . 180
Жерден чыккан булакмын . . . . . . . . . 181
Курман сымак жадатпа . . . . . . . . . . 182
Капуста менен кекире . . . . . . . . . . 183
Чабалакей менен таранчы . . . . . . . . . 184
Чанактардын майрамы . . . . . . . . . . 188
Досторумду сүйөмүн . . . . . . . . . . . 197
Балдар бакчасында . . . . . . . . . . . 198
Ал апама белегим . . . . . . . . . . . 202
Мактанганы эп экен . . . . . . . . . . . 203
Досубуз бар . . . . . . . . . . . . . 205
Менин эменим . . . . . . . . . . . . . 206
Сары кыз . . . . . . . . . . . . . . 207
Аты Сагын, таанып ал . . . . . . . . . . 208
Ар дайым жакшы тазалык . . . . . . . . . 210
Жаңы үйдө . . . . . . . . . . . . . . 211
Менин эки куурчагым . . . . . . . . . . 212
Мамалак кайда . . . . . . . . . . . . 212
Кур калды . . . . . . . . . . . . . . 213
Чалчык кылат ичимди . . . . . . . . . . 214
Уктап калган турбайбы . . . . . . . . . . 215
Бешикке бөлөп коёмун . . . . . . . . . . 215
Шылдың кылып күлбөйбү . . . . . . . . . 216
Беш жаштагы Турдукан . . . . . . . . . 217
Кимде айып? . . . . . . . . . . . . . 218
Төртүнчүдөн көчсө экен . . . . . . . . . . 219
Айырмасын өзүң бил . . . . . . . . . . . 220
Экидеги Ашым . . . . . . . . . . . . . 221
«Жеке менчик» . . . . . . . . . . . . 221
Билип ал . . . . . . . . . . . . . . 222
Ал эмненин күчүнөн . . . . . . . . . . . 225
Аюу минген бала . . . . . . . . . . . 226
Атайдын күчүгү . . . . . . . . . . . . 230
Колдон досум чыгарба . . . . . . . . . . 232
Аллиненин майрамы . . . . . . . . . . . 233
Жемиш тою . . . . . . . . . . . . . 238
Чыйырчык . . . . . . . . . . . . . . 243
Миллион гүл ачылса да . . . . . . . . . 244

Жаңы жыл алдында . . . . . . . . . . . . 245
Кыл көпүрө . . . . . . . . . . . . . . . 248
Айнаш менен Эрмек . . . . . . . . . . . 249
Керимдин командасы . . . . . . . . . . . 250
Биздин үйдүн баатыры . . . . . . . . . . 256
Түлкү менен кашкулак . . . . . . . . . . 258
Сыр табактын сынышы . . . . . . . . . . 262
Кожомкул менен сүйлөшкөндө . . . . . . . 268

## ПОЭМАЛАР, ЖОМОКТОР

Бала чагым . . . . . . . . . . . . . . 278
Бала-менин өмүрүм . . . . . . . . . . . 293
Сүт . . . . . . . . . . . . . . . . . 304
Өгүз (жомок . . . . . . . . . . . . . 309
Канча күлсөң жетет күн . . . . . . . . . 317
Кумурсканын жомогу . . . . . . . . . . 320
Жомогума кулак сал . . . . . . . . . . 331
Бакыт кушу . . . . . . . . . . . . . . 338
Бир амалын табыңыз . . . . . . . . . . 352
Канаты сынган балапан . . . . . . . . . 355

*Муса Джангазиев*

**ДЕТИ — МОЯ ЖИЗНЬ**

Избранные стихи, поэмы и сказки

На киргизском языке

Для детей среднего и старшего
школьного возраста

ИЗДАТЕЛЬСТВО «МЕКТЕП»

Редактору Д. Сулайманов.
Сүрөт редактору А. Байбөриев
Тех. редактору Т. Борисенко
Корректору Э. Маматкожоева

ИБ № 2054

Терүүгө 11. 08. 1980-ж. берилди. Басууга 29. 10. 1980-ж. кол коюлду. Д—01045
№ 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×90¹/₃₂. Жөнөкөй жаңы ариби.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. 11,5 физ. басма табак, +0,125 ф-ц. 13,45 шарттуу басма табак, +0,15 ф-ц. 15,01 учёттук басма табак. Нускасы 4000. Заказ № 322.
Баасы 1 сом.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

## *Урматтуу окурмандар!*

«Мектеп» басмасы 1981-жылы төмөнкү жыйнактарды кыргыз тилинде басып чыгарат:

Акаев Қ. **Майрам**

Бектуров Ж. **Жер менен күн ортосунда**

Кыдыров А. **Мээрим**

Садыков Ж. **Булак**

Бул китептерди «Қыргызкитеп» дүкөнүнөн алып окуп коюңуздарды өтүнөбүз!